С кырг
С 19

Улуттук Кайра Жаралуу идеясы

Муса Сапаев



# Адамзар

С кырг
С 19

*Улуттук кайра жаралуу идеясы*

**Муса Сапаев**

# *АДАМЗАР*

*Публицистикалык поэма*



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 470365

«Бийиктик»
Бишкек – 2007

ОТДЕЛ
ХРАНЕНИЯ ФОНДОВ

УДК 82- 821
ББК 84 Ки 7-4
С 19

*Сүрөтчүсү Р.Исаков, З.Калкабаев*

**Сапаев Муса.**
С 19 **Адамзар.** Публицистикалык поэма. – Б.: «Бийиктик», 2007. – 136 б.

ISBN 9967-23-426-1

Чыгармада далай ашкере мүшкүлдүү доорлордун кап-саландуу кырдаалдарын жеңип келген инсандык-улуттук асыл нарктуу сапаттарыбызды калыбына келтирип, заман-бап баалуулуктарга айкалыштыра өнүктүрүү аркылуу ай-кын ийгиликтердин жолуна түшүү менен дүйнөлүк арена-да өзүнө таандык бийик абройлуу орду бар чыгаан улут-тардын катарына кошулуу мүдөлөрү баяндалат.

«Улуттук Кайра Жаралуу» демилгесин алгачкылар-дан болуп көтөрүп келаткан публицист Муса Сапаев «Адам-зар» эпикалык поэмасында «Ыйман оту» (1990), «Улут-тук Кайра Жаралуу идеясы» (1995), «Улуттук Кайра Жа-ралуунун программасы» (1996) аттуу китептериндеги не-гизги -өзоктүк ойлорун көркөм чыгармага айландырган.

С 4702300100-06
ISBN 9967-23-426-1

УДК 82-821
ББК 84 Ки 7-4

© Сапаев М., 2007









# УЛУТТУК ЗАЛКАР МАКСАТ

*Кыргызга кызмат кылбасак*
*Туулбай туна чөгөлү,*
*Тирүү жүрбөй өлөлү!*

*Манас*

Бакыт, адам-инсандын жарык дүйнөгө жаралуусунун маани-манызы, өмүрдүн деми, жеништердин дымагы, тирүүлүктүн асылдыгы.

Бүтүндөй адамзаттын акыл-эс күткөндөн берки басып өткөн жолу сүйүү-мээримге бөлөнгөн адилеттүү жашоо, бактылуу турмуш үчүн жапакеш күрөштүн уйгу-туйгулуу тарыхы.

Таза аба, мөлтүр булактардын, кашкайган суулардын, берекелүү өрөөндөрдүн, Ысыккөл, Сонкөл, Сарычелек, Арсланбаптын, килем көрктүү жайлоолордун, ак мөңгүлүү Алатоонун мекени, бейиштей Кыргызстаныбызды улуттук кайсы касиеттерибизге таянып астейдил кастарлоого жетишип, чырайын чыгара көрктөндүрүп кеталабыз?

Ушул тарыхый тагдырыбызга насип болгон сөз жеткис сулуулуктун, нукура ырахаттын үзүрүн качан көрүп, качан бакыт-таалайга карк болобуз?

Деги эле эгемендүүлүктүн ажарын ачуучу ата мурастык ырыскы-дөөлөттөрүбүз, ийгиликке умтулуучу ышкы-көрөңгө, өзүн өзү таптоочулук, айбаттуу намыскөйлүк, жекече инсандык эрк ушу тапта кайсы курпат-даражада?

Азыркы «өксүкчүл» абалдан ишенимдүү сууруп чыгууга жарамдуу, өз ара терең түшүнүшүүдөгү жамааттык даанышмандык-коомдук турмушубуздун кандай көрүнүштөрү аркылуу өз дараметтүүлүгүн тастыктоодо?

Канткенде, өтмө катар чиеленген азыркы чалкеш замандын ар тараптан тооруй чалган айла-амал-

дарына моюн сунбай, майдаланбай-чайналбай Улуттук Улуулугубузду сактоо менен бирге, мекенибизди байманалуу өлкөгө айландырабыз?

Мына ушул уюл суроолорго айкын жооптор, кытыр иликтөөнүн негизинде иштелип чыккан «Улуттук Кайра Жаралуу (УКЖ) идеясы» аркылуу уюл бүтүндүктө аныкталары кайра куруу жылдарынан бери, бирде кызуу талкууга түшүп, бирде кайра солгундап, кантсе да унутулбай айтылып келет.

Кыргыз элинин «Улуттук Кайра Жаралуусунун» зарылдыгы жөнүндөгү маселе 1985-жылдын 23-апрелинде жарыяланган «СССРде кайра куруу жана маалымдуулук» саясатына таянып, совет доорунун буйруп-тескөөчүлүгүнөн буюгуп, өктөм басмырлоосунан упурап бараткан улуттук нарк-насилибизди калыбына келтирүү чакырыктарынан башталып, 1987-жылдан Кыргыз мамлекетинин «Улуттук Кайра Жаралуу идеясын» иштеп чыгып, программалык негизде кабыл алып, ишке ашыра баштоо керек деген олуттуу демилгеге айланган.

Мисалы, мен ошол жылы жазган «Бурганактуу ойлор» аттуу макаламда (Оболу Кыргыз радиосу аркылуу берилип, андан соң «Жаштык жарчысы» гезитинде жарык көрүп, «Ыйман оту» («Кыргызстан» басмасы, 1990-жыл, 127-бет) аттуу публицистикалык топтомума киргизилген) бул асыл максаттын алгачкы кадамдары катары мындай маселени учурдун күн тартибине койгон элем:

«Ар бир революциянын мүнөзүн аныктаган урааны болгон, кайра куруу революциясынын урааны «өзүндөн башта», демек, үстөл кучактаган кайсы бир «чиновниктен» көп деле жакшылык күтө берүүнүн кажети жок. Тез арада шаардык, айылдык интеллигенциянын «Баарлашуу клубун» уюштуруп, анын илимий-техникалык, маданий-адабий, өндүрүштүк-экономикалык, айыл чарба секцияларын уюштуруп, иш-планын түзүп, алгылыктуу идеяларды талдоого алып, акылды ортого салып, шыктууирдүүлөрдү алга сүрөп, колдоп, коомдук аң-сезимди өнүктүрүү мектебине айландырып, жаңыча ой жүгүр-



түүнү турмушка ашырууга белсене киришүү учурдун талабы.

Токтогул, Акталаа, Алай, Манас, Жетөгүз райондорун улуттук салттын аймагы деп жарыялап, улуттук типтеги жеке жана коомдук курулуштарды көбөйтүп, улуттук кийимдин моделин кеңири жайылтып, улуттук салт-каада, майрамдарды, улуттук оюндардын спартакиадасын өткөрүү менен улуттук дөөлөттөрүбүздү пропагандалоону баштасак. Тээ, алыскы райондордон бери карай кыргыздар жашап келген аймактардын этнографиялык жагдайын терең изилдеп, кандай өзгөрүүлөргө кабылганын аныктасак, союздук республикаларда, чет өлкөлөрдө жашаган кыргыздар тууралуу алардын социалдык-маданий абалын сүрөттөгөн адабий китептерди чыгарууну колго алсак. Кыргыз советтик энциклопедиясынын Кыргыз ССРи томдугун мезгилдин талабына ылайыктап кайрадан иштеп чыгып, ага улуттук салт-каада, үрп-адат, улуттук кийим, улуттук мүнөз, улуттук оюндар деген бөлүмдөрдү киргизсек...»

Убакыт өтүп атты. Көп кечиктирбей эгемендүүлүк да колубузга тийди. Эркиндиктин дымагы канат байлап ээ-жаа бербеген кыялданууга айланып «Улуттук Кайра Жаралуу идеясы» үмүттөрдүн демине сугарылып, жакын арада эле жетип баруучу жаркын турмуштун шам чырагындай бүлбүлдөй баштады. А бирок, тилекке каршы, жандүйнөгө бүлүк салган бул күүлүү дымак, жетимиш жыл тырмап жүрүп, күкүмдөп жыйнаган орток мүлктү тезирээк тоноп калууга жутунган азоолонгон ачкөздүктү далдалоо жан алакетиндеги азгырык убада, кунарсыз демагогиянын таштуу жээгине урунуп, ыймандептик айнуулардан сактоочу бийик нарктуу ата мурастык асыл капиталдарыбыз биринен сала экинчиси урап баратты. Атамзамандан келаткан кут-дөөлөттөрүбүз – ак ниеттүүлүк, адамгерчилик, ыймандуулук, калыстык, каниет-топук, кайрымдуулук, таза эмгек таарипилигинен ажырап, анын ордун арам ниетте алака түзүү, уурдоо-тоноо, талкалоосатуу, жемкордук, зөөкүрдүк, ырайымсыздык, кор-

рупциялык илекордук «пайдалуу пейил» болуп чыга келди да, улуттук кудуретибизди алсырата баштады.

Ушундай убаймалуу көрүнүштөрдөн улам, улуттук асылзаада данектен өнүп-жетилген, жүрөгүндө каарман касиеттүү улуттук сезим удургуган, уюштуруучулук аракетинде улуттук мүдөөлөрдүн деми соккон, олуялык дымактагы «Улуттук лидерди» таптоо, тандоо жана татыктуу ордуна жеткирүү озуйпасын аркалоону «улуттук жоопкерчиликке» айландырбай көздөгөн максатыбыз онунан чыкпасы айдан ачык болду. Буга байланыштуу «Улуттук Кайра Жаралуу идеясы» аттуу китебимде, (Бишкек, «Кыргызстан» басмасы, 1995-жыл, 81-бет) «Идея жана лидер» темасында бул зарылчылыкты кеңири талдап келип, мындай тыянак менен жыйынтыктаган болучумун:

«Кызыр даарыган» тубаса лидер көпчүлүккө түшүнүксүз купуя жолдор менен кетет. Кимдир бирөөлөрдүн баскан жолу, айткан кеңеши канчалык «көзгө ысык көрүнүп» турса да азгырылбай конкреттүү темирдей бекем логиканын жолу менен кетет. Татаал жагдайда, арийне тунгуюктуу баш катырма кырдаалдарда такыр күтүлбөгөн жолдорду табат да, дасыккан чыгармачылыктын үлгүсүн көрсөтүү менен абалдан чыгып кетет. Лидердеги негизги өзгөчө касиет – сезүү аркылуу болор натыйжаны алдын-ала баамдап туруу. Лидердеги дагы бир ардактуу өзгөчөлүк өз элинин кулк-мүнөзүн, жаны багытты кабыл алуу дараметин, кесиптик потенциалын, кыскасы, менталитетин ашкере жатка билгендик, ошол билермандык касиет аркылуу «Улуттук Кайра Жаралуунун» сан мүшкүлдүү, бирок ардактуу жолунда «буюктурма бороон-чапкындарга» карабай ишенимдүү жана кебелбес кеменгердей куттуу келечекке карай жол баштап баратышында!»

Кыргызстан «рынок экономикасы» эрежелерин кабыл алган демократиялык багытта өнүгүү жолуна түшкөн өлкө болгондуктан убакыттын алгалашы менен «Улуттук идеяны» ишенимдүү турмушка



ашырууда ишкерлер тобуна, бизнес-лидерге да элдик зор үмүт артылары табигый мыйзамченемдүүлүк экендиги дааналана баштады. Буга байланыштуу «Өзүнө ишен» аттуу китебимде (Ош. Облбасмаканасы, 2000-жыл, 20-бет) «Үч асыл касиетти: патриоттук дух жана бай рухий дүйнөнү, мол киреше табууга жөндөмдүүлүккө айкалыштыра билген айкын максаттуу азамат ишкерлердин калың тобу өз элинин көксогөн мүдөөсүн бийик туудай көкөлөтүп реалдуу куттуу даражага жеткирет» деген үмүттөндүргөн ойду ортого салган элем.

Кыскасы, «Биз ким элек, ким болуп калдык?», чылгыйланып бараткан ашмалтай абалдан арылуу үчүн «Улуттук идеология керекпи?», керек болсо «Улуттук Кайра Жаралуу идеясы» кандай мааниде жазылат, эмне максат-аракеттерди камтыйт, кандай кырдаалды түзүп, кайсы чараларды колго алуу менен ишке ашат деген темада далай ой толгоолор ортого салынды, талкуулар, айтегерек столдор уюштурулду, сунуштар киргизилди, УКЖ идеясын ишке ашыруу вазипасын аркалоону көздөгөн коомдук уюмдар, партиялар түзүлдү, программалар иштелип, макалалар жазылып, китептер, брошюра, буклеттер жарык көрдү.

Ошол кездеги Премьер-министр А. Жумагуловдун атайын буйругу менен 1995-жылдын май айында «Улуттук идеологияны» даярдоочу идеологиялык комиссия түзүлгөндүгүнө байланыштуу «Республика» гезити (6-июнь, 1995-жыл): **«Эгерде, бул документ иштелип чыгып кабыл алынса анда Конституция, Герб, Желек, Гимн сыяктуу мааниге ээ болот»**, – деп жазып чыкты. Андан кийин мамлекеттик деңгээлдеги бир катар идеологиялык программалар да жарыяланды.

Ошентип, «Улуттук идеянын» асыл түйшүгүн аркалоо боюнча жыйырма жылдык турмуш тажрыйбабыз мынабу жагдайларды ачыкка чыгарды:

**Биринчиден,** кыйла жылдардан бери маалымат каражаттарында, жыйын-чогулуштарда улуттук

идея жана идеология жөнүндө ар түркүн, ал эмес карама-каршылыктуу ой-толгоолор, пикирлер, сунуштар айтылып, аныктамалар берилүүсүнүн аркасында, кыргыз элинин улуттук кайра жаралуусунун деми менен бакубат мамлекетти куруу үчүн зарыл болгон шарт-жагдайлардын алкагы, негизинен, айкындалды.

**Экинчиден,** ал эми улутка угут болуучу идеяларды жайылтууга арналган, сейрек боло калган жыйын-чогулуштар, адатта, кайталанма насааттар, кургак чакырыктар менен өтүп, утурумдук, супсак, шашылыш иш чара деңгээлинен көтөрүлө албай келет. Ушундан улам, элибизди ынандырып, акыл-эсине орноп, жандүйнөсүнө жуурулуша албай, «баалуу ойлор» кагаз бетинде калып кетүүдө.

**Үчүнчүдөн,** идеялардын талкуусу, идеялардын конкурсу, идеялардын биржасын уюштуруу, көкүрөктө бышып жетилген идеяларды тактап, кыймылга келтирүүчү, «бийик интеллектуалдардын», интеллигенциянын өкүлдөрүнүн активдүү баарлашуудагы, туруктуу аракеттеги «акылгөйлөр клубун» түзүү сыяктуу баалуу демилгелер далай ирет башталган менен тыянагы чыкпай ара жолдо унутулуусу өнөкөткө айланды.

**Төртүнчүдөн,** арийне, улуттун уюткусу, эне тилдин, ата-салттын, генетикалык байлыктын алтын казынасы айылдык жарандарыбыз аталган мадаиий жана руханий маалыматтардан, иш чараларынан оолак калууда. Ал эми мындай мүдөөнү турмушка ашырууга багышталган финансылык каражаттар майнапсыз чачылып-таланып кетүүдө.

**Бешинчиден,** деги эле элибиз, алдын ала кытырдаярданып, бир жайга чогулуп, коллективдүү, конструктивдүү, асыл-нарктуу акыл калчоону, же тикелей айтсак, жамаатташып тажрыйба топтоп туңгуюктан жол табуунун азыркы жөрөлгөлөрүн үйрөнө элек, буга көнүгө элек.

Өлкө ыймандык, экономикалык, экологиялык, генетикалык терең кризиске батып, ар тараптан тооруй чалган капсаланга кептелип, тарыхый насибабыз – ата мурастык дөөлөттөрүбүз чүнчүп, чөгүп, кургуйдун алааматына кулоосу улам коркунучтуу болуп бараткан маалда сезим-туйгусу чыйрак, залалдан зарылды, өгөйдөн өздү так ажыратууга акылназары жеткилен, нукуралык уюткусу өнүм берүүгө жарамдуу, жүрөгүндө улуттук куттун жанары жанган ар бир кыргызда тынчсыздануу, бушайман болуу жана эмне кылсак деген түйшөлүү түйшүгү жаралбай койбойт.

Анүстүнө, «Ааламдашуу» аттуу «ажыдаар» майда улуттарды «эки чайнап, бир бүркөм» деп тургары, бул какшаал реалдуулуктун кара сөлөкөтүн ого бетер калдайтууда.

«Улуттук Кайра Жаралуунун» өткүр зарылдыгы жөнүндө сөз боло баштагандан берки жыйырма жылдык аракет-натыйжаларды талдап көрүп, мындан аркы чама-чаркыбызга көз чаптырсак анда, «Улуттук идея» качан болбосун, кайсы жайда, кандай шартта, кайсы маалда болбосун пайдаланууга «дайым даяр» көркөм чыгарма түрүндө гана ар бир инсан менен «жекече иштешүү аркылуу» жандүйнөсүнө жуурулушуп, тамыр жайып, биз көздөгөн мүдөөнү кыйла кенен аркалай алары баамдалып олтурат, деги эле кыргыздар дастандар менен, санат, терме, насаат ырлар менен тарбия-таалим алып келгенин өткөн тарыхыбыздан билебиз.

Ошентип, элибиз ички саясий тирештен, бөлүнүүчүлүктөн, орток пикирди ойрондогон аламан пикирлердин өмгөктөөсүнөн, кытмыр кызыкчылыктардын тарткылоосунан жашоосу да, жандүйнөсү да жакырланып, улуттук куттуу касиеттери төгүлүп-чачылып, өзүн таанып бай мүнкүрөп турган маалда жандүйнөбүздө ныксырай уктап бараткан тубаса наркнасилибизди сергектенте ойготуу менен тан эртелей улуттук нукка буруучу эргүү-шык жаратып, ынтымак-ырашкердикке, ыйман-адепке умтулдуруп бирдиктүү аракетке данакер болуучу:

***«Кыргызстан, Улуттук дөөлөттүү бакубат өлкөгө айланат»*** деген жалпы чакырыктын алдында, мен тараптан сунуш кылынган

***«Улуттук идея» мына булар:***

1. Инсандын жарык дүйнөгө жаралуусунун тактайлык мааниси: ар бир инсан бул вазипаны айкын жана ачык түшүнүү менен тирүүлүк алдындагы өз жоопкерчилигин аркалабай кандайдыр бир идеяны колдоп чыгышы күмөн.

2. Кыргыз элин улут катары калыптандырган адамзаттык тарых алдындагы жекече жоопкерчилигибиз. Ата-бабадан өтмө-катар мурасталган улуу байлыгыбыз – тилибизди, дилибизди, ыйман-рухту, салт-кааданы жана ушул кут белгилерди аздектөө жана заманбап нукта байытуу, күрдөөлдүү өнүгүүгө натыйжалуу пайдалануу вазипасы.

3. Кыргыз жергесинин, жаратылышынын жер шарынын башка аймактарында кездешпеген ар түрдүүлүгү. Мына ушул уникалдуу түркүн боёктуу асыл кереметти кастарлоо жана урпактар үчүн, жалпы адамзат үчүн сактоо, көрктөндүрүү жоопкерчилиги.

4. «Улуттук асыл үлүш» идеясы, же болбосо Кыргызстанды мекендеген ар бир инсандын улуттук касиеттерди жайылтуудагы жана азыркы ыймандык-рухий керен абалдан алып чыгуудагы конкреттүү жеке үлүшүн кошуу вазипасы.

5. Ар бир айылда, шаарда, аймакта, өлкөдө таза абийирдүү, заманбап түшүнүгү терең, көрөсөн акыл-эстүү, бийик абройго каныккан «даанышмандар» каадасын калыбына келтирүү маселеси.

6. Демократиялык жөрөлгөлөрдө жалпы элдик, жамааттык ариет-намыстуу, акыл-эстүү аракетти нарк-насилдүү даражага көтөрүү.

7. Интеллигенциянын жоопкерчилиги жана мекенчилдик маселеси.

8. Сырттандар (лидер) идеясы. Алардын эл жана Мекен алдындагы жоопкерчилигинин бийиктиги, тазалыгы.



9. Жетимиш жыл жыйган «Улуттук мүлктү» эмгеги сиңбей, нукура наркын төлөбөй, арзандан бекер менчиктеп алгандардын, шүгүрчүлүк менен тообого жанып, ыйман-топукка келиши жана тиешелүү «Улуттук зекетти» учурунда «УКЖ коруна» ыйгарып туруу маселеси.

10. Келишүүчүлүк пейилдерден арылуу. Жалпы улуттук коррупцияга каршы туруу аң-сезимин бекем калыптандыруу.

11. Улуттук дымак маселеси, ар бир жаран өзүнө улуттук көз караштан баа берип, улуттук баалуулуктарды бекем карманып, үй-бүлөлүк тарбияда, башка бардык жагдайларда улуттук сезимди колдон чыгарбай тын, баамчыл, принципиалдуу маанайда активдүү аракетте болуусу.

Ушуга байланыштуу сабак болор айкын мисалды келтире кетүү орундуу болуп туру: 1990-жылдын 20-мартында «Асаба» улуттук кайра жаралуу коомдук уюму түзүлүп, ошол эле жылдын аягында партия болуп уюштурулат. Ал эми 1991-жылдын ноябрь айында «Асаба» «Улуттук Кайра Жаралуу» партиясынын биринчи курултайы болуп, анда кыргыз элин бакубат элдердин катарына теңөө озуйпасын көздөп, улуттук асыл-нарктуу дөөлөттөрдү жандандырууга салым кошуу чакырыгы менен жыйындын катышуучулары жаамы кыргыз калкына мындай өтүнүчтө кайрылышат:

«Ар бир улуттун, ар бир адамдын көп адамдар арасында сыяктуу эле бул ааламдагы улуттардын арасында өзүнүн акыл тагдыры, ырыскысы, татар тузу, көрөр кубанычы болот. Кыргыздын тарыхын барактап көрсөк, байыртадан бери тырышып, өз тагдыры менен алышып, башка улуттардын арасында элин, жерин, эркиндигин, ыйманын коргоп келе жаткан өткүр эл экен. Мына эми дагы бир сыноо биздин алдыбызда – базар экономикасы өзүнүн байыртадан келе жаткан башкалар үчүн көнүмүш болуп калган, а биз үчүн табышмак да, коркунуч-

туу да болуп турган, алгачкы кездеринде боор ооруу-
ну билбеген, ыйманды көзгө илбеген, бул дүйнөдө
байлык менен бийликти гана сүйгөн өзүнүн объек-
тивдүү законддору менен турат.

Бул сыноодон татыктуу өтүп кете алабызбы?
Эгерде СИЗДЕР жогоруда биз айткан чакырыктар-
га кошулуп, ошол айтылган ойлорду чын жүрөгүнөр-
дөн кабыл алып бизге жардам берсениздер, биз СИЗ-
ДЕР үчүн «каруум казык, башым токмок» дегендей
колдон келеринче иштеп берер элек.

Мына ошондо биз жогоруда айткан ойлор орун-
далып, эркин Кыргыз мамлекети өзүнүн Сиздер сы-
яктуу улуту үчүн жүрөгү ачышып, боору толгонгон
инсандары менен улуттардын дүйнөлүк көчүндө өзү-
бүздүн кылган эмгегибизге татыктуу ордубузду ээлер
элек.

Эркин, көз каранды эмес Кыргыз мамлекети үчүн!
Кыргыз улутунун келечек бактысы, гүлдөшү үчүн!
Өткөн ата-бабалар, азыркы жалпы жаштар,
келечектеги урпактар үчүн!
Оо-о-мий-ин!»

Ана-мына дегенче арадан он алты жыл өтүп кет-
ти. Бул «ашкере тездиктер», чапчан кыймылдар за-
манында кыйла өзгөрүүлөрдү жаратып салуучу са-
лабаттуу убакыт. Эми өзүңүз калыс болунуз – за-
мандаш: ушул жана ушуга үндөш далай чын жүрөк-
төн чыккан кайрылууларды ким укту да, кимдин
жүрөгүнө жетти? Кимибиз илберинки илип алып,
жашоо философиябызга айланттык?

Ал түгүл мындай далай, «чечкиндүү кайрылуу-
нун авторлору» кийин, акырындап суз көнүлдүккө
алдырып, «жеке кызыкчылыктын, мансаптын төтө
жолуна» түшүп кетишкени төгүнбү?

Он алты жыл ийгилик үчүн аздык кылганы ме-
нен он кылымга тете жоготууларга ашык-машыгы
менен жетти.

Коомчулугубуз –аз сандагы атуулдарды кошпо-
гондо дээрлик басымдуу көпчүлүгүбүз, күнүмдүк-



утурумдук «көр түйшүккө» ашкере баш от менен
кирип кетип, ал эми «Улуттук стратегиялык» мак-
саттарга салкын мамиле кылып, мунун айынан,
далай оорчулуктарды женип келген улуттук сапат-
тардан ажыроонун күбөсү жана күнөкөрү болуп ат-
канын баамдабай туру!

Арийне, азыркы жаштарыбыздын, улутсуз-ый-
мансыз карөзгөйлүктүн ташбоор жүрүм-турумун
агрессивдүү тануулаган массалуу маданияттын сырт-
кы – самопал жалтырагына өзүн оной алдыруудан
жашоо-турмушка болгон көз караштары маанызсыз
болуп, тарыхый асыл баалуулуктарыбызды жатык-
тыралбай, ата мурастык уюткусунан ажырап бара-
тышы да бушайман кылбай койбойт.

Анустүнө: «Алдынкы көч кайда барса, арткы көч
да ошого барат», – дейт эмеспи элибизде. «Кыргыз-
дын элитасы» аталып, массалуу маалымат каражат-
тарында байма-бай өзгөчө «рейтингде» сыпатталып
келаткан жоон топтун «улуттук дөөлөт, нарктуу-
лук» багытындагы коомго (ал эмес үй-бүлөсүнө) өр-
нөкчүлдүк, тарбиялык таасирдеги дарамети такыр
эле тайкы болуп атышы да ойго салып олтурат!?
Анткени «Элита» теориясынын авторлорунун бири
– философ Ортеги-И-Гассет: «Элита, бул өзүнүн ин-
теллектуалдык жана моралдык сапаттары менен
массадан айкын айырмаланган, алда канча бийик
турган, ошондуктан коомдун абалы үчүн жогорку
жоопкерчиликти өзүнө алган личность», – деп анык-
тама берет.

Демек, «Адамды туруктуу өнүктүрүү боюнча»
Улуттук стратегия, «Кыргызстан адам укугу өлкөсү»
Улуттук стратегия, «Комплекстүү өнүгүүнүн негиз-
дери» Улуттук стратегиясы сыяктуу олуттуу демил-
гелерди көтөрүп, маалымат каражаттарында эзме-
лей талкуулап, өйдөлөй албагандан тажап – уну-
туп, чайналып-кыйналуулардан улам кайра жаңы-
ланган идея сунуштап, а бирок купулга толор на-
тыйжага айландыра албаган көп сөздүүлүктүн сор-
мо сазына очорула бербей, канчалык каардуу болсо
да чындыкка жалтактабай тике карап, эгемендүүлүк

алып келген мүмкүнчүлүктү, демократиялык жагдай-шарттарды таамай пайдаланып, Улуттук Кайра Жаралуу жолуна так, даана жана айкын өжөрдүктө түшпөсөк анда өз убалыбыз өзүбүзгө!!!

Анда, тээ алыскы жылдарды мындай кой, жакынкы эле келечекте улуттук тагдырыбыз жан ачытар кейиштүү болорун – жеке кызыкчылыгын улут кызыкчылыгынан жогору койгон мансапкорлор гана чанып жатпаса – дээрлик көпчүлүгүбүздү терен ойлонтуп, азыркы ашмалтайлуу абалдан ишенимдүү суурулуп чыгуунун жолун издетип, сарсанаага салып туру...

Улут кимдир бирөөнүн ыкласы же ыктыяры менен калыптанбайт. Улутту тарыхый зарылдык кырдаалга төп келген эне тили, өзгөчө маданияты, өнүгүсү менен калыптандырып мекенге эгедер кылат.

Кыргыз өзүнүн тили, ак калпагы, боз үйү, комузу, кыягы, чоору, каада-салты, улуттук майрамдары, улуттук оюндары, тоосуна жарашкан көчмөндүк маданияты менен дүйнө элдери үчүн кызыктуу, таррипилүү, кадырлуу.

Кыргыз эли айтылган тарыхый бийик баймаларлардын баарына толук эгедер болуп туруп, акыры барып жоюлуп кетет турбайбызбы дегендей таризденип улутсузданууга, жамачы тилдүүлүккө жол коюшубуздун өзү, көроокат ташбишине чайналган бытырандылыктын көрүнүшү, тарыхый жоопкерчиликти көтөралбагандык.

Бул «кут белгилерден» ажыраган кыргыз, адатта алсызга кайрылуучу «Ай, байкуш!» дегендей бүшүркөй жактырбоонун түрткүнчүгүндө калат, бытырайтчачылат, ачык болбосо да басмырланууну жон териси менен сезүүгө аргасыз болот. Демек, улут өзүн сактоо жана өнүктүрүү үчүн тарых алдында жоопкер.

Андыктан азыркы тапта, өлкөнүн ар бир атуулунун «Улуттук Кайра Жаралуу идеябызды» окуп-үйрөнүп, талдап, жатыктырып, өз жашоосуна бекем жуурулуштуруу менен көпчүлүккө даарытуусу кем, жекече, инсандык жоопкерчилиги, «Улут-боюнча














ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ № 470365



ОТДЕЛ ХРАНЕНИЯ ФОНДОВ

тук сырттандарыбызды» калыптандыруу, көзөмөлдөө жана саясий-экономикалык аренага алып чыгуудагы жамааттык жоопкерчилиги да өтө актуалдуу маселеге айланып олтурат.

Нацистик Германиянын анабашы Адолф Гитлер Советтер Союзуна кол салуудан бир нече жыл илгери эле өзүнүн «Майн Кампф» (Менин философиям) аттуу эмгегинде (Бул китеп өтө жашыруун документ катары көпкө дейре көпчүлүккө белгисиз болгон. Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин гана ачыкка чыккан.) минтип жазган: «Кенен орус мейкиндигин, адыңкы өлкө курууга жөндөмсүз, инсандык потенциялы төмөн славян улуттары ээлеген. Ошондуктан алар таза кандуу, ак сөөк эл немистердин жетекке алышына муктаж».

Мындан улам азыркы кезге бир аз ракурс жасайлычы: 2006-жылдын этегинде, Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер институтунун (МГИМО) окумуштуулар тобу, «Азыркы кездин саясий атласы» деген темадагы изилдөөсүн, БУУга мүчө 192 мамлекеттин мамлекеттүүлүк рейтингин жарыялады («Дело №», 17-янв. 2007-ж). Мына ушул изилдөөдө Кыргызстанга 191 орун ыйгарылып (Ооганистандан кийин, Чад мамлекетинен алдыда) «Кыргызстан өз алдынча жашап кетүүгө жана өнүгүүгө жөндөмсүз өлкө» деген аныктама берилген. Албетте, бул ачуу бүтүмгө макул болбогон ойлор да айтылды.

А бирок ушундай эле, «тиги же бул мамлекетке кошула коёлу» деген капитулянттык пикирди өзүбүздүн эле, жанагы «Элита» тизмесинен түшпөй келаткандар айтып жүрбөйбү.

Же болбосо, Дүйнөлүк банк менен Эл аралык валюта фонду тарабынан сунуш кылынган, тышкы карызга белчесинен баткан кедей өлкөлөрдүн берекесин четтен башкаруу, кийирүү аркылуу кутулдуруунун программасына – «ХИПКке» кирүүнү Кыргызстанга сунуш кылганда, журтчулугубуз биз африкалыктар сыяктуу анчалык эле өзүн эптей албай калган элдерден эмеспиз, бул эгемендүүлүктүн жоголуусуна алып келет деп катуу намыстанды. Улуттук ариет-намыстын козголушу, албетте, сыймыктуу көрүнүш, а бирок мындай ардануу куру намысчылдыкка эмес, улуттун өз дарман-дараметине толук ишенүүсүнө негизделиши абзел.



Андыктан, «ата мурастык байманалардын баалуулугуна», улуттук кудуреттин дымагына шек келтирген мындай тенсинбей кемсинткен жагдайлардан бийик болуунун бир эле жолу бар – ал кыргыз элинин «Улуттук Кайра Жаралуусу»!

Ал эми бул «Залкар озуйпанын» өтөөсүнө чыгуу, улуттук Улуу Нукуралыкты сагынуудан, тарыхый кырдаалдагы жоопкерчиликтен келип чыккан, ар бирибиздин мойнубузга тагылган ыйык милдет болуп олтурат!

*10–15-февраль, 2007-жыл, Ош.*

**Пикир алмашуу боюнча дарек:**
**723505. Ош ш., ОС. Почта – 7.**
**Электрондук почта: E-mail: Sapaev@rambler.ru**



**Улуттук Кайра Жаралуу идеясы**

# Адамзар

*(Публицистикалык поэма)*

Залкар максат эргүү берип көңүлгө,
Эртели-кеч эш болсун деп өмүргө.
Ушу Сизге каалап жаздым чыгарма
Бакыт – жыргал,
демек, ыйман жөнүндө.





**Биринчи бөлүк**

## БАКТЫЛУУ БОЛ, ООМАЛ-ТӨКМӨЛ ДҮЙНӨДӨ

I

### БҮТ ААЛАМДЫН БЕРМЕТИ

Күн, Ай, Жылдыз жаратылыш келбети,
Тирүүлүктү бапестеген жер бети.
Акыл-эсти даназалоо үчүн го,
Демек, адам бүт ааламдын бермети!

Демек, адам бакыт үчүн жаралган,
Бөлөнүүгө мээрим жанган жамалга.
Бакча, мектеп, Ак үй, курорт,
компьютер
Бакыт баркын көкөлөтчү жасалга.

Жарык дүйнө! Жашоо жүгүн артындык,
Жандүйнөдө канга синген айкындык.
Бакыт издөө тирүүлүктүн тиреги,
Бирде жетсек, бирде жетпей чарпылдык!

Адамга парз оо дүйнөгө бармагы,
Таттуу маанай өмүрүндүн каймагы.
Бакыт болсо алтын шакек колдогу,
Жыргал ага кадап койгон каухары.



II

## БАКТЫЛУУЛУК
## БАКЫТ ҮЧҮН КҮРӨШТӨ

Ойчул жанбыз байкап, талдап баалаган,
Күжүлдөгөн күүлүү турмуш айланан.
Кайнап жатат казанында жашоонун,
Жарык дүйнө зор шириндик арбаган.

Күйгөн чырак, жагылган от өмүрүн,
Мерчемин туй, карма ыңгай өнүтүн.
Өттү далай, эсте калаар эмнең бар?
Башкы байлык ырахаттуу көңүлүн.

Кылчактабайт, өтөт айлар, жылдар да,
Эмгек, маек, азап-тозок, жыргал да.
Ишеничтүү өжөрдүктөн тайбагын,
Ийгиликке ийгилик кош, жыл алга!

Бактылуу бол! Бактылуу бол, бактылуу!
Күнү-түнү жаңырыктай айтылуу.
Демек, өмүр кайталангыс болгон соң,
Балбылдаган бакыттарга акылуу.

Акылуусуң, жаралгансың бакытка,
Жандүйнөңдүн байлыгына балкыткан.
Миң кылымдык акыл-эстин мүдөөсү,
Бакыт баалуу жакут, алмаз, алтындан.

Бактылуу бол, жырга, кууна жаша, – дейт,
Ден соолукта жеткин жүз он жашка, – дейт.
Жагымдуу сөз жан эргитет, бирок да
Эстүү күрөш болмоюнча баш бербейт.

Бул дүйнөгө бакыт издеп келебиз,
Бакыт самап балбылдайт жан-денебиз.
Арзуу шыгы толкуп-ташыйт кыялда,
Жетүү тилек, буйдалабыз неге биз?!



Бүтпөс ташбиш, убай-чубай уланат,
Чымырканууу, жаның жиптей буралат.
Эргүү, мээнет, талбай чыноо акылды,
Шонтип бакыт күрөштөрдөн куралат.

Бакыт үчүн азаптарга барышат,
Талаа кезет, кечүүлөрдө карышат.
Казып чыгат ийне менен кудукту,
Үзөңгүлөр үзүлгөнчө жарышат.

Ашуу ашат, түнт токойду аралайт,
Токсон түрдүү тоскоолдорго карабайт.
Алдамчыдай арасаттын абалы,
Эрки бошту тагдыр өзү жазалайт.

Умтулуудан болбосо да үзгүлтүк,
Көкүрөктү өкүт ээлеп үшкүрдүк.
Жолдуу болбой... Бирок андан чыйралдык,
Жеңилүүдөн жеңиш жолун түшүндүк.

Бакыт үчүн керек тура мыктылык,
Далай талдоо – башты кармап мыкчыдык.
Алышуудан алакандар жооруду,
Кайыш өтүк таманынан жыртылып.

Бакыт деген кереметтүү таңсыктык,
Талашуудан кер-мур дагы айтыштык.
Бетти сыйрып, өттүк кытмыр айлага; –
Баштан өттү далай эле байкуштук.

Жашоо дейбиз кадырына жарабай,
Куру кыял айыкпаган жарадай,
Ойлор кечке: турмуш көйгөй узун сөз,
Көөдөндө бош, ички бугун тарабай.

Изденүү жок. Актануулар, ак уруп,
Жалкоо жүрүш– өткөн күнгө магурук.
Тагдырыңды салып берсең агымга
аласалуу. Улам абал шалтурук.

Арналса да асыл максат, ой кенен,
Тагдыр кетет татаал чыйыр жол менен.
Керек тура каалоо эмес башкаруу,
Кышты тегиз кынагандай кол менен.

Ошол бакыт бийик болот баарынан,
Ал анткени мээнет нуру даарыган.
Эмгек менен таттуу мүрөк шербети,
Бакыт даамы тер ширеген даамынан.

Акыл-эске коргошундай уюган,
Жетүү ниет, адам тынбай умтулган.
Көз караштын түпкүрүнө камтылган,
Жүрөктөрдүн кагышынан угулган.

Оо билген жан! Койчу мага табыштап!
Бакыт кушу кайда түнөйт –табышмак!
Бакыт үчүн бардык акыл бириксе,
Тирүүлүктүн бейишинен табышсак!

III

## БАКЫТ КӨРКҮ ЖЫРГАЛДА

Окшош күндөр жетелешкен, топтошкон,
Кайталанма ташбиштери окшошкон.
Көкүрөктө кайнап чыкты кусалык,
Жашоо шыгы жыргал рухун ойготкон!

Оролушат окуялар түшүндөй,
Иштер бүтпөй, жыйнай элек түшүмдөй.
Сая түштүк көр тирликтин артынан,
Бул дүйнөгө неге келдик түшүнбөй.

Ач көзүңдү! Ойлон, силкин, карачы!
Ыраактоодо балалыктын арасы.
Жыргал жарчы, сагындырган эртенкин,
Көңүл жарык – учкул кыял арачы.



Кубаналы, шаттаналы, күлөлү,
Кубанычты тартуулоону билели.
Жолукканда жоодуроого жүз чайка,
Таза сезим тирүүлүктүн тилеги.

Иште, жолдо, тиричиликте, уйкунда,
Кубанычтуу маанай турсун ууртунда.
Эрме чөлдө, абакта да издемей,
Тирүүлүктүн табигаты ушунда.

Адамдарга барга-жокко карабай,
Нандай, суудай, оттой, ырдай, абадай
Өтө зарыл маанай шамы – кубануу
Жыргап алуу, ички буктан арылмай.

Бул тирүүлүк эргүү менен көркүндө,
Илхам бийлеп, бакыт мухит – көл дүйнө.
Талбай жеткен ийгиликтин белеги,
Ырахаттын айдынында көлкүлдө!

Мазе күндөр өмүрүндүн тиреги,
Турмушундуң ай чырайлуу чүрөгү.
Жагдай издөө көтөрүүгө көнүлдү,
Ага жетүү ар адамдын тилеги.

А бирок да мөртү келбей канча убак
Чыдам кетип, мен өзүмдү камчылап...
Көкүрөктө кусалануу, көздө жаш,
Сагынычтын сарсанаасы тамчылап.

Энсөөлөрүм катмарлана жыйналды,
Чакырыгы дем-күч берчү ырлардын.
Куткуп чыкты курпаттарды катылуу
Жашап келем изин кууп жыргалдын.

Жарык дүйнө, коногунду сыйлагын,
Башкадан кый, бирок мындан кыйбагын.
Ач койнунду айпарандуу береке,
Тирүүлүктүн көркү, шандуу ыргагы!

Жашообузду аздектейли кечикпей,
Жыргай билүү болсун бизге кесиптей.
Бешигине бөлө кушкер ырахат,
Тагдыр буйруп насип кылган кешиктей.

Серүүн издеп катаал турмуш каарынан,
Таткым келет тандан жыргал наарынан.
Энсөө деми эргүү берип чыйралтып,
Сергек эмгек санаалардан арылган.

Жыргал келди! Женилдедим-түшүндүм,
Сүрү качты түгөнбөгөн түйшүктүн.
Кыш чилдеси, көнүлүмдө саратан,
Табы таттуу ысыктын да, үшүктүн.

Ийгиликтен оомат үзүр болгондой
Толкун келди, октос берип ойноктой.
Катмарланган каалоолорго төп келип,
Жарашты го шуру-бермет мончоктой.

Кумар жазуу ышкысына берилдим,
Ашык жарды сүйгөн сымал эринден.
Көнүл көктө! Жанып жашоо жылдызы,
Кыт куйгандай орнойт эске көз ирмем.

Жырга, ойно, шапар тепкин, жыргай бер.
Кууна, ырда, гүлдөй ачыл – бойду кер.
Сууга чөмүл, кумга оона, сайранда.
Кыял тулпар! А сен ага саяпкер!

Тойдон-сыйга, кече, майрам дембе-дем,
Түрлүү тамак, оюн ойго келбеген.
Сыяпатта шаттык каптап алаамат
Таттуу кыял толкунунда термелем.

Зоболомсун, жыргал туудай көкөлө,
Толкуп-ташы үйдө, сыртта – көчөдө.
Сайран шаңы делебемди козгой бер,
Азаптардан бөлүп турган көшөгө!



Куштай кайкып жыргалчылык күндөрүм,
Алып учат, шаттык канат күүлөнүп.
Көнүл көктө, көкүрөктү каптап нур
Үр чырайлуу мээрин төгөт түрлөнүп.

Чар-тарабым сулуулукка курчалып,
Сур булуттай тарап кетти кусалык.
Бах чиркин оой! Баркы артып жашоонун,
Тирүүлүктү сүйүүм барат күч алып!

Бүт жандүйнөм өтмө катар чылана,
Сезим жалын, серелене – чынала!
Эргүү каптап, бир ажайып кубануу
Тагдырыма тартуу болгон шыбага!

Куунак кездер таттуу кыял канаты,
Ырахатка карк болдум го, карачы!
Мына бейиш! Жадыраган камбаркан,
Ташбиш шору бул учурга жамачы!

Оргуп чыгып орноп калган кыялдай
Жыргал мени, мен жыргалды кыялбай.
Сереп салам кен асманга кыйырсыз,
Учкан кушту атып түшөр кыраандай.

Жыргал издөө окшош тулпар тандоого,
Чебердикте чылбырга жет «жандоого».
Асыл мүдөө бойдон калса каалоолор,
Анда жашоо арбай согуу – жан соога.

Сурамжылап жакындан да, алыстан,
Жыргал сырын билген менен таанышсам.
Шыктандырса, жетүү жолун үйрөтсө,
Ошол устат, ошол анык даанышман.

Карап көрчү! Алыштын сен – арыдын,
Кечөө эле жапжаш элен карыдын.
Назар сала өткөн изге кылчайсан,
Баамдайсың жаркын кездер жарыгын.

Бул тирүүлүк кулу болсун көңүлдүн,
Ырахаттын ышкысына чөмүлгүн!
Аруу ойду айландырып тагдырга,
Жыргал менен ажатын ач өмүрдүн!

Жыргал жанар – болбойт салмак, ченеми,
Дымак үчүн баа жетпеген кереги.
Өмүрүндү түбөлүктөй сездирген,
Тунгуюктан чыгаруунун чебери.

Кыялдарды ишке ашырган өжөрдөй,
Жыргал сырын өздөштүрсөк өнөрдөй.
Көкөлөсүн кушбак маанай кумары,
Көнүл өссүн, жашоо куту көөнөрбөй.

VI

## ЖЫРГАЛ КАЙДА?

Жандүйнөмдөн келет назик арзуулар,
Аткаралбай мен өзүмө карыздар –
Ойго батуу, кыялдануу, иликтөө,
Жолду издөө чер жазууну камсыздар.

Жыргал эмне? Көкөлөтүү көнүлдү,
Барктай билүү, баалай билүү өмүрдү.
Шыкка бүлөө акыл-эсти жигердүү,
Чексиз сүйүү табигатты, өзүндү.

Жыргал – тынщоо дарыянын шоокумун,
Булбул үнүн, жээк, көлдүн толкунун.
Жан эргитет жалбыз жыты, гүл жыты,
Кубулушка кумарлана толкугун!

Күн күркүрөп чачырады чагылган,
Жаратылыш жаңыланды жаандан.
Сыдырым жел, булут көчү, бейпилдик,
Ырахаттан жабыгуулар жазылган.



Күүсүн чалса шылдыр булак туптунук,
Тоонун суусу толкуйт шандуу булкунуп.
Жайлоо-жайыт жайылган мал жарашкан,
Бетегеси сыдырымга кулпуруп.

Улар сырттан «уйт» деп кайкыйт көкөлөп,
Талаа бети, учат сансыз көпөлөк.
Тоонун койнун ээлеп илбирс, текелер,
Токой, чердин көркүн ачат коёнек.

Бакыт көрүү жөргөмүштүн желесин,
Бака чардап, жарганаттын элесин.
Торгой ырдап, кекиликтер сайрашат,
Аюу жатат күнгө кактап денесин.

Ушул нерсе дайым турсун оюнда,
Улуу мурас – ката турган коюнга:
Таза аба, жаратылыш пакиза
Болду таңсык бүткүл дүйнө боюнча!

Жыргал жашайт Алатоонун койнунда
Мөлтүр суулар, күмүш булак боюнда.
Жайлоолордо боз үй көркө келтирген
Ысыккөлүм – моокум канар сонун да!

Кыргыз жери кереметтүү өзгө жер,
Таза аба, тунук суулар жазат чер.
Дараларын Колорадо-каньен!
Таң калтырган табигатын кеменгер!

Сүзүп жүрөт «денизинде» кемеси!
Ысык өрөөн Африканын элеси.
Моңгулорун Түндүк уюл. Алатоо
Гималайдын көчүрмөсү эмеспи!

Ак чокулуу кырка тоолор керилип,
Кудай берген байлык, ырыс-кешигим.
Жайлуу уям! Ыйман даарып, кут конгон,
Бейиш төрү! Бакыт-жыргал бешигим.

Алма, жүзүм, мисте, жаңгак дагы бар.
Бүркүт, илбирс; булбул, үкү жаныбар!
Дары чөптөр, гүлдүү белес тукаба
Колдон кетсе бүт адамзат таарынар!

Изде! Тапкын кымыздыктуу жылганы,
Шибер көрпө, килем көрктүү туланы.
Көңүл көктө, көкүрөктө ырахат!
Өмүр өтүп баратканын туябы?

Жыргал түнөйт шибер жыттуу жайлоодо,
Ат кишинеп, кулун турса байлоодо.
Маек курсаң ай жылдыздын астында,
Аскиянын уюткусу байкоолор!

Маанай деми, жандүйнөгө чырмалган,
Олтурушта, биз чечишкен сырларда.
Куюлушкан элдик таамай сөздөрдө,
Накыл кепте, төкмө санат ырларда.

Бир түйүнгө байлангандай чексиздик,
Жайлоо куту жадыраган бейпилдик.
Жашоо таттуу, кандай сонун тирүүлүк,
Эргүү менен канат күүлөйт эркиндик.

Кыргызымдын ата салты жыргал да!
Улут деми, көрөңгөсү жыйналган.
Бакыт сындуу боз үй, кийим, ак калпак!
Эңиш, күрөш, терме – көңүл чыйралган.

Анык жыргал тоо арасы, аңчылык;
Уудан кайтсаң шыралганы артынып.





Убай-чубай мергенчилик маектер,
Көңүл эргийт турсаң дагы жанчылып.

Чоң ырахат балык уулоо – кайырмак,
Ал күндөргө оюм далай кайрылат.
Суунун бою, арча чогу, аския,
Бул мазеден кантип тагдыр айрылат!?

Көңүл кушу кыл чокудан табылат,
Эр жүрөктүү шамдагайга багынат.
Оо Жараткан! Кырсыктардан сактай көр,
Тобокелден жыргал тапсын – багын ач.

Тар капчыгай, сырдуу үңкүр, аскалар,
Менин бактым Ак чокудан башталар.
Күмүш булак, шаркыратма, жашыл төр,
Кадырыңа жеталбасам жаш тамар!

Маршруттар кызыктырат, саматат,
Даярдануу, сапар тартуу – саякат.
Таанышуулар, таасирленүү, талдоолор,
Ышкың артат, кумарыңды тарат.

Анаң болсо, жан жолдошуң – сыр шерик,
Тамаша сөз, таамай ойлор дем берип.
Жуурулушса мүнөз-пейил, жандүйнөң,
Ошол күндөр бүт өмүргө эстелик.

Шаңдуу маанай жолугушкан жайларда,
Каттaшуулар биз сагынган майрам да.
Түшүнүшсөң, айкалышса кыялдар,
Ачык-айрым ой бөлүшүп сайранда.

Тагдыр – насип. Бир мыктыга кезиккем,
Жыргап турдум кынап айткан кебинен.
Ача билген көңүл сырын адамдын,
Сый-урматты кайдасына келтирген!

Кайда болсун жыргал деми ынтымак.
Эстүү инсан бек сактоого умтулат.

Мээр төгө, жандилинден баарлаш,
Ынтымакта көңүл багы кулпурат.

Шайыр адам бир өзгөчө-башкача,
Сөзү күлкү , жаш кошулат жашка да.
Ойлор менен омоктуу да, кызыктуу
Шаттыктардын майрамына баштаса.

Жыргал издеп жан үрөгөн бир пенде,
Айтам муну билбегенге –билгенге.
Жакшынакай жыргал кече-тойлордо,
Кымча белди кыса тарткан бийлерде.

Жыргал сыры, сүйгөн жардын койнунда.
Кош алмада, жыпар жыттуу мойнунда.
Кылыгында, кымбат, сүйкүм сөзүндө,
Кайра-кайра канбай калган моокумда.

Жуурулушкун алмашып да, телмешип
Оттуу сезим ырахаттуу терметип.
Чексиз бакыт махабатта мазелүү,
Бүт денеден кумар жыттуу тер кетип.

Ээ жаа бербей эч бирөөнү туурабай,
Зиркилдешчи аша кирген буурадай!
Катмарланган каалоолорду кандырды,
Кайталангыс кызык чыккан бул айгай.

Нурун төккөн жыргал жайга кабылуу
Керек, мүрөк чөйчөгүнө малынуу.
Каалоо ушу; болбош керек аламан,
Болуш керек таза, таттуу, маанилүү.

Жыргал, демек, мелмилдеген ырахат,
Жандүйнөндү жабыркоодон ыратат.
Билсен сырын бийик нарктуу жыргалдын,
Тан беремин, чын пейилден ырахмат!

Илен-салан ташбиш жанды жүдөткөн,
Жыргал эмес эптеп-септеп күн өткөн.



Жыргал, демек, сыйга бөлөө көнүлдү
Жашоо балын соруу соккон мүнөттөн.

Жыргал деген, өмүрүнө сулуулук,
Көнүлдөргө өзгөчө нур – жылуулук.
Арзуу айтар али дагы көп ирет,
«Көздү кыса» миң түрлөнүп, кубулуп!

Таттуулугу тан бергизген мейиздей,
Келсин күндөр, берекелүү бейиштей.
Алтын кезди көкөлөтө кастарла,
Күрөш менен колго кирген жеништей.

V

## ҮЙ-БҮЛӨ БАКЫТ ТИРЕГИ

Махабаттан эки тагдыр чырмалды,
Ынтымакта ырыс бөлөйт жылдарды.
Өз ара сый, жапаакештик жаратат,
Бакыт менен ширелишкен жыргалды.

Бакыт кайда, жандүйнөндө өзүндө,
Тиричиликтин куту жанган төрүндө;
Турмуш өтөө өзгөчө бир кунт менен,
Жылуу сүйлө, тегин жерден төгүлбө.

Бүлө түзүү талант дагы, акыл да,
Ата салтын аздектөөлөр айрыкча.
Божураша баарлашуу, масилет,
Чогуу чечкен сырдан көнүл ачылса.



Анык бакыт тарбиялоо баланы,
Элдик адам, келсе кемел-бараалы.
Ийгилигин нуска болсо мураска,
Муундарга анын өмүр баяны.

Бакыт куту өз үйүндөн башталар,
Тууган, достор, сүйгөн жарын, балан бар.
Жашайлычы ынтымакты жыргал деп,
Конгон дөөлөт, төрүн бейиш – АДАМЗАР!

Баштан өтөт ысык-суук, эзилүү,
Бул жашоодон тоё жадоо, сезилүү.
Куту жанган кубанычка айланат
Бир жыргалдын «уясына» кезигүү.

VI

## АНЫК БАКЫТ ИШЕНИМДҮҮ ЖАШООДО

Бакыт эмне? Катташуулар, мамиле.
Дос, туугандар, коллегалар – баары эле.
Чын ыкылас, жакшы мүнөз жайдары,
Кембагалы, тынчыкмасы, бай деле.

Мына бакыт, өттү учур жабыгар,
Өздөштүргөн өнөрүн бар, кесип бар.
Бул турмуштан тапкан ордун омоктуу,
Себептер жок сен бирөөгө зарыгар.

Максат менен жашайт адам баласы!
Бакыт издөө «күн өттүдөн» арачы.
Эрктүү эмгек тирүүлүктүн мааниси
Ар бир жениш жашоондун канаты.

Кандай сонун! Сен өзүнө ыраазы,
Көнүлдөгү көйгөй ойлор ырады.
Тиричилик – зарыл жагдай жаралды,
Токпейилде толкуйт жашоо ыргагы.



Эртең менен ишке жөнөө сагынып,
Артып барат күндө кошкон салымын.
Ойдогудай өсүш болду ошол күн.
Сагынычта үйгө кайттын камынып.

Бакыт оту – өмүрлүк жар-жолдошун,
Эриш-аркак, бирин бири колдосун!
Бир бүтүндүн эки жагы эки жар
Ынтымакта, анда дангыр жолдосун.

Накта бакыт, сен жакшылар ичинде,
Көмөктөшүү эртели да, кечинде.
Бирге болуу жакшылыкта, жаманда
Мүдүрүлтпөйт мүнкүрөгөн кезинде.

Эн чон бакыт өмүргө эш дос табуу,
Досун тирек, кенеш, акыл, жол табуу.
Алып чыгат арсар, оор учурдан,
Бекем достук, ишенимдер, кубануу.

Анан эми, башкы бакыт ден соолук,
Жүүнү боштук, жүдөмүштөн коргойлу.
Учурунда убакыт тап, кам көргүн,
Жанга жабыр, башка түйшүк болбойлу.

Бакыт эмне? Жайлуу сезүү өзүндү,
Өмүр сүрүү ишенимдүү, көнүлдүү.
Үйүн уя, жумуш ордун сүйкүмдүү,
Демек, бакыт турмуш болуп көрүндү.

VII

## УЛГАЮУНУН ЫРАХАТЫ ӨЗГӨЧӨ

Өмүр өтмүш – улгаюуга бүгүлбө!
Жадырасын шаттык нуру жүзүндө.
Барбалактай балын таткын эмгектин
Жазында да, жайында да, күзүндө.

Карылыктын ооматында кубат бар,
Орошон ой, зээндүүнү кубантар.
Жарпты жазар жаркын кездүү маектер,
Алымсынбас асыл таттуу кыялдар!

Көнүл ачуу мөртү келсе гүлдөп ал.
Таамай насаат, накыл кепти сүйлөп ал.
Тойго келип олтурганча ойлонуп,
Балдарына акыл айтып үйдө кал.

Дуулаганга алын барда жыргап ал,
Көөдөнүнө көнүл отун жыйнап ал.
Чайканада, маарakeде, маекте
Шиңгил-шиңгил газалдардан ырдап ал.

Кадырына жеткен менен дос болгун,
Дүнгүрөгүн арасында достордун.
Көнүл оту жалындаса шул дары,
Ушул жетет, кереги жок доктордун.

Бийлегенге курпат барда бийлегин,
Алакан чап, көрсөт көнүл ийкемин.
Баштан олбур окуялар өтсө да,
Топуракка торко болот билгенин.

Каалайм Сизге, көнүлүнө шык консун.
Акыл даана, аракетин төп болсун.
Улгаюунун үзүрүн көр, жашына
Куп жарашкан куунак күндөр көп болсун.

Аткан таңдын балдай даамын таталы,
Кубанычтын кумарына баталы.
Көнүл самап, умтулабыз шаттыкка,
Сайрандоодо бул дүйнөнүн атагы!



VIII

## БАКЫТ, БАЛКИМ, ЖАШООДОБУ ОБОЧО

Бул турмушта түрдүү адам мүнөзү,
Сыр шериги жандүйнөсү, бир өзү.
Бакыт тапкан көптөн оолак жашоодон,
Жолукканда тан бересин, билесин.

Ыклас койсо өз тагдырын бурушка,
Андай жанды сындаба да, урушпа.
Демек, туура алса мындан ырахат
Колду шилтеп кокую көп турмушка.

Купуялуу мүнөзүндө сыр бардыр?
Чындыгында
жалгыздык бир жыргалдыр?
Жандүйнөсү күтүп жатат, а балким,
Жуурулушкан жакшылыктуу жылдарды.

Көнүл кушу сүйгөн жайды таба алган,
Алыс тоодон, үнкүрдөн же аралдан.
Оолак болуу тазалыктын шарты дейт,
Бир калааты ишенимде жаралган.

Тан бересин, издеп барсаң-таанышсаң.
Пакизалык мүдөөсүнө даарышкан.
Ороп алган таптаза ой ооматы,
Жазданганы жалгыз төшөк камыштан.

Керек эмес кунары пас көп жыргал.
Керек ага көнүлүнө төп жыргал.
Тартуулаган аруу сезим, тазалык,
Кубанычтуу кубат болгон көп жылдар.

IX

## КЕЛЧИ, МАГА ЖОЛУКЧУ

Келчи курдаш! Келип мага жолукчу,
Кучак жайып бек кысайын колунду.
Жадырайлы жакшылыктан бөлүшүп,
Айтып берем асыл максат-оюмду.

Кел замандаш! Көңүл сүйгөн адамым,
Шандуу добуш жакындаган кадамын!
Кирип келчи барбалактап, бабырап,
Түнт пейилдер түрмөгүнөн жададым!

Келчи достор, куштар болдум сөзүнө,
От жагалы быкшып турган көңүлгө.
Акыл-эсти ак ниетке арнайлы
Ата мурас байманалар жөнүндө.

Чогуу келчи, дасторконду жаялы,
Чай ичкенче көңүл черин жазалы.
Ширелишсин албан максат, мүдөөлөр,
Женилдесин көйгөйлөрдүн азабы.

Насаат айт, орноп калар көңүлгө
Кыргызымдын вазипасы жөнүндө.
Аныктайлы аракетти асылдуу,
Таамай ойлор тирек болсун өмүргө!

Билем, муну туура көрбойт – тар заман,
Ар кадамдын кирешесин талдаган.
Алдын-ала макулдашуу, такташуу
Билем, бирок четке кагып таштагам!

Кел тартынбай жаңы тааныш курдашым,
Адат болсун акылдашуу, сырдашуу.
Адамдыктын бийик баркы ушунда
Биримдикти бекемдеген сыйлашуу!



Кара! Чөктүк, катар абийир ачылган
Ыймансыздык, топуксуздук ашынган.
Сүйлөшөлү нукуралык жолдорун –
Чогулталы нарк- насилди чачылган.

Жолугушуу ниеттерди уратып,
Бизге такай жетпей келет убакыт.
Женеличи жекеленме пейилди,
Адамзатка маектешүү чоң бакыт.



X

**КӨҢҮЛ ӨМҮР БУЛАГЫ**

Шайыр мүнөз, ачык көңүл «Улуу сыр»!
Жакшылыктуу окуяга ойду бур:
Адамзатта мындан бийик байлык жок,
Жандүйнөгө жарык чачкан шоола-нур.

Турмуш татаал, ката кетүү көрүнүш,
Ошондо да оорубасын көңүлүн.
Чымыр мүнөз, чыйрак көңүл жан-жолдош
Чыгарбагын колдон жашоо өнүтүн.

Көңүл кирин акыл менен тазартуу
Керек дайым, сүрүп ойду армандуу.
Каниет кыл! Өткөн-өттү, өкүнбө!
Көңүлдүүлүк, жашай билүү таланттуу!

Бул жарыктык армандуу да, кусалуу,
Шыкка бөлөйт шаттуу маанай, кубануу!
Оомат болуп ойлоруна орошон
Оргуп турсун көңүл өмүр булагы!





**Экинчи бөлүк**

## ЫЙМАНСЫЗДЫК БАКЫТ ЖОЛУН ТАЛКАЛОО



XI

**ЧАК ТҮШТӨГҮ СОГУШ – ЖЕҢИЛҮҮ**

Сан кылымдар энсеп, зарлап, сагынып,
Тилеп келдиң Жаратканга жалынып.
Капилеттен колго тийди эркиндик,
Эгеменсиң! Мына куттуу жаңылык!

Куттуктоолор, сыймык нуру жаркырап!
Даңктуу күндөр! Шаңга толду чар-тарап.
Жадыраган өсүү-өнүү болот деп,
Эл башылар Швецариядан жар салат.

Алатоодо майрам – чексиз кубаныч!
Мамлекетиз түбөлүктүү – урагыс!

Баары колдо! Ойдогудай кынаптап,
Айдай сулуу Ата Мекен курабыз!

Көнүл толкуп, жетиналбай сүйүндүк,
Бийик сөздөр, шымалана түрүндүк...
...Ата гөрү-ү! Ак ниеттен ашынып,
Бой көтөрдү ачырканган «түйүлдүк».

Сестендик биз! Жыйын, талкуу өткөрдүк,
Жети осуят. Манас руху, айкөлдүк...
...Тосалбады ыйман, адеп, топук, парз;
Баш бербеди балакеттүү ач көздүк.

Оо сактай көр! Ан-тан болду көпчүлүк,
Ушундайбы «Демократия» – көргүлүк!?
Тоноо, талоо, сатуу, басуу, апсыгат,
Өз элине алган белем өчүгүп?!

Бомба түшпөй, танка бузбай, ок учпай,
Басып кирди ач көз «душман» ойкуштай!
Эл байлыгы жетимиш жыл жыйналган,
Таламайда томкорулуп томуктай.

«Окко учту» орток байлык быркырап.
Ыйман өрттө! Зарлайт чындык зыркырап.
Кашар, гараж, ферма, цехтер таш талкан,
Кыйратууда басмачылар чон курсак.

Таппай калдык төрт түлүктү – короону,
Чон фабрика, ири завод тонолду.
Китеп дүкөн, стадион кулкунга.
Калын элге «купон» кагаз болгону.

Басты банкты. Ачты цейфти – акчаны
Алтын, күмүш. Баалуу кагаз башканы
бүт шыпырды. Машинасын менчиктеп,
мекеменин кассасын да кактады.

Жымырды го! Бакча, токой чарбаны.
Кыртыштуу жер, дүкөн, клуб «жалманды».



Иштетем деп, бактынарга силердин,
Жанын сабап жамыратты жалганды.

Кумар кылды ойрондомой кылыкты,
Илбирс, теке, өрдөк, балык кырылды.
Дары чөптөр омкорулуп түбүнөн,
Мин жыл өскөн арча, жангак кыйылды.

Тоюнбаган басмачылар кутурду,
Тайрандашат эрөөн албай кусурду.
Темир издеп бүткөн үйдү талкалап,
Жер астынан сууруп сатты куурду.

Ээнбаштык! Эли-журту тозуган.
Апсыгышат – тоюнбастык козуган.
Гумжардамды: эски кийим, тамак-аш
Жулуп жешти караламан оозунан.

Бүлүндүрдү. Бүтөбөдү кемтикти.
«Кет! Менчик!» – деп, жумушчуну кемсинтти.
Сүрүп чыгып иштеп жаткан ордунан,
кысты элди. Чет өлкөгө тентитти.

Өлө билди, даяр мүлктү жегенди
Үйрөнбөдү үнөмият дегенди.
Багыт таппай жарды-жалчы темселейт,
Эзилишип көр оокатка ченемдүү.

Кадырланбай кесипкөйлөр, мыктылар,
Чет өлкөдө ишкер, көзчүл, шыктуулар.
Айылдарда кемпир калды, чал калды.
Айласы жок каржы таппай жардылар.

Адамдарда демилге, шык жаналбай,
Талант өспөй, атаандаштык жаралбай,
Чакан бизнес арампөштө кылтакта,
Өсүү жолун өздөштүрбөй карайлайт.

Байлыкчандар таза жолду издебей
Көзчүл ишкер, бийик бизнес ирденбей.

Кыйынсышат кысканына өз элин,
Бууду жолду! Кылган иши жемекей,

Фермер, дыйкан ак эмгеги баркталбай
Айыл өксүйт. Өндүргөнүн карзалмай.
Окчун калды оозурунан замандын,
Жашоо-турмуш жарытарлык айланбай.

Чет өлкөдөн алган пайыз каражат,
Миллиондор иле менен таланат.
Суук колдор урпактарды карыз кылды,
Ушундайбы акырзаман – саясат!?

Мыкчыгерлер, тоюнбастар уюшкан,
Жыт алышып, карышкырдай улушкан.
Эл байлыгын экчегенге илекор,
Жаратмандык, түзүүчүлүк курушкан.

Айылдыкты айланттын го карыпка,
бөтөн жердин бөлкөсүнө – айлыкка.
Чийки затты – жаңы жумуш орунду,
Жок кылууга өжөрлөндү айрыкча.

Калк карайлайт. Жумушсуздук басынтты,
Ушудан да пайда издөөгө батынды.
Кыйналуудан тапты арам киреше,
Кыз, жигиттер чет өлкөгө сатылды.

Жанталашуу: бекитүүлөр көмүскө.
Элим кантет? Алган да жок көңүлгө.
Душман мынча кыйратууга курпатсыз
Жексурчулук ачык, элдин көзүнчө.

Күм-жам болду орто байлык олчойгон,
Бардар жашоо, бакыт үчүн болжонгон.
Жакыр элди жалдап болор-болбоско,
Тайдырышты таза жолдон, оң жолдон.

Эл мүлкүнө ач бөрүдөй жабышкан,
Куттуу иштен жөө качкандар – карышкан,



«Жер түбүндө жебеген» – деп, керсейип,
Таза турмуш, жөрөлгөнү чанышкан.

Булгунчулук кыйратууда ыймандуы,
Ак эмгекчил адептүүлөр кыйналды.
Аталышты «жалкоо менен аңкоолор»*
Кайда барба, турмуш былык кырдаалдуу.

Улуттук кут. Ыйман-парзды жээришти,
Билсе болду кимге канча беришти.
Жолун тороп адептүүнүн, тазанын,
Жетелемей дал өзүндөй жегичти.

Өлкө өксүп, чыккан сайын ойрону,
Ошончолук кудундашты –тойлоду.
Эстен чыкты эл тагдыры-бактысы,
Өз жашоосун тайрандатса болгону.

Таза жашоо чыгып бүгүн жарактан
Бейбашчылык тооруйт барба каякка,
Арам жолду аша зордоп тануулап,
Ыйман-кутту булдуруштү карактап.

Жок кылгандар, тоногондор, чачкандар,
Өз элине эпсиз ташбиш арткандар.
Кыйраткычтар, булдургучтөр, саткычтар,
Эл шоруна тойлоп «казан аскандар».

Чач эл мүлкүн! Шапар тепкин. Кыйынсы.
Момунсунгун кылып коюп кылыкты.
Чыгаар бир күн чылыктарын жарыкка,
Тиет бир күн зор каргышы кылымдын.

Элдик байлык чоң курсакка култ этип,
Береке жок: ырыс качып, кут кетип.
Чоодой тийип чөголөттү өз элин,
Мүнкүрөттү нысабы жок кусур тип.

---

* Премьер-министр Т. Чыңгышевдин белгилүү сөзү: «Кыргызстанда жалкоолор менен аңкоолор гана уурдабайт» деген.

Талкалады ак ниетке урматты.
Бийлик көркү! Жашоого дем, курпатты.
Карөзгөйлөр адалдыкты кордоду
Бабалардан келген куттуу мурасты.

Ардакташты коррупция – жырткычты,
Көзгө илбөө! Чыркыратуу чындыкты.
Куту качып мамлекеттик маңыздын,
Көнүп барат көрүнүшкө былыктуу.

Ыйман, топук берекесин чандылар.
Чарба тозуп, экономика чалдыбар!
Жолдор тамтык. Экология булганып:
Наркомания, проституция, криминал.

Эл турмушу итке минсе канчалык,
Айлантабыз – байыйбыз деп карыз алып.
Жегич байып. Жүз миллиард бересе
болдун төлө! Элин турса каржалып.

Душман кайдан? «Басмачылар» арадан
Баары тааныш. Күлүп турат карасаң.
Кантип эми, катмарлана өтүшкөн,
Айыгабыз бул жугуштуу «жарадан».

Күнү бүтөөр «ичи толбос көзөнүн»,
Элдин ыйы өрттөйт бир күн өзөгүн.
Тебеледи ар-намысын улуттун,
Тообо кылбай, таба кылды өз элин.

Тоо суулары дале шондой күргүчтөп,
Бирок башка бүгүн кыргыз «күркүлдөр».
Улут үчүн, урпак үчүн ташчайнар,
Ашынууга кетет алтын-күмүштөр.

Алган айлык жетет тамак-ашына.
Кабат үйлөр, түрдүү кымбат машина.
Шоктук, шапар – эли турса каржалып,
Сауналар, ресторан, казино.



Бар өнөрү, ашып-ташкан мүлк үйгөн,
Ана турат үч-төрт кабат бош үйгөн,
Айылдарда өжүрөдө он беш үйлөр.
Жаштар кетип, кемпир-чалдар үңкүйгөн.

Шонтип турмуш ажырымдуу жиктелген,
Таза тозуп. «Жегич» кыйла ирденген.
Ачылалбай элдик нарктуу дарамет,
Жеңилүүлөр, кеч акылга киргенден.

Талкаланды бергис байлык алтынга.
Ишенимдер таза жашоо – акылга.
Нысап, топук, ыйман-адеп күчүнө:
«Кара тарых!» – күйүт, жүрөк ачышкан.

Мынча неге жутунасың ачынып,
Эл шорунан байлык топтоп ашынап?
Канча куттуу ордолорду гүлдөгөн,
Ач көздөрү алсыраткан апсыгып.

Эй жегичтер! Эсиң болсо кичине!
Өлкө кантип ураганын изилде.
Төбөлдөрү сатып кеткен парага,
Ач көздөрү алсыраткан ичинен.

Мансапкордун сөзү болбой туруктуу,
Ийгиликтер жаралбады урунттуу.
Шылдың болдук далай элге шыңарлуу,
Бүт дүйнөгө уят кылды улутту.

Ал ансайын ачылууда алкымы,
Талоо, уурдоо ат жарыштай арбыды.
Апсыгышат, жутунушат озуна,
Алсыроодо өлкө куруп магдыры.

Талоончулар унутушту Теңирди,
Кутман үйдү түбүн түрө жемирди.
Ыйман, топук, чындык кулап чыркырап,
Оо калайык! Жеңилдик биз, жеңилдик!

Бузук мүдөө кылып улам күчтүүлүк,
Каптап барат арам, эки жүздүүлүк.
Онурайды орду толгус жоготуу,
Жүк ашырды өз элине жүз жылдык.

Жалмап жатат желмогуздар ашынган,
Жутуп жатат! Эх, арааны ачылган.
Бомба болду Улут кутун бүлдүргөн,
Ок болду го келечекке атылган.

Озоор кезде көмөлөндү күлүктөр,
Көмөрүлдү казан толо үмүттөр.
Карышкырлар «жер көз» кылды өз элин,
Бүчүрлөрдү кууратууда үшүктөр.

Кадырланбай адал ойдун эргүүсү?
Шумпайлыкка толуп чыкты эл ичи.
Улут өзүн упураткан көрүнүш,
Кыргыз көчү кыйналуунун белгиси...!?

XII

## ЫЙМАН ӨКСҮП БУЮГУУДА АСЫЛ НАРК

Сезим-туйгум серт таасирден коргоно,
Жандүйнөмдө будун-чандуу борошо.
Олтурамын үзүр тилеп элиме,
Айнуулардан акыл-абийир коргосо!

Ыйык ойлор синген адам баласы,
Мүнөз, мүдөө айныды го, карачы!
Урап барат рухдөөлөт, салт, накыл,
Түгөп барат ак ниеттин айласы.

Калчап-билип кайдыгерчил алынды,
Өмгөктөгөн өгөй үлгү ашынды.
Каптап селдей маданият массалуу,
Улуттук нарк үр токмокко алынды.



Сактай албай тилинди да, дилинди,
Ата салтка бошондугун билинди.
Тар мүдөөнүн капканына кабылды,
Ырыс-таалай берекеси биримдик!

Абал өксүп, ата салтын буюккан,
Кыраакылык жетпей турат улутка.
Коргоп калар бай, ойчулдар, бийлерин
Өзү үчүн... Озуйпасын унуткан.

Кайдан жукту кыргызда жок ач көздүк,
Кайдан келди эки жүздүү көп сөздүк.
Ажыдаардай чайнап жатат чындыкты
Акча менен өмгөктөгөн өктөмдүк.

Мыкчыгери, эсеби жок дүйнөнүн,
Жатыктырды насааттуу сүйлөөнү.
Кептелдиңер керендикке рухий
Акча тууган, доллар болду сүйгөнү.

Китеп оку, акыл, ыйман жыйнагы,
Жакшылыктуу акыл-эстин сырлары.
Кызыгуу жок. Анын ордун ээледи,
Пейил бузар «Боевиктер чырлары».

Эх коюулан, кирлүү дүйнө коюулан!
Китеп албайт, китеп дүкөн жоюлган.
Кызыгуусу «Теле, кино – мушташуу»,
Кыргыз бүгүн болбой калган окурман!?

Акыл эмес, жеңил сезим жетеги,
Сагындырат «самопалды» кечеги.
Көркөм дүйнө аппендицит алдырган,
Идеалдын тийбей калды кереги.

Пас жөрөлгө алыс эмес кашында,
Аралашты балдар мектеп жашында.
Таза дүйнө башатынан булганды,
Бүт билебиз. Кайдыгербиз – жашырмай.

Андан ары, баарыбызга дайын да!
Бал, баа сатмай жогорку окуу жайында.
Текшерүүлөр, күрөшүүлөр жасалма-
Чума илдет чулгагандай жайылган.

Даарый албай ыйман, топук, уялган,
Бул булганыч учуп чыгат уядан.
Барган жайда жемекейге жол издөө,
«Пайда жок» – дейт, таза жашоо-ыйбаадан.

Жаштык жалын! Ойногусу, күлгүсү
келет шандуу, жарашыктуу жүргүсү...
Таза жашоо, топук чыгып «модадан»
Кайда барсан арампоштор «үлгүсү».

Улутка жат мүнөз, пейил күч алды;
Ажаан, кежир, сыйкы, мерез кунарсыз!
Үлгү болбой сылык, момун, адептүү,
Арам, былык кылык жазат кумарды.

Жорук чыкты ата наркын өчүрөр;
Ана, кара! Ачык курсак-көчүктөр.
Тастандаган жыланачтык жарышы,
Эртенкиси көйрөн, сойку өчүрүттөр.





Дырдай ачык, жашырылбай эмчеги,
Зөөкүр согуш кино жаштар эрмеги.
Азгырыктуу арбай ээлеп акылды,
Сыртка чыкты. Көчө, бакты ээледи.

Тууроо жатты, ыплас пейил- экчешүү,
Жалмандаган жыланачтык – эс кетүү.
Кусур жоосун өлө жагат – жармашуу,
Ата салтты, нарк-насилди четтетүү.

Кыйын тура ыйман, ызаат бербесе,
Жаштар чыкты бөтөн жоосун – делбесе.
Айткылачы абалга ким күнөөлүү,
Акыл жанган ыйман жолго келбесе.

Көп катаны кетириппиз демек биз,
Эмгек керек эптүү, өжөр эсепсиз.
Болбойлу биз өгөйлөрдөн урпакка,
Өөдөмү жок. Улут үчүн керексиз.

Эншеришти ыйык байлык рухту,
Сапаттарды салмактуу да, урунттуу.
Антарылып таразасы чындыктын,
Калыстыгын басмырланды-буулукту.

Жүрсөк дагы жагалданып, жасанып,
Түркөй заман каадасында жашадык.
Башкаларга акыл айтып, ак бол деп,
А өзүбүз калпыс ишти жасадык.

Жандимилик ачкөздөнө апсыгып,
Ыймансыздар ыйман жолго чакырып.
Алдаштыруу ишенчээк момунду,
Абийир кетти садагага чабылып.

Бийлик үчүн бири-бирин талашты,
Жалаа издеп түн да кирип, таң атты.
Жайма базар сатыгында пикетчи –
Өрт каптады ыймандуулар тарапты!

Ырчы мактап, безелентет комузун,
Өкчөйт сени капчыктуунун колу узун.
Биз элбиз! – деп, көкүрөгүн каккандар
Шайлоо келип, сатып жүрөт добушун.

Башталды го, шайтан оюн, ыпылас:
Алдоо, акча, клуб, мечит, үгүт аш...
Эл өкүлү, демек, ыйман сакчысы
эсиңе кел! Бул жосунуң жарытпас.

Арабызда адам калбай таң калар:
Тизме түзүү, соодалашуу... башкалар
Адамдыктын абийир баркын кетирип,
Элдигиңди эзип, мыжып талкалаар.

Айткым келбейт. Бирок кайда качасың!?
Аксакалды чайкаганга капасың!?
Элдик жыйын, шайлоо, талкуу – кошомат,
Пайдасына алмаштырат батасын.

Соодалашпа! Баасы дайын буйруктун!
Угуп-билип кетет дүйнөң куурулуп!
Бийлик алат кир акчанын ээлери,
Тазага жок иштесе да туурулуп.

Эң чоң «бизнес» кызмат сатуу – ал, жырга?!
Парачылды издөө – жарайт кадрга.
Бул абалга баарыбыз тең күнөөлүү,
Таналбайбыз Жаратkandын алдында.

Ар бир иштин көлөм, шарты ченемдүү
Башкарууга кандай кадр жарамдуу.
Кожоюну алынган соң сатыктан,
Сызып салды «жоопкерчилик» дегенди.

Ушул базар бизде күчтүү иштеген.
Өсот, байыйт милдет, парзды билбеген.
Ар-намысын, улутун да саткандар,
Патриотко мына!!! Бармак тиштеген.



Улут үчүн убайлуу жүк тарткандар,
Ыдык көрдү: кемсинтүүлөр ар кандай.
Бийлик алды. Сый-урматка марыды
Өз элинин келечегин сатkandар.

Оо инсандар! Адаштык го, чырмалдык
Арам максат, ажаандарын чырлардын.
Кылмыш дүйнө, бийлик менен дос кылды
Керкакшыктайт «сыры бизде жыргалдын».

Атуулдар ар-намысты сактай көр!
Асыл мүнөз ыймандууну барктай көр.
Даназала ак эмгекти, адепти,
Үлгү алып жаштар өссүн пейли көл.

Коррупция коолап-чайлап, биз алсыз,
диплом, наам, даражалар – жарамсыз.
Кыргызстан эң билимдүү өлкө деп,
жегичтерди ооздуктоого сабатсыз.

Жаратkandын жана ыйман алдында
Парзыбызды унуттук ко. Айрыкча
эки нерсе акыл-эске кожоюн
Коркуу анан акча, мүлккө апсыкма...

Кысып кирди куулугу күч зар заман,
Арампошко кенен, акка тар заман.
Кээри кеткен кежир пейил өмгөктөйт,
Келечектүү ырыскыны жалмаган.

Безип чыгып ыймандуулук ордодон,
Көйрөңдөнөт нокто, жүгөн болбогон.
Ыйбаалууга иш да тийбейт, аш тийбейт –
Ыймансыздын кордогону кордогон.

Эпсиз мүлктү жакшылыкка жумшабай,
Кылыктануу, чылыктануу – булгамай.
Ата салтын, эне тилин коргобой,
Ичмей, чачмай. Арам жолго чуркамай.

Жене албай тагдыр берген сынакты,
Ыйман нарктын кетип барат сыпаты.
Куучирендик, кургак эсеп кысымдап
Жок болобу «динозаврь» сыяктуу?!

Кесир жосун чырмооктой чырмалды,
Акыр заман арампөшү сыйланды.
Жылдар жыла адал ниет гүлдөмөк,
Философтун сөзү калды, сыр калды.

Кылымдардан байып акыл, ой- кубат,
Өркүндөтүп ак мүдөөнү адамзат.
Жашоо менен адал жана ыймандуу,
Тастыктамак экендигин асылзат.

Биздин балдар бизден артып – тазарып,
Өкүм сүрмөк өзгөчө бир тазалык.
Пакизалык таарипиге айланмак,
Кынтык мүдөө кыйрай бермек- тан алып.

Улам бийик жанып акыл чырагы, –
Ээлик кылмак – адал жашоо чыйралып.
Бирок күчөп: коррупция, криминал,
Ач көздөнүү – турмуш кирге чыланып?

Сыйрып жүзүн кары менен жашындын,
Кылыктанып секс дүйнө ашынды.
Каптап кетти видеосу да, киносу,
Улуттук нарк, абийирге асылды.

Куттуу акыл, насаатты барк албай,
Ыйман-адеп Чон Жениши башталбай.
Багынуулар былыгына батыштын,
Банги, спид соруп барат баткактай,

Дилин таза, ак эмгектен жашасан,
Саран жандай кабылданат ал адам.
Алып-жулуп эл байлыгын басканды,
Бул кыйын! –дейт, бир чон ишке жараган!?



Алакчылык адат болду – карасан!
Сый көрсөтүү мансабына жараша.
Эл ичинде колу таза, ак ниет
Кемпай, байкуш, мыкчыгерге тамаша.

Жер көчкүдөй жылжый жылып акырын,
Карөзгөйлүү өзгөрүштө акылын.
Керектөөчүл турмуш күндө матаган,
Сыйкы, кытмыр. – Айталычы ачыгын.

Пейил болду пайда издөө «сол жактан».
Арам мүдөө канча жанды оп тарткан?
Бермейинче ишин жылбайт – ийрендейт,
Кысмактоонун ыгын тандоо – ой баскан.

Акча, акча! Алда-кандай ойдолоп,
Апсыгуудан ар кыл илээ колдонот.
Оо адамдар! Ыйман издөө вазипан!
Тытынышат! Ыйык милдет ойдо жок.

Кыйынсыган кызыктары жамырап,
Жаман жосун өтө женил жайылат.
Абдан татаал адептүүлүк орнотуу,
Ойлон өзүн! Кантип заман жарымак!?



Эй замандаш! Кайдыгерлик кулдары!
Чык күрөшкө! Былык көйгөй курчады.
Кайдыгерлик – ичтен душман, алсыроо,
Женилүүлөр – ырыскыдан кур калуу.

Көтөр башты!! Угулбайт ко добушун!?
Асыл наркты керек эле корушун!
Жыргал жыдып, бакыт жуту каптады,
Айнуулардын очогубу конушун!?

Шонтип мына, ыйман кетти упурап,
Адал ниет, арам ойго утулат;
Карөзгөйлүк каптайт коюу тумандай,
Ушул шордон инсан кантип кутулат...!?

## XIII

## ПРОГРАММАЛАР ЖАРЫТПАГАН, АЗГЫРГАН

«Менчиктешүү»,
«Песак», «Тасис» башкалар,
Мактады го, далай башы кашкалар.
Кургуй жолу, кулчулукка чалдыгуу,
Байлык тозуп, үмүттөнтүп талкалар.

Мына долбоор! «Өнүктүрүү омоктуу»
Сунуш, талкуу. Канча күчтү короттук.
Мезгил өтүп ачык болду абалы,
Калайыкка «желим упчу» жомоктуу!

Түзүүчүнү жыргатуучу балакет!
Ана план! Анын аты «Аракет».
Чет өлкөлүк кенешчилер, эсептер,
Басалбады, балапандай кызыл эт.



Ташта аны! Түзгүн жаңы КОРлорду,
«Өнүгүүнүн негиздери долбоорду».
Курорттордо куунап жүрүп жазышты,
Эл үмүтү эншерилди – кор болду.

Кайра күчөп талоончулар арааны,
Көргөзбөдү өнүгүүнүн караанын.
Жазбай эле жабалактай өнүктү
Коррупция жалмап жатат параны.

Тыянагы катаал турмуш жарлыгы,
«Хипк» болдук –жардылардын жардысы.
Мүмкүнчүлүк, каражатты так баалап
Жол таппасак, бул азаптын жармысы.



XVI

## ЖООПКЕРСИЗДИК СӨЗ АРТЫНА ЖАШЫНГАН

Кыргыз сөздү ыйык туткан баарынан,
Коргоп келген далай заман каарынан.
Бийге аброй, букарга барк кошкон
пейил эле бешенеге жазылган.

Келишүүнү түшүрбөгөн кагазга.
Токтом, чечим жазган эмес жана да.
Антташпастан айткандарын аткарган,
Ариет деп, далай ишке жараган.

Мүлтүлдөктү! Өз сөзүнө турбаган,
Эл ичинде керкакшыктап «туздаган».
Алдасташкан алакага арзыбай,
Сабак болгон! Элден четтеп куураган...

...Жаны кылым – шумпайлыкка кезиктик.
Кайда калды убадага кепилдик.
Эртенкисин эстебеген – жел сөздөр,
Мактанууга, актанууга «эркиндик»!

Сөздөр! Сөздөр! Трибунадан төгүлөт.
Эфир бүтүп, экран тийди көрүнөт.
«Керек, керек жана керек», – демитет.
Аракетте айтып калуу көбүрөөк.

Түшүндүрүү. Таза майда эзилмей,
Убакыттын баалуулугу сезилбей.
Айтылса да убадачыл узун сөз,
Өндүрүү аз. Эгин турат эгилбей.

Дагы жыйын. Баштайт кайра «арманын»,
Боройлотот чыны кошо жалганын.
Ораторлор! Мурункуна отчет бер!
Канча ишкер убакытты жалмадын?!



Кенен айтат: Кантип абал өзгөрөт,
Кандай план, качан аны көз көрөт.
Саймедиреп санап чыгат, жайратат,
Жактоочулар даяр, колун көтөрөт.

Башталды го, жарыш сөздөр- пырын жеп.
Төп сүйлөсө айтабыз биз кыйын деп.
Айткан сөздөр айкалышпайт чындыкка
Талап бошоң. Аткаруу аз – тыйын кеп.

Доклад жакшы! Учкай таасир салмагы,
калпынбады иштин коюу каймагы.
Тапшырма көп, натыйжа аз бааланды,
эл ичинде: «Болбогур кеп – кайдагы».

Дале ошол. Тажабайт да айткандан
Кете берет, чөп башылап тайсалдап,
Жарытмакпы кызматына жабышкан,
Курч аракет, таамай иштен жалтанган.

Программа түзөт. Баары тыкан каралат.
Аткарууга керек акча аманат.
Алат аны, андан ары бүдөмүк,
Кайрымы жок.Түшүндүрөт-актанат.

Чечилбеген түрдүү көйгөй өтө көп:
Элдик жыйын. Жолугушуу өткөрөт.
Сунуш болот. Болот ага кошумча
Алсыз сөздөр. Андан эмне өзгөрмөк?

Жел көрсөткүч койбойт аны арасат.
Майлуу-сүттүү бир орунду талашат.
Жетет ага, кирип эшик-тешиктен.
Ишке жөнсүз. Сүйлөй берүү саясат.

Мекемеде; шаарда же айылда,
Семинарда, сессияда, жыйында
Билермандар кол көтөрөт, сөзгө чык
Төгүп жатат көйгөйлөрдү жыйылган.

Айта берүү алдын-ала каралган,
айланды го, арсыз айла-амалга:
Согуп турат чар-тараптан чубалжып,
Көпшөк сөздөр, чар учурган шамалдай.

Көпчүлүк да көндү буга кумардай,
Аткарылгыс. Билип туруп суранмай.
Убаданы берген, алган милдеткер,
Убаданы кастарлайлы тумардай.

Жыйын, пикет, талаш күндөр өтүүдө.
Бут ынтылат трибунага жетүүгө.
Иштер чала. Жер-жеринде жалдырайт,
Жоопкер кеткен «маселени чечүүгө».

Сөзгө чыгуу, өзүн көпкө көрсөтүү
Кенедей иш. Ыйкы-тыйкы –көп сөздүү.
Ал да калды. Кетти дагы жыйынга.
Кыргызстан кыялкечтер өлкөсү.

Убаймага салып келет санааны,
Ачылды го, «акылдуулар» арааны.
Мынча акыл кантип батты өлкөгө?
Ой тобоо ээй! Арга кармоо жаканы.

Күбө болом бу жагдайга көбүнчө,
Жакшы сүйлөйт көпчүлүктүн көзүнчө.
Күпүлдөшөт. Күйүп-жанат, а бирок
иште чоркок. Жол табалбайт өзүнчө.

Азаттыкка эге болдук –туурубу!?
Артыкчылык, мүмкүнчүлүк мунубуз.
Бирок майнап чыгаралбай жагдайдан,
Жармач мүнөз, жалкоолуктун кулубуз.

Мекенине кербезденип күйбөгүн,
Аткарыла турган ишти сүйлөгүн,
Мыйзам болсун: сөз-иш, анан натыйжа.
Олуттуу бол! Такыр бекер күлгөнүн!



Жүдөө турмуш –сөздөр менен басылган.
Далдоосуна жоопкерсиздик жашынган.
Жоопкерсиздик, паракордук жагдайы –
коррупция сөздөн чүмбөт жамынган.

Эй чиновник! Тажаттын го бакылдап!
Мени укчу! Эгер болсоң акылман,
кыйып өткүс жоопкерчилик орноткун.
Сен татыктуу анда, «Элдик баатырга».

Качан түгөйт, өз сөзүнө магдыроо?
Качан келет өсүш, өсүш –жаркыроо?
Коом таянчы, ийгиликке данакер,
Эл башылар эмне мынча мажирөө.

Сөздөр, сөздөр! Айта берүү ар албай.
Көбүк сөздөн көздүү иштер жаралбай.
Айтып бирди, жашоо башка-сайрандоо,
Ууру, шылуун ээлик кылган «Аралда».

Мезгил иргеп, берет тура айкындап.
Сөз салмактуу, ийгиликтен жаркылдап.
«Өрдөк сөздөр» өкүт болуп, чыр болуп
Кедейликке кептей берет такымдап.

Катаал дүйнө: талап таасын өзгөрдү.
Натыйжаны негиз тутчу кез келди.
Акылдуусуң ашырганда турмушка
Суу да кечпейт, куру кыял –сөзмөрдүк.

Не жасаба болуш керек сапаттуу.
Сапат сыймык – эмгек барктуу, салмактуу.
Бийик баада кесипкөйлүк, чебердик,
Жоопкер, тыкан иштегендер таланттуу...

...Курч суроолор: Эс-акылын адашат.
Озуп кетти! Кантип жеттик! Карасаң!
Какшамайдан калбыр болду көөдөндөр,
Ишкер сөөлөт качан бизге жарашат?

Кур чечендик! Жүрүп сөздүн арааны,
Кайда барсаң киберсиген карааны.
Өтүү керек төп сүйлөп, так иштөөгө,
боло бербей «Утопия аралы».

XV

## УЛУТ БАРКЫН УПУРАТКАН КЕСЕПЕТ

Суроо, суроо, улам оор суроолор –
Улут наркын упуратkan буроолор.
Жайылды го ичимдикчил адаттар –
Ортоктошуу, үлпөттөшүү, тууроолор.

Алып жибер! Кол сунабыз аракка.
Көндүм оокат, көнүл кирин таратма.
Кеп жебеген кесир мүлдө жайылды,
Айланды го, анык элдик азапка.

Ичиш керек. Шылтоо белен. Чакырды.
Алдык. Айнып досум ылжып бакырды.
Жакшыларды жамандарга теңеди,
Мыш кылды го мыкты чыкма баатырды.

Арак-шарап кайда барсан койкоёт.
Арак алат, анан досун кой соёт.





Ана жыргал бөтөлкөгө куюлуу,
Арак куйбай келген конок мостоёт.

Ар нерсенин ченеми бар, чеги бар,
Канча, кайда, билет аны эси бар.
Ичтен бийлеп адаштырды акылды,
Алкаш болуп ажылдашты эки жар.

Алдап турат, арбап турган арагын.
Арак илдет, арак кумар. Ал агым.
Тартып кетет ийримине ириген,
Ген бузулат... Билесин го ар жагын...

Сергек жашоо, өзүн барктоо каяктан!
Далай эргул, тапты турмуш арактан.
Акча, мүлкүн, абийирин да чачууда,
Айлампада, башы чыкпай азаптан.

Айылдарга барып калсан, байкачы!
Дидарлашуу, арак болот арачы.
Жашоо көйгөй, ийгиликтер, өкүттөр
Көр турмушту көтөрүүнүн чарасы.



– Кана сүйлө! Басты балээ, «тос» айтуу.
Анан кыстоо. Тамчы койбой так алуу.
Кайталанма каалоолору жакшылык,
Аягында кедей, кесел, талаш, чуу.

Баратабыз шимирилип-женилип.
Ыйман, билим, бакыт кутун кемитип.
Каада күтсөк ичпей, чекпей жашоону
Калар элек кыйла чыйрак жетилип...!?

XVI

## САЛТ ЖӨНҮНДӨ САНАРКОО

Канча каада үлгү алар жакшына,
Жабыштын го алабарман салтына.
Мин күн тырмап жыйганынды бир чачмай,
Жетпей жатып бала-чака баркына.

Бекем адат сапырылма самандай,
«Кыйындардын» катарында саналмай.
Арданасын тоюн «укмуш» өтпөсө,
Жакыр, өксүп жашаганга арданбай.

Ачка чыдап, жука кийим карышып,
Акча жыйноо; тойго атап катышып.
Атаандашуу – белек, сарпай эсеби,
Кыл чайнашкан той, мааараке жарышы.

«Жоёлучу, чыгымы мол адатты,
Өзүндү да, элинди да жадатты,
Далай талкуу. Сансыз сунуш, чечимдер –
Салт күтөлү эстүү, эптүү, адептүү!»

Макул дейбиз, бирок баштап кайрадан,
Жарыш күчөйт: той, мааараке жайнаган.
Табуу кыйын, чачуу оной –зар болот,
Чындык менен эсептешпей жашаган.



Оо кыргызым! Ойчул, эстүү кыргызым,
Эгер чындап жансын десен жылдызын,
Атаандашкын акыл, билим, кесиптен,
Ишкердиктен, ишмердиктен кыйынсын!

XVII

## ЫМАНДАЙ СЫР

Зарлайт заман, айнуулардан кыйналган:
Кычырата күч келүүдө ыйманга.
Түркөйлөргө түрткү болуп сыгылып,
Жаман жосун пайдасына ылганмай.

Араместик! Илээси көп боткодой,
Ак сөз сүйлөп, кыянаттык болжомой:
Куйту, ууру, зулум, митаам биригип,
Ыйман, ырыс насибасын тономой.

Эй инсанат! Күч келүүдө ыйманга
Азган! Чөккөн! Алсыраган, ыйлаган!
Ата мурас, асыл ойлор түрткүнчү,
Адамзатты тазартуу ой кыйраган.

Капсаландар! Эч акылга сыйбаган.
Мин жыл жыйган куттуу нарктар кыйраган!
Бу жагдайда Сиз канттиниз биле албайм,
Жол тандоодо мен кысылам, кыйналам.

XVIII

## КАЛДЫ БАКЫТ...

Бир кем дүйнө, эмнеси кем мөртү кем.
Бакыт издөө – буруу жолдор – көркү кем.
Максат бийик болгон менен жашоодо
Арман, арман, үшкүрүгү өрттүү дем.

Калды бакыт балалыктын изинде,
Үйдөн мектеп... шуру болуп тизилген.
Калды бакыт тунгуч туура ойлордо,
Бир умтулсан ишке ашчудай сезилген...

...Эргүү берген эгемендик жаны эле
Таза ниет, акыл, абийир бар эле.
Кыялкечтин кооз, бийик сөзүнөн,
Өксүктөргө батып кеттик бат эле.

Эх, арман ай! Болсон экен армандай.
Уят, убал, каниетти карманбай.
Жалмап кирди колу жеткен бийликке,
Мекен майкан, таламайга салгандай!?

Калын журтка бийликтегин күйбөдү.
Жетимсирейт жер-жерлерде сүйлөнүү.
Жол бердик ко, жер көтөргүс суктукка.
Арам ашып, жоопкерсиздик «гүлдөдү».

Мүмкүн болчу. Колдо болмок баары эле.
Мына бүгүн бир станок дары эле.
Көрүп турдук. Бушүркөдүк, тан калдык.
Жүгүн тандык. Сен да анда бар белен!?

Билим, бийлик ыйман кутун ачпады.
Акыл күчүн арам эске жалгады.
Күндүз өсүү, түнү тоноо сөздөрү,
Мүлктү талап, казынаны кактады.

Айткан болот. Бирок аны курбады.
Бүтүлүүнү бүлүндүрдү уурдады.
Бир адамча кийим керек. Үй керек.
Бир кесе аш, анын тоёт курсагы.

Неге топук тийген эмес кудайдан.
Жылас, байлык бир тамчыдан куралган.
Сөзү тыкан. Кейигенсийт, күйгөнсүйт.
Чын-чынында, адам эмес «бул айбан»!



Калды бакыт! Кредит, грант мойсолду.
Кетти бакыт! Ууру жүккө кол койду.
Болмок, болмок! Мектеп, сарай, бакчалар,
Куруп жаткан «Бакыт үйү» тонолду.

Бизди жээрип, Швецария издеген!
Жабыштык ко «Хипк» кедей тизмеге.
Өзү жыргап, жыргатуучу кандидат
Отчет бербейт. Добуш берген Сиз беле!?

Калды бакыт, демократия жолунда:
Каада күтпөй, пейил таптык оолукма.
Мүлк талашуу, эркиндикке жамынып,
Саясатты айландырдык оюнга.

Быт-чыт болду мыйзамдарын-моралын.
Ашабы деп, ашкебилер «бол-алын».
Адам болуп, тике турсак адамдай,
Эх, Кыргызым! Жасар элек «чон арым».

Колдон чыкты мүмкүнчүлүк жакшына
Дагы чыгат... Насип болбой жалпыга.
Бөлөк максат. Башка турмуш «шефинде»
Абал ушу! Жакыр жаран, жалдыроо.

Дале жүрөт ошол жегич карыз сурап.
Абалыбыз ашмалтайлуу сандырак.
Кандай оор тоногучтар кесири:
«Кедей өлкө, бирдеке бер» – жалдырап.

Кесир тийди! Коколоду киризис.
Экономика каймактабай ириди.
Ниет айнып, ыймансыздык каптады,
Коррупция дарттуу өлкө «ирини»...

Керсейишет. Эли тозгон ыргалган,
Жашоо азап, жакырчылык –кыйналган.
Түшүнөбү. Тан алабы жоругун,
Тоюнбастар келер бекен ыйманга?!

Ата салтты, өнөр, наркты тан албай,
Аламандык барат терен тамырлай.
Эрчимелүү жат жөрөлгө, ала тил,
Бүгүн турат улут өзүн тааныбай!

...Калды бакыт!!! Какшагандан не пайда.
Үмүт! Үмүт! Үзүлбөчү бепайда.
Күйүп-жанып акынындын айтканы,
Балким, жетер!?
Балким, болоор бир айла!?





## Үчүнчү бөлүк

# БАКЫТ АЧУУ АЗАТТЫКТЫН АЖАРЫН



XIX

## ҮМҮТ ӨМҮР ЧЫРАГЫ

Өтөт өмүр тизмегинде жылдардын,
Бирде жайнап, бирде азып ыргалдым.
Тилек жетүү ырыскыга-бакытка,
Күүгө келүү шыгы менен ыргалдын!

Кыялдагы кушкер маанай кайдасын?
Сур булуттай суз ташбишти айдачы!
Күсөө күчөйт сагындырган сулуудай,
Көргүм келет сыйлуу үзүр-пайдасын!

Ой толгоолор! Жүдөйт, кыял жабыгат.
Тан аталек чыгаар күнгө зарыгат.
Деми менен делебелүү үмүттүн,
Ошол күндүн азабынан арылат.

Кээде бакыт бир аз гана баш бага,
Кыйып өтөт кызыктыра «каш кага».
Сая түшсөм кайберендей карматпай,
Ич күйдүрүп, не жабышат башкага!

Мен жетпесем кыял жетет эмеспи!
Биз кулубуз «бакыт» деген элестин.
Издөө, издөө, жете жаздоо, аз калды,
Ал артында мындан аркы белестин.

Азаптар көп, оомал-төкмөл заманда.
Кысат жагдай куп сыноого алганда.
Алдастайсын арга таппай алсырап,
Бар күчүндү чыгарасын арманга.

Нерв чыңалат, күүдө комуз кылындай,
Кайран жанын чыркырайт ко чымындай.
Маанай пастап, кызыгуу жок, дымак жок,
Өчөт очок, түшүм калат жыйылбай.



Олтурасың жүүнүн бошой шалдырап,
Айла куруй, асман карай жалдырап.
Эс эмгеги, акыл табат асыл ой,
Ырыскыдай ындыныңды жандырат.

Үмүт оту үзүлбөгөн биликтир,
Ой-мүдөөнү тактап алгын, билип жүр.
Чама-чаркка жараштыра негиз түз,
Үмүт мотор. Жарык чачкан иликтир.

Бакыт үчүн башын саят адамдар,
Таалай издеп аалам кезет жарандар.
Тирүүлүктү үмүт алга жетелейт,
Гүлдөй берсин кыял багы АДАМЗАР!

XX

## КЫРААКЫЛАР КЕРЕК УШУЛ ЗАМАНДА

Көнүл сүйүп, издеп келип алыстан,
Көптү билген Көсөм менен таанышкам.
Маектештим, ой бөлүштүк, ойгондум –
Бакыт издөө илимине даарыткан

Жашайт жарды, акыл, ою бийиктей,
Жакшылыкка алоо берген биликтей.
Керемет бар таамай тийген кебинде,
Жандуйнөнду жандандырат билинбей.

От жандырчу ал адамдын маеги,
Эстен чыкпайт мээр жанган кареги.
Таамай байкайт, талдайт, сындайт,
баа берет.
Ою терен, сөзү акыл данеги.

Асылзаада, айкын, даана сүйлөгөн,
Кытмырлыкты кыпындай да сүйбөгөн.
Олку-солку, чийки акыл-эсине
Багыт берет, акыл чачкан сүр менен.



Чачкын ойлор келет улам иретке,
Иргеп алат, акыл өзү билет ко!
Сейрек келчү маанилүү шул учурду,
Эс тутумуң тартып калат сүрөткө.

Жоомарт пейил, уютку ой борбору,
Көз ачылат – тунуктанат ойлоруң.
Түшүнүктүү түркүн түкшүмөлдөрүн,
Аныкталат бүдөмүктүү болжолуң.

Мындай адам болот түрдүү кесипте,
Жүрөк сезет, акыл туят кезиксе.
Таамай карма таасири зор учурду,
Жете түшүн, жемесине терикпе.

Чиновник бар. Чыргоо. Куру намысчыл
Сыны жакпай, четке какты, салышты.
Чындык ачуу. Ансыз коом сакайбайт,
Айнуулардан сактоочу күч – калыстык!



Кабыл албоо, шашуу, башты чайкамай
Анткорлонуу жүргөн кейпте «байкабай».
Ага керек колдоочу пил – «крыша»,
Дүйнөкордон дүмбүл кешик пайламай.

Ушул үчүн жылдар кезип келдикпи,
Уйпаланып орунсузга көндүкпү?
Баш ийдикпи «жазылбаган мыйзамга»,
Бул катаны өзүбүздөн көрдүкпү...!?

Умтулган көп «Көсөм» деген атакка,
Шаасы жетпей ара жолдо адашкан.
Такымчылык орден-наамын көбөйттү,
бетке тутат, «Самопалга» жарашпай.

Узун сүйлөйт, угат жашы-карысы
Туура сөздөр, бирок жансыз маңызы.
Чечендиги кыраатында жугумсуз,
Жалындатпайт жүрөк отун тамызып.

Эй жарандар! Эс акылдуу адамдар!
Ыйбаасызга толуп барат араңар.
Мансабы зор өзү пастар өмгөктөйт,
Ушул беле келечегиң карманаар!?

Ийгерүүдө ийгиликти кечеги,
Эчен тийген көрөгөчтүн кереги.
Далилдерден куралган зор аброй,
Сейрек тагдыр. Элдик куттун белеги.

Не басмырлайт !? Тажаал заман оңбогон,
Көмүскөдөн эрежелер орногон.
Кыраакылар сыймык, ишенич-таяныч.
Эл ырыстуу Даанышманын колдогон.

XXI

## ЭЛ ЖӨНҮНДӨ

«Эл» деген сөз сыймыктуу да, ардактуу!
Орун алган акыл-эсте аздектүү.
Ошентсе да каардуу турмуш чындыгы
Ушул күндө ойго салат армандуу!

Эл тууралуу сыймык да көп, өкүт көп.
Пушкин айткан «черн, толпа, глуп» деп.
Генийлерге айкын масса абалы
Олтурбаган ой чаргытып-күдүктөп.

Илимпоздор, философтор, акылман,
Эл жагдайын изилдешкен, жазышкан.
Коом, бала, тестиер, кыл мурутчан;
Кечтеп, же тез жетилерин айтышкан.

«Эл тараза, эл калыс», – дейт кыргызда,
«Даанышман» –дейт, тенеп айга, жылдызга.
Серeп салсак көөнө тарых – өткөнгө,
Бийик баага татып келген чынында.





Элдин анык дарамети эл эси,
Акылга бай, кыраакы, көзчүл эмеспи!
Касиети ыйман, адеп, калыстык,
Ынтымакта – Манас, Бакай керээзи.

Эгемендик тарыхынан байкалат!
Далай шылуун «эл айтатты» чайкалап.
«Калкка берем» деген болуп жазгырып,
«Иномарка» минип чыкты кайкалап.

Ээси эл го эң жогорку бийликтин.
Эл эгеси акыл, рух, илимдин.
Эл элдигин туюндура албаса,
баркы бастап басынары билинди.

Болуш керек элде элдик дарамет.
Айкын мүдөө, таамай, эрктүү аракет.
Бөгөт коюп бөрүлөргө, чөөлөргө
Алга сүрөө тазаларды ак ниет.

Болмоюнча паракорлор тоюнбайт.
Коом быкшып, кара туман коюулайт.
Ар бирибиз сергек, калыс болбосок
Зарлайт заман – коррупция жоюлбайт.

Ыйман кутту коргой билсем эгер мен,
Ыйман кутту коргой билсең эгер сен,
Калети жок. Оожалары турган кеп
Бардар турмуш баарыбыз тең эңсеген.

Ушул чакта элим кыйла башкача.
Эринчээк, этиятчыл, байкама.
Баканооз ээлеп элдик майданды,
Караламан болсо болду чай-чама.

Ар бир жаран кунтун койсо эмнеге,
Ошол нукта калыптанат эл деле.
Менде, сенде аруу максат төп келип,
Тазалыкка умтулалы белсене.

Демократия элдик нарктын сынагы,
Эркиндикке жол көрсөткөн чырагы.
«Мен бир адам» деген ойго чырмалба,
Болуш керек демилгелүү, кыраакы!

Элдик курпат, таза жүргөн даанышман
лидеринде, көрө билген алыстан.
Ой калчашып, бир пикирге келгенде
Аракетте өз ара тил табышкан!

Бирден шуру көрктүү мончок болгондой
Ар бир жаран элге күйбөй, толгонбой.
Күрөшмөйүн ыйман үчүн белсенип
Карөзгөйлөр эске кирбейт-ойгонбойт.

XXII

## БАКЫТТАРГА ЖОЛ АЧКЫЛА СЫРТТАНДАР

Татаалдыктын каардуу сүрүн таналбай,
Баалап, талдап, тыянактап тажабай.
Сого бергин бакыт жолун – базганчым,
Тажаал заман көктүгүнө карабай.

Эстүүлөрдүн эс-акылы жугушсун,
Көч башында көкөлөгүн турмуштун.
Эмгектенгин эсепчил да ыкмагер,
Чебери бол чексиз татаал жумуштун.

Асыл ниет, акыл менен алгала,
Берилбегин кумар, арак-картага.
Адаштырат, түз жолундан тайдырат,
Кесепеттүү кейиш болот ал сага.

Куйтулардын таасиринде калбагын,
Ишенимдүү жолдошторду тандагын.
Сабак алып тажрыйба топтогун,
Арттыра бер өздүк акыл салмагын.



Илим-билим, баалуу байлык алтындай,
Артынан түш, он келтиргин, ал тынбай.
Тырмыш-күрөш, көтөрүлгүн чокуга,
Канча бийик, улам даана ачылмай.

Мокотпосун көр тирликтин азабы.
Кызыр колдоп, жүрүп турсун базарың.
Эл үмүтү эргүү берип, дем берип,
Элиң үчүн талант, эркти арнагын.

Бата алып аалымдардан айтылуу,
Болжогондой болуш үчүн бактылуу.
Он беш ирет тактап чыккын максатты
Таамай чечим, арсардыктан арылуу.

Ыйык бүтүм –улуу жолго умтулуу,
Жашай билгин жөпжөнөкөй жупуну.
Бол тиреги Ата Мурас тарыхтын
Кыргыз эли каалайт өзгө ушуну!

Үлгү алгын япондордон ар качан,
Эң чоң байлар чакан үйдө жашаган.
Алтын топтоп, апсыкпаган байлыкка,
Экономикага инвестиция жасаган.

Жутунууну жулуп салгын алкымдан
Ач көздүктү алып салгын акылдан.
Эли-журту шорлоп-зарлап турганда,
Эң жупуну турмуш күтөт акылман.

Кыйынчылык кыйып өтпөйт билемин,
Өжөрдүктөн кем кылбасын тилегим.
Ордунду тап оомал-төкмөл турмуштан,
Чыгаандык Кудай берген тирегин!

Азгырылбай арам эске арбаган,
Көздөгөндү түз сызыктай кармаган.
Тагдыр үчүн күрөштөрдө такшалган,
Жетүү жана женип чыгуу ар качан.

Колдоо зарыл, сырттан жетсин максатка.
Жолу тайгак. Пастык кылып аксатпа.
Алга сүрө деми менен улуттун,
Жарайлычы, учурунда жакташка!

Эпчил эмгек, улам жаңы ачылуу,
Сыр бөлүшүү, талдоо, тактоо аркылуу.
Адамдыктын анык баркы билинет
Ийгиликтен, аракеттен – акылдуу.

Талбай, тайбай сен өзүңдү таптасан.
Тагдыр колдоп үзүр берет ар качан.
Жет женишке! Сыймык көлдөй толкусун
Татыктуулук, ташкын суудай каптаган.

Бакыт үчүн күрөшкөндөр-мыктылар,
Тоскоолдукту томкордунар –жыктынар.
Силер үчүн көрктүү боз үй тигилген,
Жайлоолордо жалы толгон жылкылар.

Эрктүүлөргө тоскоолдуктар багынат,
Жениш сайын жаңы үмүт артылат.
Ага чейин кыл көпүрөө – сыноолор,
Ачкычын тап, анан жолун ачылат.





Казан кайнап, карта бышсын, чык болсун,
Кымыз сунган кесе дайым жык болсун!
Ушул учур асыл ойго бөлөсүн,
Элге деген максатына кут консун!

Силер үчүн курорт, кумдуу жээктер,
Күтүп турат ишеничтүү шериктер.
Көкүрөктө жоопкерчилик жогорку,
Кайта-кайта караштыруу зерикпей.

Силер үчүн аздектелет гүлзарлар.
Каалоо айтуу, анан чөйчөк сунулар.
Зор аброй, ийгиликтин урматы;
Кызмат кылат ыр жылдызы сулуулар.

Форум өтөт кемелердин үстүндө.
Терен сөздөр, талкуу, талдоо үч күнгө.
Сыры сенде бул жыйындын маанилүү;
А далайлар көзү күймө үшкүрмө.

Бизнесмендер, түштү сага көздөрү:
Кызматташуу, таанышууну көздөдү.
Коздуктар ишмердикке ширелген
Тикеленген бул дүйнөнүн көркөмү.

Сапар тартуу өнүп-өскөн алыска,
Бөтөн жерге, кыялда жок барышка.
Иликтөөлөр ийгиликтин сырларын,
Артта калбоо бакыт үчүн жарышта.

Силер менен келип конот самолёт.
Көйгөйлүү ой, салмактуу сөз козголот.
Ойноо эмес, ойлоо элдин тагдырын,
Талдайт, тактайт, кыялданат-толгонот.

Мойнунарга кылым жүгү артылуу.
Сырттан даңкы! Болгулачы бактылуу!
Өмүрүнөр өрнөк болсун, шык болсун,
Өздөштүрсөк, жетсек силер аркылуу.

Кармап калгын зор бактыны бир келген,
Куралышкан ар бир асыл ирмемден.
Алып чыккан терең ойдон, талдоодон,
Акыл-эстин даанасынан иргелген.

Майтарылба, максатка жет, жеңе бер!
Арамзалар арсыздыктан жемелер.
Алп акылдын, Сырттандыктын урматы,
Күтүп турсун самолеттор, кемелер.

Акыл-эси, ар-намысы демекчи;
Көтөрүүгө шаар, айыл, элетти.
Таба билген татаалдыктан таамай жол,
Керек бизге ишкер, көзчүл жетекчи.

Жетүү жолун далил менен айкындай.
Жаркырасын ийгилигин алтындай.
Заманга бап усулдарды өздөштүр,
Өргө тартчы..! Өз элинди кор кылбай...

Сырттан сыймык, Мекен күткөн улуулук
Өзгө милдет тагат сага Улуу Шык.
Бол тиреги Ата салттын айбаттуу,
Баштоочусу ыйык көчтүн улуттук!

XXIII

## ПАТРИОТТОР АЛЫП ЧЫГАТ АБАЛДАН

Бул мекенчил! Ой бул анык патриот!
Кайталанат, каражатта маалымат.
Алым-сабак айта берүү эрте-кеч
Элес берет патриотко марыган.

Бул тууралуу сөз баштадым мен эмне?
«Патриот» көп, пайдасы аз мекенге.
Иликтеймин. Данакери байкалбайт,
Апыртмалуу акыл жокпу же менде.



Оо замандаш! Калыс оюн таразы.
Барбы деги, мунун аныктамасы?!
Туурусу да, уурусу да патриот,
Төшкө таккан «этикетка» чамасы?

Абройдун өлчөмүнө майдабыз.
Шатыр-шатман шандануулар пайдабыз.
Жаратабыз санап берчү мактанчты,
Жамырады «сыйлык-наам» каадасыз.

Чын. Патриот наам алат сыйланат.
Чинге жетет. Көтөрүлөт-чыйралат.
Анан неге өлкө кулап кургуйга,
Элим жүдөө. Кезип кетет. Кыйналат!?

Кайра угам: «Мекенчилмин!» мейличи!
Ардактайлы, «Азаматсын!» дейличи.
Бирок башка жашоо, турмуш тастыгы,
Басты бизди былыктардын дейдиси.

Жат каржыга болдук го көз каранды.
Аны дагы талап кетет арамдык.
Патриот болсо карайт көздөй, каректей
Бийик сактап ариетин жарандык,

Уул-кыздар душман менен бетме-бет
Мекенчилдер. Эл сыймыктуу эскерет.
Андан зарптуу ички душман кенебес,
Эй, патриоттор! Жеңүү керек эртерээк?!

Патриот бар чоң кызматка койгуча,
Чоң патриот эл депутат болгуча.
Эл назарын эрөөн албай мансапкор,
Котур ташын сууруп чыккан койнунан.

Патриот эле мүлктүү жайга келгиче.
Тоноп сатты, фундаментке жеткиче.
Убалдан да, кудайдан да коркуу жок
Көтөрүлдү андан өөдө тепкичке.

Хан, акимден тазалыкты сезбесек,
Баштан өттү: байлык тозуйт, эл безет,
Улут наркын улай албас өлкөдө,
Ыйман какшып, жалчыбастык әзмелейт.

Качан келет айкын өсүү-кубануу?
Күчкайланса элдин нарктуу курамы:
Так баа берип, тазаланса тайманбай
Кытыр байкап, болсо дайым кыраакы.

Элдин көркү; тилин, салтын сактаса.
Ак эмгектен байлык кошсо, чачпаса.
Бабалардын осуятын бек тутуп,
Өзүн улут өкүлүндөй кармаса.

Көнүлгө төп жышаан болсун ар дайым,
Элин сыйлоо – сүйө билүү айрыкча.
Улуу дөөлөт – ата салтты барктагын
Мекенчилдик вазипанды анықта!

Кужүрмөндөр демилге, күч, эл шыгы,
көрөнгөсү. Келечекке умтулуу.
Улут куту, уюткусу, унгусу
Күнүмдүктүн байкалбаган эрдиги.

...Мекенчилбиз! Туудай бекем турабыз.
Булүнгөндү тикелейбиз, курабыз.
Орнотобуз ыйман, адеп бийлигин
Биз турганда улут наркы урагыс!



XXIV

## БИЙЛИК, БАЙЛЫК ӨЗГӨРТӨБҮ АДАМДЫ?

Бийлик, байлык өзгөртөбү адамды?
Ачалабы инсандык кут-ажарды:
Акыл, талант озуйпасы болгон сон,
Жаркыратып жактарынды карангы?

Бийлик, байлык берекеси, жеримдин
Изги үмүт, ишеничи элимдин,
Ийгиликти ийгерүүчү баймана,
Эргүү алган элдик бата – мээримден.

Байлык колдоп, бийлик сүрөп жаркырап,
Мээнетимдин ырыскысы тамчылап.
Ынтымакка, элдик шыкка данакер
Таамай багыт. Ачылган жол. Шам чырак.

Бийлик, байлык апкелеби актыкты?
Жапакештик, жакшылыкка марттыкты.
Жаркырайбы улуу мүдөө, асыл нарк,
Элдик инсан экендигин тастыктоо?

Оо өзгөргөн! Бийлик деген түшүнүк.
Жоопкерчилик, ыйман жагы сүрүлүп.



Эл мүлкүнө кол салуунун ыңгайы,
Мыкчыгердик жолун издөө түрүнүп!

Ишенимин актоо үчүн улуттун
берилгенин курчирендер унутту!
Тамшанышып маданиятка массалуу
Жээрип турат Улуу Дөөлөт -угутту.

Ошол бийлик, ошол байлык ардактуу,
Болсо эгер элим үчүн майнаптуу.
Улуу максат жоокериндей болбосо
Кереги жок андай чондун-мансаптын!

Бийлик, байлык кош береке агылган,
Оомал-төкмөл жакшы, жаман жагына.
Тийсе гана патриотко ыймандуу,
Оомат келген! Эл ошондо жарыган.

XXV

## ЭРКИНДИК ЖАНА БАКЫТ

Көз караш бар – бакыт деген эркиндик,
Жетебиз деп, күрөштөрдө серпилдик.
Татаал чыйыр, таштак тарых жолунда,
Энчи болбой өксүдүк биз. Эзилдик.

Ооба, тийди! Эгемендик кайыптан,
Элдер жетпей кылым бою алышкан.
Эркин болдук изги жолду тандоого,
Эркиндик жок ариеттен, намыстан.

Мекенимдин көркү ачылат эмнеден?
Бактылуубуз өлкө менен, эл менен.
Жашаган сон коомчулук койнунда,
Баркта, колдон ыйман, акыл- эс менен.

Бакыт кушун таптай албай чайналып,
Буйдалууда максаттары канчанын...!?
Тагдыр-буйрук! Баарыбызга тагылган
милдет ачуу азаттыктын ажарын!



# Төртүнчү бөлүк

## ДАЛ ӨЗҮҢӨ КАЙРЫЛАМЫН, ЗАМАНДАШ!



XXVI

**СҮЙ ӨЗҮНДҮ**

Татаал заман. Атаандаш күч. Жарыштуу
Түз өзүнө жагдай-шартты жагымдуу.
Талап кылат талант күчүн, ынтааны,
Жашоо керек камкор, чебер, жалындуу!

Сүй өзүндү! Ышкынды кой ченебей.
Жетиш үчүн максаттарга кебелбей.
Жиреш үчүн океанын турмуштун,
Толкундарды тосуп чыккан кемедей.

Сүй өзүндү, мээрим менен керемет.
Өзүн менен өзүн чыккын бетме-бет.
Осол-паскеш пейилдерден арылгын
Сулуу ойго сугарылып эрте-кеч.

Сүй өзүндү! Татыктуу бол сүйгөнгө.
Өз рухтан кубат алып жүргөнгө.
Калыс кара оомал-төкмөл тагдырга,
Ката кеттин. Анда да сүй. Сүйлөнбө!

Өзүндү сүй! Манчыркабай, мактанбай.
Азгырбасын көздү кысуу, «майламай».
Өзүндү сүй! Адамдыкты жаркырат
Ай-ааламдын нарктуу сырын ачкандай.

Төбөлдүк кыл төп келбеген кырдаалда.
Чебер жаша, өксүктөргө чырмалба.
Талаша бил, тазалыкты тартып ал,
Жол ачылсын бакыт, демек, жыргалга

Мүнөздүү бол ыкмагер да, өтүмдүү.
Уюл күчкө айландыргын өмүрдү.
Арттырууга артыкчылык жактарды,
Баалай билгин, таптай билгин өзүндү.



Сүй мекенди! Ала-Тоону айтылуу!
Керемет жай! күндүз күнөс, ай сулуу.
Элди, жерди. Улутунду – унгунду-
Асыл кутту, сүйгүн өзүн аркылуу

XXVII

**ТУЯСЫҢБЫ**

Туясыңбы!? Сенден-таман астындан,
Шаар, элет, айыл-апа калкындан,
Бир түпөйүл көтөрүлөт уюлгуп,
Табышмактуу так төбөндө калкыган!

Ырдаганча каниетчил «ырынды»,
Туясыңбы!? Улуу көчү кылымдын
өтүп жатат ой-кырлардын үстүнөн,
канатында информатика илимдин.

Туясыңбы!? Жатканынды өзгөрүп,
Арасатта келечеги өлкөнүн!
Улуттук кут, Ата мурас буюгуп,
Кара шамал кабыргана өткөнүн.

Туясыңбы!? Талдап чыгып баалачы!
Дымагынды ариетке жароочу:
Жексур бороон улут жүзүн уйпалайт,
Эмнеге СЕН болуп алдын байкоочу!?

Уктун беле!? Ааламдашуу ураанын;
Аралашуу, жалпылашуу ургаалдуу!
Турууштуксуз майда улут чайналып,
Өткөн тарых жазмышына куларын!

Эсине кел! Катталганын унутпа!
Жүз жыл жетпей жоюлуучу улутка!
Өлкөн болсо өтө жакыр тизмеде,
«Хипк», демек, өзүн өлкөн кулдукка..!

Байкайсыңбы, өөдөмсүздүк жагдайды?
Болот, болот! Качаңгыча какшайлы!?
Кечигүүдө «Улуттук Кайра Жаралуу»
Бул демилге бүгүн СЕНден башталсын!

## XXVIII

### ЭГЕРДЕ СЕН...

Кызыкчылдуу таасын, өктөм талам бар,
Торун жая тооруп келген салам бар.
Эгелөөгө өдөмсүздөр өлкөсүн
Көкшүн кучөп, кычышууда тамандар.

Көз арткан бар сууларына, көлүнө,
Тоолоруна, адыр, жайлоо, төрүнө.
Сен кастарлай корубаган жаңгагын,
Бөтөндөргө бермет болуп көрүнөт.

Кызыккан бар сайда –шагыл, ташына,
Тоо сулары кылым бою жышыган.
Алдырганда –арман болуп айтканым!
Айлан куруп, сен ошондо жашыба!

Чоң мүдөөнүн чолосунда арам бар!
Мүңкүрөсөң мулундаган адам бар!
Бөлчүбайдай бөлөбүз деп дүйнөңү,
Жүрүп турат Эл аралык араандар!

Койчу! Алтын, нефти, газды, уранды!
Андан баалуу мөңгүң, мөлтүр булагың.
Булак сындуу таза, эрктүү болбосоң,
Анда анык тоо боорунан куларың!

Алыстатат ата салттан билдирбей.
Азгырышат бийлериңди бир бирден.
Атың улут. Затың башка – бу бир жан
болосуң сен кемсинтилген, түртүлгөн.



Эгерде сен, күнөттүгө берилсең,
Көпчүлүктүн караанына бекинсең.
Ата Мекен тагдырына күйүнбөй,
деген ойдо, башкалар бар, чечилер!?

Жок! Чечилбейт! Мындай ойдо көпчүлүк.
Келечекке суз караган көнүмүш.
Улут нарктуу уул-кыздар көбөйбөй,
Баягы эле бейоопалуу көрүнүш!

Эгерде сен, болалбасаң өдөмдүү,
Ырдай берсең көпкөлөңдүү «өлөңдү».
Ата-салт деп күрөшпөсөң, күйбөсөң
Кайдан конот кут, береке көлөмдүү!?

Аткарылбайт айткан баалуу жумуштар,
Кечтей берет айкын, даана жылыштар.
Анда демек, камыратпай калдаят
Кези келсе шилтенүүчү «кылычтар».

Мезгил жүгүн жеңил-желпи ойлобо,
Улут деген «Улуу тагдыр» ойнобо!
Жүз миллион сактар кайда, скифтер!?
Ыдыраткан! Маңыроолук мойсогон!

Эгерде сен, болалбасаң кыраакы,
Чыйралабы улуттун эрк-кубаты.
Билесиң го! Жаралбасын жоктон бар,
Кайдан келет сыймыктануу, кубануу.

Эгерде сен, аракеттен аянсаң,
Энчиң болсо эрдемсинген тамаша.
Ынтаа менен ынтылбасаң УЛУТ деп,
Эртеңкибиз, дал ошого жараша!

Эгерде сен, бүгүн, орто, алыскы
Келечектүү дүрмөт менен намысты.
Ата Журтка арнабасаң, ал анда
Тарых өзү кылат катаал калыстык!

...Эмнелерден керек бизге корунуш?
Кай тараптан тооруйт бизди коркунуч.
Бул коркунуч эң оболу өзүндө,
Өдөмсүздүк! Кайдыгерлүү олтуруш!

XXIX

## ЖЭЭРИДИН ГО УЛУТУНДУ – УҢГУНДУ!

Кимсиң десем кыргызмын дейт уялбай,
Эне тилин таза, даана куралбай.
Кыргыздыгын пайдаланат мансапка
Өдө тартчу, жөлөк болчу куралдай.

Улут наркын дөөлөт күтпөйт – башкача,
Тилин, дилин, салтын чануу –байкасак.
Кыргыз жери таламайга ыктуудай,
Акыл-эсин ушул мүдөө башкарат.

Керек кезде кыргызмын дейт, байма-бай,
Кыргызмын деш ага амал-айладай.
Мүлкүн жесе, байлыгынан жымырса –
Тайрандаса, манчыркаса жайма-жай.

Кыргызмын дейт, ынтылганда мансапка,
Майлуу кызмат, жылуу жайды сакташка.
Жашоосунда кыргызымдын жыты жок
Улуттук дух суудан супсак көк кашка.

Шайлоолордо айылдарга барасың,
Улуттуктан урунттуу кеп саласың.
«Эшегинди өткөрдүңбү ылайдан?»,
Ала тилдүү, ала мүнөз, аласың!

Кыргызмын деп жетип алды байлыкка,
Чоң кызматка, депутаттык айлыкка.
Өз тарыхын, ата наркын жактырбоо
Тек, негиз жок бул кыргыз деп айтышка.



Кыргызмын деп кымыз ичтиң, мактандың,
Керек жерде «Улуттукка» катталдың.
Турпатында жат көрүнүш, жат жоосун,
Улуттукту уратууга аттандың!!!

Кыргыздыктын берекесин унуткан,
Мансап деген тар мүдөөгө буюккан.
Тан алышпай кыргыз болбой калганын,
Дал ушулар улут баркын куруткан.

XXX

## ДЕМЕК, ЖАГДАЙ ТАЛАП КЫЛАТ ЭРДИКТИ

Турмуш калчап майдаландык-майдабыз,
Заман булкту, силкти, какты. Айласыз
абалдырды жеңүүгө жол издебей,
Ийге көндүк. Болсо дагы ниет түз.

Ооба, шундай! Баштан өттү. Бул чындык.
Жагдай басты. Келишпедик булкундук.
Моюн сундук, морттук кылдык – ич ооруйт.
Аткардык биз, ыйманга жат буйрукту.

Биз бош келдик, көнүп кеттик, арман-ай!
Ыйман парзын албадык ко кармана!
Жандүйнөгө бүлүк салды, кирдетти,
Жуудук анан, ойлор менен таптаза!

Арамдык күч! Мезгил кытмыр-оорулуу
Аздык кылат көздөө таза болууну.
Кесе айткан акыл керек, эрк керек,
Эрдик керек. Ошондо бек орунуң.

Адамзаттык ак ниетти аркалап,
Акыл-эсти кыраакы-ак кармасак;
Аруу мүдөө инсандары биригип,
Тирек болуп ыйык жолдон тайбасак.

Мансапкорго кошоматчы, ушакчы,
«Кол балага» айлантууга тузактуу
азгырыктар. Аз келгенсип опуза,
Бирок биз да далайларын кулаттык.

Акыйкат деп алдуу менен алыштык,
Азабына чыдоо менен таанылдык.
Сиз, абийири, ариети элимдин,
Көрөңгөсү келечектин, тарыхтын.

Билсең дагы мындай пейлин «утулуу»,
Сизде болбойт акча үчүн жутунуу.
Аркаладын Адам ата мурасын,
Шүгүрчүлүк, өмүр сүрүү жупуну.

Ойлондурат пейилдердин тардыгы,
Таза дилди баалоочунун таңсыгы.
«Мен билемдер» «калыс сөзүн» соодалайт
Кадыр-баркы болбогурга арзыды.

Жашасачы! Ар бир айыл, калаада,
Сынчылары «кара кылды как жарган».
Азгырылбас акча, буюм, белекке,
Калыстыкка бүт өмүрүн арнаган.

Дили таза ыйман куту, мисалы,
Эл ичинен тааный билсек биз аны.
Тен бөлүшсөк таарипилик тагдырын
Болбос эле азыркыдай булгануу.

Эртен дебей тан заардан, бүгүндөн,
Түздөйлүчү ниеттерди бүгүлгөн.
Бырыштырган шылуун, сыйкы эзмелер,
«Карышкырлар» силкип-жулкуп бүлдүргөн.

«Жөн жүрүүдөн» далай тагдыр ыспалда,
Жондук-боштук такааты жок ызгаарга.
Жүрөктөргө аруу ойлор бийлигин
орнотолу! Оомат келсин ыйманга!?



Жакшылыктуу жанылансын бул турмуш.
Накыл кептин маанисине жуурулуш.
Ыйман-адеп өкүм сүрсүн – өзгөчө.
Так жолго түш! Жаса кескин бурулуш!

XXXI

## ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ – ОЗУЙПАНДЫ АТКАРГЫН!

Интеллигенция алдынкы көч ишенген,
Өсүү деми, изги жолду изденген,
Кечигүүдө жетилүүсү эл күткөн,
Бийик нарктуу демигеси ирденбей.

Жагып сага куру сөзчүл делөөрүү
Жабышты го жарытпаган жел ооруну.
Өкчөлөсүн, өзүн менен өзүнсүн,
Чаман жетпей калайыкка дем болуу.

Ой калчашуу озуйпадан четтеген,
Майдалануу, мезгил сырын чечпеген.
Акыл көчүн, ачып берчү чындыкты,
Керектөөчүл бүтпөс ташбиш чектеген.

Өздүк мүдөө арзыбаган-арбаган!
Камгак болдук кара шамал айдаган.
Даанышмандык озуйпаны алмаштык,
Акча менен ченеп-бычкан пайдага.

Интеллекттүү карым-катнаш жаралбай,
Акыл өскөн эстүү талкуу карайлайт.
Келемиштей ар ким казса өз ийнин,
Кыргыз көчү оожалабы? Кана айт!

Жаралабы акылдардын-акылы?
Такталабы тамай ойдун асылы?
Айткан ойлор аракетке өтөбү?
Убаймалар! Ушул сөздүн ачыгы.

Жандүйнөсү жакырдыкка кептелип,
Зор вазипа тар мүдөөгө тепселип.
Жүрө бербей аркаласа милдетин,
Айкын күчкө айлануучу кез келип.

Эй интеллигент, жосундарды байкачы!
Каптап барат өзүмчүлдөр талабы.
Так талдоолор, таамай сунуш карайлап,
Чала сабат зөөкүрлөрдүн заманы.

Кайда барсаң трибунаны ээлеген,
Талап коёт эпке-сөзгө келбеген.
Ал анткени кыраакы, курч болалбай,
Күнөттүлүк, ажырадын «келменен».

Татыктуулук өз наамына жараша,
болуш керек, намыскөйлүк жана да.
А бирок да, өзгөрүшчүл маалда,
Ыраазысын алаганыңа жан бага.

Арылбасак абалдан бул текебер,
Алыс жактан чыгат бирөө жетелер.
Алсыздарды тескебесек болбойт деп,
Алатоонун арсыз буттар тебелээр.

Интеллигенттер арасынан интеллект,
Улут нарктуу лидерлери иргелет.
Кайра жаңгыс ийгиликтер көбөйүп,
Калыптанат каарман жол, из терен.

Кетсин күндөр, өп-чап жашоо кунарсыз.
Шык жараткан демилгеге кумарбыз.
Инеллигенттер идиреги элимдин,
Алга сүрө! Жашоо керек муң-зарсыз!

Акыл калчап дымак, эркти толгоого,
Асыл-нарктуу жөрөлгөнү топтоого.
Милдеткербиз интеллигент аалымдар!
Дал ошондо тагдыр чыгат чоң жолго.



Зарыгууда үзүлбөгөн үмүттөр.
Ташыркады тапталбаган күлүктөр!
Демек, керек демилгелер. Аракет!
Ар бириңден айкын, жаркын үлүштөр.

Оку, өнүк! Интернетти антаргын.
Эсиң чогулт эң билимдүү алптардын.
Улуттук дух гаранты бол! Көч башта!
Интеллигенттер озуйпанды аткаргын!

XXXII

## КЫРГЫЗЧЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ

«Кыргызчылык» көптөн бери талданат.
Бир пикирдин жок экени байкалат.
Албетте, айтса болот ар кандай,
Бирок турмуш чындыгынан бааланат.

Бирөө айтат, «кыргызчылык» жалкоолук,
Келечегин көрө билбес аңкоолук.
Ишенчээктик, көралбастык, чыгымчыл,
Тез жабышуу терс пейилге-жат жорук.

Кыргызчылык жүрө берүү кенебей,
Бирок өзүн Күн, Жылдызга теңемей,
«Күл тартмайчыл көмөчүнө ар кими»,
Кайдыгер калк. Жетекчиси жемекей.

Ооба, кыргыз мунаралар курбаган,
Алтын казына – буга көңүл бурбаган.
Көчмөндүктүн көркөм наркын аздектеп,
Бай жандүйнө, рухий байлык жыйнаган.

Кыргызчылык, демек, бийик сенирдей
Мыкты кесип. Бекем тартип темирдей.
Илим-билим, ишкердикте чебердик,
Таамай жолду таба билүү эрикпей!

XXXIII

## КӨЙГӨЙЛӨРДҮН КӨКТҮГҮНӨ КАРАБАЙ

Эй замандаш! Билем, жакшы түшүнөм,
Тажаал мезгил, пейилдер да үшүгөн.
Башка түшөт кыйла оор учурлар,
Бири аздай, дагы бири үстүнөн...

Көйгөй ээлеп, көкүрөктө убайма;
Кыжый берсен кыйыры жок чубалма.
Күчтү топто, абалынды колго алгын,
Намыс тиле, кулдук уруп Кудайга!

Абал татаал, жагдайлар аз жагымдуу,
Пайда бербейт бушаймандуу жабыгуу.
Күрөшкө чык белди байлап, белсенип,
Жаны жашоо нугуна өт жалындуу.

Алсыратат алдастаган чорконтук,
Өтүмү жок арамзалык, мококтук.
Талдап чыгып жениш жолун аныкта,
Өз күчүнө ишенгенин болот шык.

Арыз мунду айта берүү жарытпайт.
Тооруп турган азаптардан арылтпайт.
Досун ойдо, душмандарың табалайт,
Тыянагы кимдигинди аныктайт.

Согот жанды кытмыр таасир, ар кандай
Эрк токтотот, ажыдаарды баскандай!
Долуланат. Кайра-кайра чапкылайт,
Сен турасын! Сепил болуп калгандай.

Кандай кайсар сокку болсун ноюба,
Тагдыр жүгүн тартынбай арт моюнга.
Жүүнү бошту жүдөтүүдө өз пейли
Жениш туусу эрктүүлөрдүн колунда.



XXXIV

## ЭРГҮҮ КЕРЕК УЛУТКА

Жалындаган эргүү керек адамга!
«Улуу максат», уюл ойдон жаралган.
Эл самаган жеништердин тиреги,
Даанышмандар эрк-шыгына таянган!

Бирдей эле дымак, каалоо пендеде!
Япондордой болалбайбыз эмнеге!?
Айкөл Манас урпактары болгон сон,
Тенелүү парз эн таланттуу элдерге!

Япондордун «Улуу сыры» эмнеде!?
Же мүчөбүз, же боюбуз кем беле?
Билим, илим, диплом, наам жетиштүү,
Кара күчтө кадимкидей тенме-тен!

Ошолордой болуу милдет түшүнсөк;
Чымыркансак, чындап билек түрүнсөк!
Таптап, чынап өзүбүздү өзүбүз
Жапакештик, бир муштумдай түйүлсөк.

Ыйман, топук кубат болчу жемиштей,
Четтетилсин текебердик, жеп-ичмей.
Жоюш керек өксүктөрдү өкүнткөн,
Жүдөтпөсүн –мүнөз жагы жетишпей.

Эсти тактап басып өткөн тарыхтан,
Осуяттан кылымдарды карыткан.
Эргүү менен эрте туруу умтулуу –
Улут болуу мыктыланган жанырган!

Өнүп-өскөн өлкөлөргө суктануу.
Тенелели! Атаандашуу – шыктануу!
Улут деми сиңип жерге, абага,
Өрөөн, жайлоо кыргыз духу жыттаныp.

Көр тирилик турса дагы жадатып,
Убакытты натыйжага талашып.
Кубандыргын өзүңдү да, өлкөңдү
Элин үчүн жаркын үлүш жаратып.

Күндөн-күнгө Мекен көрктүү, жакшына!
Ийгиликтен нур чачырап бактыга!
Улам даана «Улуу максат» жаркырап,
Артып барат кадыр, урмат калкыма!

Изги жолду ийгиликтүү талдашып,
Ой толгоолор ар бир үйгө жарашып:
Көкөлөсүн элдик нарктуу сапаттар,
Кыргыз Улуу Улут болот деген ШЫК!

XXXV

## КУБАНДЫРГАН КЕЛЕЧЕКТИН БЕЙНЕСИ.

Кыргыз элим куттуу жолдо биз курган!
Элдер менен бир максатта, бир тууган.
Алып чыкты арасаттуу абалдан,
ийгиликке ишенимдүү умтулган.

Өзгөчө дух, жигердүү шык жергемде.
Байкайт конок аэропортко келгенден.
Айыл, калаа – жаңылануу жарчысы,
Изги иштер, ийгиликтер дем берген.

Алатоого бакыт конуп жаркырап,
Демдүү эмгек, сыймык нуру чачырап!
Талдоочулар көрүнүшкө өзгөчө,
Таң биришет! Чындап көөнү ачылат.

Көч алдында туу көтөргөн жаштарың,
Арылышкан арбоосунан «башканын».
Мотурайган накта кыргыз намыскөй,
Өнүгүүнүн жаңы көчү башталды.



Интеллигенция мекенчили, кырааны
Улут наркын урматтаган кыраакы.
Ишенимдүү ийгиликтин тиреги.
Изги жолду так көрсөткөн чырагы.

Четтетилип ашмалтайлуу ала тил,
Таптак, даана ширелүү сөз – таза тил.
Кыргыз үчүн кыраандыктын символу,
Таң берүүдө бүшүркөгөн табачыл!

Сактаналдык ааламдашуу куюндан,
Бекем колдо, эгемендик буюрган.
Алгалоонун айкын, даана кадамы,
Калып артта «какшаал кез» буюккан.

Айырмабыз боз үй, калпак, кийимден,
Өзгөчөлүү шөкөттөрдөн билинген.
Жасалгалуу айкын типте улуттук
курулуштар улам барат бийиктеп.



Нукуралык көкөлөдү кыргызым,
Ариетчил асыл жолдо уул-кызын!
Сактай алган жөрөлгөдөн улуттук!
Бүт дүйнөгө эркүүлүгүн билгиздин.

Айыл көрктө, кандай сыймык карасан!
Алатоого кыргыз болуу жарашат.
Буюм-тайым, кийген кийим улуттук
Көргөнүмдө көөнүм тынчый жай алат.

Ордо калаа ата салттын тиреги,
Кыргызымдын таза соккон жүрөгү.
Ыйман-намыс, ариеттин, абийирдин
Ордосу бол! Ушул менин тилегим!

Ыйык максат, тилегинди туу туткан,
Жандүйнөгө коргошундай уюткан.
Жарандарын жапатырмак умтулуп,
Айландырды тын, чыгаан улутка.

XXXVI

## ЫРЫС-ТААЛАЙ ӨКҮМ СҮРСҮН ӨЛКӨДӨ

Тоо, калаада өссүн бакыт өркөнү,
Бакыт нуру бөлөп турсун өлкөнү!
Тирек болуп ыйман, эмгек, ынтымак,
Жашоо жыргал, демек, бакыт өктөмү.

Майрамдарда элим шандуу өткөндө,
Шаттык, күлкү кубанычты көргөндө,
Каалап кетем, жердин жүзү болсо экен
Бактылуулук боюнча Чоң Көргөзмө.

Көкөлөсүн – шыктан көңүл байрагы!
Бактылуу бол кембагал да, бай дагы.
Таза ниет жандүйнөгө жуурулсун,
Ыйман, адеп акыл-эстин ардагы.



Бакыт үчүн күйүп, оттой жанып өт.
Ашкан татаал тоскоолдукту жарып өт.
Үзүрүн көр, мазесине маарыгын,
Жолдош болсун тообо, топук, каниет.

Бардык жерде бакыт чачсын күлкүлөр.
Сулуулукту чагылдырсын күзгүлөр.
Жердин жүзү толсун жыргал маанайга,
Дал ошондо жашоом шандуу күркүрөөр!

* * *

Инсан болсун ырыскылуу, бактылуу.
Жүрөк күүсү – энсөө шаны бактынын.
Улуу максат, күндө сулуу, дайым жаш,
Колго кармоо «Бакыттын нур ачкычын».



# УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУГА УМТУЛУУ





## УБАКЫТ БААРЫН ОРДУ-ОРДУНА КОЁТ

*Алдыда сунуш кылынуучу «Улуттук Кайра Жаралуунун программасы» 1992-жылдын аяк чениндe жазылган эле. Ал кездеги күчүн жогото элек пландуу экономиканын эрежесине ылайык кол жазма алдын-ала жактырылып, «Темпланга» киргизилип, ал жогорку тараптан бекитилип, андан кийин гана басмага өткөрүлүп берилчү, мындайча айтканда, колжазманын китепке айланышына бери эле дегенде эки жыл талап кылынуучу. Ушуга байланыштуу бир кыйла кечигип, оболу «Улуттук Кайра Жаралуу идеясы» («Кыргызстан» басмасы, 1995-ж.) китебимде жарык көргөн. Андан соң, «Улуттук Кайра Жаралуунун ПРОГРАММАСЫ» (1996-жыл) өзүнчө басылып чыкты.*

*«Мезгил – калыс тараза» деген лакап бар эмеспи. Берилген убада, макулдашылган мүдөө, же кабыл алынган программа убакыттын чыгырыгынан чыгуу менен арзыбаган убаракерчилик же бараандуу ийгилик түрүндө нарк-кунуна ээ болот.*

*Же колуңдан келерине сыймыктанып, жандүйнөңдөгү катылуу кубат-эркиң ойгонуп, шыктанууга айланып, андан да бийик мүдөөлөргө умтула баштайсың.*

*Же болбосо ...актанып-мактанып көрөсүң да, акырындап алсыздыгыңа, арсыздыгыңа баш ийип чөгөлөйсүң, ашмалтай абалыңа көнөсүң; чама-чаркың ушуга гана жетсе не кылмаксың – анан!*

# ЗАМАНДАШКА КАЙРЫЛУУ

Жашоо-турмуш улам начарлаган сайын инсанды өтө эле жупуну керектөөлөрдүн күнкоруна айлантып, эптештирүүнүн зарылдыгына мукурата байлап салууда. Канааттандыраарлык мезгилдерде анча баамдала бербеген, таш кылымдардан бери келаткан, ан-сезимдин белгисиз бир түпкүрүндө жаткан жапайычылык, айбанчылык сезимдер дүүлүгүп, рухаий жана ыймандык дөөлөттөргө ачыктан-ачык кол шилтетип, адамдарды оройлонтуп баратканын билгиси келбеген, билип көргүсү келбеген да туюп атканы маалым эмеспи.

Бүгүнкү күндүн эң начар жагы эчтекеге тан калбоочулук, жамандыкты жек көрбөөчүлүк, кыскасы, оройлук, каниетсиздик, уят-сыйытсыздык нормага, көндүм көрүнүшкө айланууда – болгондо да бул көрүнүштүн түрлөрү улам көбөйүп, арааны ачылып баратат.

Ушундай шартта калайык-калкты акыл-эске чакыруудан да айбыгат экенсин, адам. Бирөөлөр, сенин китебинди сатып алып жазгандарынды окумак түгүл карапайым калк күнүмдүктүн өтөөсүнөн чыгуунун айласын таппай жүрөт десе, ооаттуу «дөөшаалар» сен эмнени билет элен, чындык мына биздин колубузда деп кол шилтери да толук мүмкүн.

Бирок кандай болбосун үмүт бар. Ал үмүт адам деген куттуу, ырыскылуу атка негизделет. «Адам», демек, бул жарык дүйнөдөгү акыл-эстин жогорку туюндусу, андагы негизги касиет баамдоо, талдоо, түшүнүү, келечекке жоопкерчилик менен кароо, ошого жараша өз аракетин жөнгө сала билүү.

Демек, биз, азыркы жөө тумандай чулгай каптаган керен абалдан бир гана жол менен чыга алабыз, абал оорлошкон сайын, чылгыйланган сайын ошончолук көшөрө эркти колго алып, ар ким өзүн тартиптүүлүккө, ыймандуулукка, жоопкерчиликке чакырып, туура аракеттенүүгө өтмөйүн жалпыга жагымдуу жакшы күндөргө жетүүгө деги эле мүмкүн эмес.



Эмесе, биздин оболку максат, абалыбыздын чоожайын дыкат иликтеп, талдап көрүп, тыянак чыгарып, ырааттуулук менен төп аракеттерди чымыркана жасоо аркылуу оор абалдан аз-аздан болсо да арыла берүү.

Эгер биз ыймандык, генетикалык, экономикалык, экологиялык оңолууну чындап көздөсөк, бул ийгиликтер өтө тырышчаактык жана бошондоого жол бербеген темирдей бекем эркке сугарылган акылман, иш билги, кылдат жана чебер, татаал бирок таамай аракеттер менен гана жетерибизди көнүлгө бекем түйүп койсок да, ушу колдон келеби деген суроону ар бирибиз өзүбүзгө берсек. Эгер колдон келсе анда абдан сонун.

Ушул китепти оку, шашпай оку, жеткиликтүү түшүнбөгөн жактарынды, күдүк ойлорду, пайда болгон кошумча суроолорду атайын адабияттарга кайрылып, дагы терендеп таанышып толукта, эң негизгиси эл-журтундун, келечек муундардын алдындагы инсандык жоопкерчилигинден буйтаба.

А эгер эртең, бүрсүгүнү, анан дагы бир онтоюн келгенде деген бошондукка жетелене баштасан, бир эле мен белем, башкалар деле ушу милдетти аркалап кетер, ошондо менин мажирөөлүгүм байкалбай калар деген күмөндүү күдүк ойго женилип, «кол көтөрүп туруп берүүчүлөрдөн» болсоң, андан сен өз арбайынды согуп жөн эле калыс жүргөн адам эмессиң, анткени азыркы шартта жөн эле болууга кыпындай да жол жок, демек, сен элиндин, туулган жериндин, улуттун кутмандуу эртенине жолтоо болуп, калакат көрсөтүүчүлөрдөн экенинди ачык эскертем – бул жагдайды канчалык жылма куюлушкан сөздөр менен чүмбөттөбөйлү, жыйынтык жалпы натыйжа аркылуу ачыкка чыгып, «баары көрүнүп» туруп алат. Ошондуктан байыркы даанышмандар «чындык жылаңач» деп айтышкан. Ошондуктан «жадыраган токчулук турмушту самаган эл чындыкка ачырканып жашаш керек» деген көөнө замандагы улуу пайгамбардын бири.

А эгер кайдыгерчилер элибиздин ичинде сандап саналып туруп алса, анда арадан көп деле жылдар өтпөй өзүбүздөнбү, өзгөдөн чыккан бирөөбү же бирөөлөрбү, атайылап эмес аргасыз мындай тыянакка келери толук ыктымал.

Адамзаттык бийик нарк-насилдүү мүдөөлөрдү аркалап кетүүгө жарамсыз, күнүмдүк «курсактын» камына биротоло баш ийип алган ушу ириген-чириген, онолбос тополон-топту оңоймун деп өмүрүмдү куру бекер коротуп олтурамбы? Онолчусу онолор, онолбогону бирдеке болор, бир чечкиндүү чара көрбөсөм болчудай эмес дейт да, моралынды да, насаатынды да, парасатынды да, адам укугу деген нарк-насилинди да, калыстык-тендигинди да жыйыштырып коюп, каардуу чечимге келип, чечкиндүү аракетке өтөт. Же болбосо, иринди-чириндилик абалга өбөктөтө таштап салат да, алагды кылуу максатында кургак мактоого алуу менен бузулуу, айнуунун акыркы стадиясын күтүп, керт башын бейпилдик жыргалына көшүлтүп, көргөнүн көрбөмүш болуп, укканын билмемиш болуп, «коопсуздук коргонун» түзүп алып, күнүмдүктүн мазесине марый берет.

Андан аркысын баамдоого, кыязы, чаман жетет го замандаш?

Ошондуктан оку, ойлон, түшүн, такта, тыянак чыгар, күжүрмөн аракетке кел!

Ал эми кыргыз элинин « Улуттук Кайра Жаралуусу» менин пикиримде мына бул үч баскыч аркылуу ишке ашат:

**Биринчи баскыч:** Өз алдынча окуу, таалим-тарбия алуу жөндөмдүүлүгү. Ишкерди, талантты, чыгаанды алга сүрөөгө салым кошуу. Чындык үчүн күрөшүүгө дараметтүүлүк. Рыноктук турмушка тың аралашуу. Демократиялык мүнөз-пейилдердин калыптанышы. Реалдуу кырдаалга карата айкын максаттар менен жашоону үйрөнүү. Эркти чыйралтуу. Патриоттук духтун жанданышы.



**Экинчи баскыч:** Маданияттуу, нарк-насилдүү жашоо-турмуш. Жалпы дипломатиялуу мүнөздөр. Бардык тараптан сапат үчүн күрөш. Мээнеткеч пейилдер. Өздүк, үй-бүлөлүк турмушту илимий негизде уюштурууга кеңири киришүү. Илимий-техникалык, информатикалык кесиптерди сапаттуу өздөштүрүүгө массалуу түрдө ыктоо.

**Үчүнчү баскыч:** Философиялык мейкиндик, коллективдүү даанышмандык. Алыскы келечектүү стратегиялык дүрмөт менен жашоонун жалпы элдик мүнөзгө, каада-салтка айланышы. Ден соолуктун жана генетикалык мыктылануунун жаркын көрүнүштөрү. Бекем, монолиттүү улуттук өзөктүн түзүлүшү.



# УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУНУН ПРОГРАММАСЫ

*Үмүттөн башка эмнең бар?*

***Плутарх***

*Күн өткөрүү эрдик эмес,*
*Күн санап өсүү эрдик.*

***И.В.Гете***

## I

Дыкат такталган, ал түгүл чет элдик адистердин назарынан өткөн өсүп-өнүгүүгө арналган далай программалар, иш чаралар, өрнөктөр, башталыштар көп өтпөй дармансыз абалда калып, жаңыларын түзүүгө мажбурлап атканда түбү келип эмнени түшүндүргүдөй? Кандай мыкты сунуш – болгондо да демократия сыяктуу бөтөн жактарда турмуштук практикада өзүн актаган асыл ой-албан максат табигатына төп келген, алдын-ала даярдалган «элдик кыртышка» түшмөйүн өнүп чыкпайт.

Тескерисинче, ар тараптуу каныккан түшүнүккө эгедер: эрки чыйрак, намыскөй, париот атуулдары басымдуу көпчүлүктү түзгөн өлкө, ар кандай оор кырдаалдарды жеңип чыгып өз элинин турмуш-тиричилигин тың уюштуруп кете алат. Ар бир инсанга бүгүнкү сан чиелүү, чалды-куйду тарыхый бурулуштук мүшкүлдүү замандын «жол эрежелерин» үйрөтүп: ишенчээктиктен да, кайдыгерликтен да арылтып, ийгиликке шыктандырып, жетеленбей-түртүлбөй өз алдынча ой жүгүртүп, туура тыянак чыгарып, таамай жол таба билген күжүрмөн күрөшкө даяр азаматка айландыруу үчүн колдон келген бардык аракеттерди жасоо милдети алдыбызда турат.



## II

Улуттук Кайра Жаралуу (УКЖ) идеясы Кыргыз Республикасында жана андан сырткары аймактарда жашаган элдер үчүн да бирдей керектүү түшүндүрмөлөр. Тек гана бул ирет кыргыз элинин тарыхый калыптануу өзгөчөлүгү негиз катары алынат. Бул идея республикабызда жашаган улуттардын ичинен кыргыздарга артыкчылык берүү максатын көздөбөйт.

## III

Улуттук Кайра Жаралуу – бул ар бир адамга жашоо-турмуштук алдыңкы ыкмалар тууралуу түшүнүгүн кеңейтүү, экономикалык, экологиялык, рыноктук билимин тереңдетүү, азыркы заманды талдоочу көз карашта өздөштүрүү ан-сезимин өстүрүү, адамдарды мыкты инсандык сапаттарга үндөө менен чыгаан элдердин катарына кошулууга карата элдик шыкты жандандыруу, коомдук өнүгүүнүн мыйзамченемдүү багытын тура аныктап, андагы өзүнүн жарандык дараметине ылайыктуу ордун таба билип, улуттук милдетин тың аткарууга жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

Мекендин ар мүчөсүн, чын ден соолукка, сергек акылга, тунук ой жүгүртүүгө, чечүүчү эркке, терең түшүнүккө, мээнеткечтикке, чебер адистикке ээ болуу үчүн каарман күрөшүүгө үйрөтүү менен улуттук руханий, каада-салттык байманалардын мыкты өкүлүнө айланышына жетишүү.

УКЖ маселеси бул – адамдарды бири-биринин абалын маалында кылдат сезе билип, жигердүү мамиле түзүп, ишенимдүү алакада болуп, бекем бirimдикте кайраттуу аракеттенүүгө багыттоо.

IV

УКЖ турмушка ашыруу максатында биз негизинен төмөндөгүдөй үч түрдүү аракетте болушубуз ыктымал.

**1. Зарылдыкты түшүнүү.**

Улуттук Кайра Жаралуунун зарылдыгы тууралуу жыйын-чогулуштарда айтып туруу, макалаларды жарыялоо, радио-телемаектерди өткөрүү жана илимий-гезиттик баяндамалардын жугумсуз кайталанмасы менен кете берүү. Бул көп сөздүүлүктүн жана эзилмеликтин жолу. Мындайда чоң алсыроолор, көңүл калуулар, буйдалуулар баштан кечирилет.

Бул багыттын көйгөйлүү жагы, натыйжасыздыгы менен улутту, өз мүмкүнчүлүгүн төмөн санообынандырып салуусу да мүмкүн.

**2. Кыялдануулардын жана каяшачылдыктын жолу (Утопиялык демагогиялык жол).**

«Улуттук Кайра Жаралуу» жаатында бир топ жөндүү, акылдуу кептер айтылат, атайын жыйындар өтөт, программалар кабыл алынат, окуу куралдары жазылат, радио-телеберүүлөр түзүлүп элге таркатылат. Экономикалык реформа жаатындагы программалардын пункттарына УКЖнын кээ бир максаттарын чагылдырган талаптар киргизилет. Бирок мүдөөнү улуттук «кыртышка» кадыресе жайгаштырып, «өндүрүп» чыгууга уюштуруучулук жөндөмдүүлүк, өжөрдүк, көзчүлдүк жетишпей үмүттөнүү менен убакыт өтө берет. Улам кайчы маанидеги сунуштар көбөйүп, идеяны биротоло алсыратат. Аягы келип бирдиктүү пикирге токтоло албагандыктын, максатташтыкка жетише албагандыктын көрүнүшү болот да «кайра куруу» деген сөз сыяктуу кайдыгерлүү мамилеге тушугуп, коомго даару касиетине көтөрүлө албайт.



**3. Чечкиндүү жол.**

Бул жол алгач, бир катар күмөнсүрөөлөрдү, талаштарды, нараазычылыктарды, ал түгүл каршылыктарды баштан кечирет. Бирок кубаттуу идеологиялык иштерди жүргүзүү менен улуттар аралык түшүнүшүүгө жетишилет да алгачкы натыйжаны 8–10 жылда эле бере баштайт.

V

Алгачкы эки вариант учур агымынын ыгына көнүү багыты, азыркы жалпы керендик абалда жанча дараметтүү эмес. Мен элибиздин ушу таптагы менталитетин (жаныны өздөштүрүүчүлүк, ан-сезимдик, дүйнөтаанымдык дараметин) эске алуу менен үчүнчү вариантка негизделген программаны сунуш кылам. Бул вариант мамлекеттик деңгээлде кабыл алынган чечимдин негизинде кыймылга келет.

VI

## ПРОГРАМАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАР

**Даярдык:**

1.УКЖнын программалык негизги принциптерин аныктоо максатында жалпы элге кайрылуу, конкурс жарыялоо.

2. Ошол эле учурда Өкмөт тарабынан каржылап үч-төрт, өз ара көз каранды эмес, чакан чыгармачылык топторду түзүү менен УКЖ программасын иштеп чыгуу жана иш-чарасын пландаштыруу багытында белсене киришүү.

3. УКЖ программасын, улуттун философиясын иштеп чыгууга өз үлүшүн кошууга мүмкүнчүлүгү бар атуулдарды жана коллективдерди Өкмөт жана сүрөөнчүлөр тарабынан финансылык жактан колдоого алуу.

4. Бишкек шаарында, облустарда «Улуттук кайра жаралуу борборун» түзүү. Анын алдында туруктуу иштеген курсту ачып, анда «Улуттук Кайра Жаралуу боюнча» окутуучуларды, уюштуруучуларды, үгүтчүлөрдү даярдай баштоо.

**Киришүү:**

5. Улуттук Кайра Жаралуу идеясынын жол-жоболорун түшүндүрүүчү жана пропагандалоочу мамлекет тарабынан каржыланган арзан баадагы гезитти кеминде 300 миң нускада айына эки жолудан чыгара баштоо. Гезитти, негизинен кабардоо каражаттарынан оолак калган айыл калкына жеткирүүгө өзгөчө көңүл бөлүү.

6. Радиодон жана телевидениеден эл көп көңүл бөлчү убакта (саат 20–24 чамасында) УКЖ багытындагы берүүлөрдү туруктуу жүргүзүүгө өтүү.

7. Улуттук Кайра Жаралуунун таламына ылайык келген философиялык, этикалык маанидеги тополук жана кыска метраждуу видео, кинофильмдерди тартууга карата зарыл маселелерди чечүү.

8. Балдар бакчасында, мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларында «Улуттук Кайра Жаралуу идеясын» таасын түшүндүргөн сабактарды кийирүү.

9. Облустарда, райондордо түзүлгөн «Улуттук Кайра Жаралуу» борборунун кызматкерлерин конкурстук жол менен тандап алуу жана алардын күчү менен шаарларда, кыштактарда, мекеме-ишканаларда, окуу жайларында тематикалык окууларды, талкууларды, пикир алмашууларды туруктуу өткөрүүгө кеңири масштабда киришүү.

10.Туруктуу иштеген, «Манас» эпосунун адеп-ахлактык, баатырдык образын жалпыга жеткирүүнүн белгилик-рекламалык жол-жобосун аныктоо.

11. Дүйнөлүк даанышмандыктын орошон уютку-сун элдин калың катмарына жеткирүү максатында азыркы татаал кылымда жашоонун ыкмасын үйрөткөн экономикалык, бизнестик, юридикалык, турмуштук-практикалык маанидеги чет элдик мыкты адабияттарды, негизги маанисин таасын түшүндүргөн илимий популярдуу жыйнактарды жатык тилде которууну тездетүү менен массалуу тиражда китептерди чыгарууга жетишүү. УКЖ китепканасын түзүү.



12. Кыргыз Республикасынын маданият министрлигин УКЖ идеясын калкка терең жайылтуу боюнча кеңири планда иш жүргүзгөн маданий-идеологиялык «Руханият» министрлигине айландыруу.

Инсандын дүйнө тааным маданиятын өстүрүү, азыркы замандагы жашоонун алдыңкы ыкмаларын үйрөтүү негизги милдети болгон тармакты түзүү менен окумуштуулар, ойчулдар, чыгармачылыктын өкүлдөрү кирген абройлуу үгүт-насааттык топтор аркылуу жер-жерлерде таалим-тарбиялык иштерди жогорку олуттуулукта өткөрүүнү бекем колго алуу.

14. «Руханият» министрлигинин чыгармачылык топторунун күчү менен даярдалган УКЖ идеясынын негизинде түзүлгөн драматургиялык, сценалык, көркөм окуу жана концерттик, конкурстук программалар менен калк арасына чыгууну эрежеге айландыруу.

15. XXI кылымдын проблемаларын, демократиялык түзүлүштү, шайлоо системасын, партиялардын, коомдук уюмдардын программаларын, иш максатын, коомдогу ордун окуп үйрөнүүнү «Руханият» министрлигинин мекемелери аркылуу ырааттуу жүргүзүп туруу, бул максатта атайын адабияттарды басып чыгаруу.

16. Социалисттик реализмдин негизинде жазылган көркөм адабияттагы оң, терс каарман маселесин тактоо. Мааниси эбак эскирип кеткен китептерди текчесине тизип алып жан сактоо аракетинде жүргөн китепканалардын ишин жаңы, информатикалык замандын талабына төп келген деңгээлге жеткирүүнү камсыз кылуу. Кыргыз элинин китеп окубаган улутка айланып баратышына жол бербөөчү иш-чараларды иштеп чыгуу.

17. Кыргыз элинин тарыхый, философиялык, этикалык мурасын тактоо. Улут кайсы акылды-философияны, кандай салт-кааданы дүрмөт тутуп жашоо керек экендигин изилдеп, тактап чыгып жалпы элдик талкуудан өткөрүү, бирдиктүү пикирге келүү.

18. Кыргыз элинин дүйнөлүк элдер арасындагы улуттук байманалуу ордун жана милдетин аныктоо багытындагы саясий, экономикалык, философиялык, футурологиялык, генетикалык маселелерди аныктоонун үстүндө ыраатту иш жүргүзүү.

19. УКЖ программасын ар тараптан терең түшүндүрүүнүн дагы бир натыйжалуу формасы катары ишканалар, мекемелер, айылдар, окуу жайлар, шаарлар, аймактар аралык УКЖ түшүнүктөрүнүн негизинде даярдалган өнөктүк таймашуусун (фестивалдарды, конкурстарды) өткөрүүгө жогорку даражадан иштиктүү көңүл бөлүү.

20. Жаштар үчүн илимий-техникалык өнүгүүнүн тармактарын кыскача көркөмдөп түшүндүргөн, кызыктуу баяндап берүүгө жарамдуу илимий-популярдуу адабияттарды даярдоочу чыгармачыл топ түзүү. Ал адабияттарды окутууну балдар бакчасынан баштап, мектептердин программаларына киргизүү.

21. Адамдын келечектик дарамети негизинен беш жашка чейин эле түптөлөрүн эске алып, мектеп жашына чейинки балдардын тагдырына өзгөчө көңүл бөлүү. Тапкычтыкты, ойчулдукту, чеберчиликти, тыкандыкты, шамдагайлыкты жатыктырган ар кандай оюнчуктарды, техникалык каражаттарды кеңири жасап чыгарып, айрыкча айыл жергесинде мол жайылтуу.

22. «Кайдасын талант» программасын иштеп чыгуу, талантты тандоонун методологиялык ыкмаларын тактоо. Аналитикалык жол менен конкурстук аныктоолорго өзгөчө маани берүү. Интеллекти баалоонун азыркы чет элдик жол-жоболорун окуп үйрөнүү. Айрыкча экономикалык, өндүрүштүк, техникалык, информатикалык, бизнестик тармактарда таланттууларды изилдеп иликтөөнү кеңири кол-



го алуу, аларды ыйман-парасаттуулукта тарбиялоону өзгөчө жолго коюу менен «Улуттун келечеги» лицейин ачуу.

23. Бардык айылдык мектептерде компьютердик класстарды ачып, анда атайын сабактарды өтүү жана компьютердик-программалык оюндардын мелдешин такай өткөрүп туруу.

24. Илимий-техникалык кылымдын татыктуу адамын тарбиялоо максатында мектептерде, окуу жайларында бул маселеге өзгөчө көңүл бөлүү. Бардык тарбиялык иштерде «техникалык чыгармачылык клубдарды» ачып электротехникалык, слесардык, жыгач усталык, кол өнөрчүлүк түрдүү шаймандар менен кеңири камсыз кылуу, техникалык чыгармачылык боюнча мелдештерди, олимпиадаларды эң жогорку деңгээлде өткөрүп туруу. Жеңүүчүлөрдү чет өлкөлөргө максаттык саякаттарга жөнөтүү.

25. Уят-сыйытсыздык, зөөкүрдүк, ташбоордук, согушчулук сыяктуу жийиркеничтүү коркунучтарды көрсөтүүчү телеберүүлөргө катуу тыюу салуу. Башка телеканалдар аркылуу көрсөтүү мезгилинде өчүрүп коюунун техникалык ыкмасын камсыз кылуу.

26. Жогорку жана орто окуу жайларына экзамен тапшырууда жана семестр учурундагы пара алып баа коюу сыяктуу кылмыштуу көрүнүштөргө каршы элдешпес күрөш жарыялоо. Бул максатта азыркы техникалык жетишкендиктин электроникалык каражаттарын кеңири пайдалануу.

27. Республикабыздагы кабардоо каражаттарынын УКЖны жайылтуу боюнча бирдиктүү иш жүргүзө тургандыгы тууралуу өз ара макулдашуусун ишке ашыруу.

28. Чыгармачылык союздардын УКЖ идеясынын тегерегиндеги бирдиктүү максаттык иштеринин принциптерин иштеп чыгуу. Ириде фольклордук, эстрадалык, драмалык, кино-видео чыгармалардын маңызы адамдын бийик нарктуу сапаттарын, улуттук дөөлөттөрүбүздү даназалоого арноону эреже тутууну колго алуу.

29. Негизинен түпкү улуттун өкүлдөрү жашаган аймактарды «Улуттук касиеттин аймагы» деп жарыялоо. Улуттук типтеги жеке жана коомдук курулуштарды курууга киришүү. Ал аймактарда улуттук кийимдерди күнүмдүк турмушта да кийип жүрүүнү, таза тилде сүйлөөнү эрежеге айландыруу.

Улуттук рухтун, тарыхтын, салт-каадалардын, оюндардын майрамдарын, фестивалдарын, «улуттун уюткусу» үй-бүлөлөрдүн конкурстарын (чыгымчылдыкты четке кагуу менен) жыл сайын өткөрүп туруу.

30. Буйрукчул-бюрократиялык коом жагынуучулардын, эки жүздүүлөрдүн, алдамчылардын, сатылмалардын, адилетсиздердин, топуксуздардын катарын тобун даярдап салары маалым, биринчи иретте дал ошондойлорду жогору көздөй көтөрмөлөп келатканын билебиз. Ушунун кесепетинен ак эмгек, калыстык, кыйметчилдик, адамгерчилик, ыймандуулук сыяктуу адамдык уюл сапаттардын түркөй желук сыяктуу адамдык уюл сапаттардын түркөй жетишсиздиги, ак ниет, чындыкты тике айткан абийирдүү адамдар, эгер ушул сапатын бекем кармап жашаймын десе куугунтукталып, майда-барат жумуштарда илээшип жүрүүгө аргасыз болуп келатат. Ошондуктан коомдо калыстыкты жана адилеттүүлүктү камсыз кылган коомдук эреженин жол-жобосун иштеп чыгып мыйзамдык негизде кабыл алуу жана анын так аткарылышын камсыз кылуу максатында иш жүргүзгөн «Улуттук адилеттүүлөр армиясын» түзүү.

31. Ар бир тармакта, мекеме-ишканада, чарбакыштакта, шаарларда, аймактарда «Чынчыл атуулдар» масилетин түзүү. Квартал сайын жер-жерлерде жетекчилер менен аксакалдардын, чынчылдардын учурдагы абалды талкуулаган жыйынын милдеттүү түрдө өткөрүп турууну эрежеге айландыруу. Ал жолугушууда терс баа алган кызматкерди, жетекчини ошол жыйындын токтому менен кызматынан четтетүү.

32. Кыргыз элинин ата мурастык улуттук дөөлөттөрүнүн негизинде «Улуттук асыл нарктын» көрсөткүчтөрүн аныктоо. Ошого ылайык айылдык, шаардык, аймактык, облустук, дубандык, улутка уюткү болуучу адамдардын конкурсун жыл сайын өткөрүү. Ага татыктуу инсандарды иргеп аныктоонун жол-жобосун иштеп чыгуу. Ошонун негизинде кыргыз элинин тектүү адамдарынын катарын өстүрүү.

33. «Улуттук кайра жаралуу борборунун» тикеден-тике жетекчилиги менен иш жүргүзгөн жер – жерлерде «Улуттун уюткусу» коомун түзүү. Талантты улутуна, жашына карабай ар тараптуу сынактан өткөрүү жолу менен аныктап коомго мүчөлөрдү кабыл алуу. Алдыдагы иш-чаралардын негизинде улуттун элиталык (ак сөөктүк) тобун калыптандырууга киришүү.

34. Кызматка дайындоо маселесин жаңы жолго коюу. Кызматты суранып алуу, ортомчу менен алуу, парага сатып алуу, соодалашып алуу, уюшуп күрөшүү аркылуу бөлүшүү сыяктуу мажес көрүнүштөргө каршы чечкиндүү чабуулга чыгуу. Бул үчүн конкурстук, компьютордук, психо-физиологиялык, рейтингдик сыноолордун чет элдик мыкты эреже шартын пайдаланууга өтүү. Республикада интеллектуалдык жана патриоттук маалыматтарды жыйноочу социологиялык топту түзүү.

35. «Кыргызстандын келечеги маалымат банкын» түзүп (республикабыз буга толук жетишүүгө болот), өсүү потенциалы бар ар бир кадрдын билимдик, ишкердик, туруктуулук, патриоттук, ак ниеттүүлүк багытындагы интеллектуалдык дараметин чагылдырган маалыматтарды топтоону жолго коюу. Бийликке умтулуу мотивациясын (түпкү максатын) илимий негизде алдын-ала аныктап, кызматка жайгаштырууда аны такай эске алууну эрежеге айландыруу.

36. Жетекчи кызматка дайындалуучуларды «Улуттук Кайра Жаралуунун» философиялык-этикалык түшүнүктөрү боюнча сынактан өткөрүү. УКЖ программасын турмушка ашыруу багытында чечкиндүү аракеттенүүгө карата милдеттендирген ке-

лишим түзүлгөндөн кийин гана жоопту кызмат орунду ээлөөгө жол берүү жана жыл сайын бул боюнча отчетун угуу.

37. Улуттук Кайра Жаралуунун күрдөөлдүү ишке ашуусу улуттар аралык ынтымакка түздөн-түз байланыштуу экендигин, айрыкча тектеш улуттар үчүн бул бирдиктүү проблема экендигин так аныктаган идеологиялык программаны иштеп чыгуу жана бул багытта конкреттүү түшүндүрүү иштерин ырааттуу жүргүзүп туруу.

38. Кыргыз улутундагы жааттык жикке бөлүнүүчүлүктү жоюу маселесине арналган «тегерек столдорду» илимий-практикалык пикир алмашууларды, конференцияларды өткөрүп туруу, тыянак чыгаруу, чечим кабыл алуу.

39. Улуттук стратегиялык мааниге ээ байлыктардын эсеп-кысабын алуу. Чет элдиктер менен биргелешип түзүлгөн ишканаларды ачуудан мурда анын улуттук нукуралыкка карата оң-терс таасирин баалаган экспертизадан өткөрүү.

40. Айылдарда, райондордо, шаарларда, облустарда бийликтин тең салмактуулугун калыбына келтирүү. Жергиликтүү Кенештин, кесиптик кошундардын акимчиликтин «чөнтөгүнө» түшүп калган абалдан чыгаруу үчүн, жергиликтүү демократиялык баалуулуктар үчүн эң чечкиндүү чараларды көрүү.

## САПАТ ҮЧҮН КҮРӨШ

41. Окумуштуулардын күчү менен республиканын калкынын психо-социалдык абалын, ан-сезимдик потенциалын, билимдик жана кесиптик курпасын, ден соолуктук дараметин кенен масштабда терең изилдеп чыгуу. Жаратылыштын, экологиянын жалпы абалын аныктап, ошого карата конкреттүү тыянактарды чыгаруу, чара көрүү.

42. Ичимдикке, арийне алкоголдук, тамеки, насыбай, нашакордук сыяктуу улуттун бүгүнкү жана эртеңкисине балта чапкан пас пейилдерден арылуу максатында кеңири масштабдуу иш жүргүзүү. Ичимдиктин, тамекинин, насыбайдын, нашаанын зыяндуулугун бардык ыңгайы келген учурларда элге кенири түшүндүрүү, аларды таштоонун ыкмаларын үйрөтүү, атайын китепчелерди, плакаттарды чыгаруу, теле-радиоберүүлөрдү уюштуруу.

Бул максатты ишке ашырууда мусулман дининин бардык куттуу жол-жоболорун кызматка коюу. Айрыкча, жаамы кыргызга жиндей жабышып алган бири-бирине акыйлаша кыстап ичимдик ичирүү сыяктуу ыпылас пейилди «улутка чыккынчылык» катары баалап, каргыш жарыялоо.

43. Салакалуу жана чыгымчыл, алабарман дарданпоздукту даңазалап келаткан «улуттук» аталган салт-каадалардын тизмесин тактоо. Атайын мыйзамдын негизинде улуттук салт-кааданын азыркы замандын талабына ылайык келгендей үнөмчүл эреже шартын иштеп чыгуу. Бул эрежелерди бузганды улутка салакасын тийгизүүчү айыпкер катары тартипке чакырууну уюштуруу. Иштелип чыккан жаңы салттык эрежени өз чегинде сакталышын катуу көзөмөлгө алууну административдик мекемелерге тапшыруу.

44. Ар бир райондо, шаарда, облуста «улуттук сапатты коргоо» боюнча коомдук башталыштагы уюмдарды түзүү. Анын саламаттыкты сактоо, ден соолукту чыңдоо, жаратылышты коргоо, укук коргоо, үнөмчүл жашоону үйрөтүү, саясат таануу, демократияны окуп үйрөтүү – философиялык-ойчулдук сыяктуу бөлүмдөрүн ачып, коомдун ишин, жалпыга милдеттүү негизде бекем жолго коюу. Ден соолуктун начарлоо себебин, көндүм оорулардын көбөйүү жагдайын изилдөө, алардан арылуу чарасын көрүү, сапатсыз тамак-аштын элге таралышына жол бербөө. Ден соолугу чың балалуу болууга жөндөмсүз үй-бүлөлөрдү аныктап, алар менен иш жүргүзүү коомдун милдети болууга тийиш. Жылына эки ирет уюмдун ишин жыйынтыктап, отчетун угуп туруу.

45. УКЖ мекемелер аркылуу ар бир айыл-кыштакта жана шаардык мектептерде жалпы калктын турмуш-тиричилик, тукум куучулук-генетикалык

түшүнүгүн кеңейтүү максатында «Турмуш сабагын»
өтүүнү уюштуруу, ага милдеттүү түрдө катышууну
камсыз кылуу.

46. Ириде айыл жеринде азыркы тапта улуттук
трагедияга айланып бараткан бруцеллез, туберку-
лез, анемия, муун, ашказан, тиш ооруларына кар-
шы күрөшүүдө натыйжалуу иш жүргүзө албаган
жергиликтүү жетекчилерди, «Улуттук Кайра Жа-
ралууну» турмушка ашырууга жөндөмсүз абалда
калган мажирөө инсан катары жалпы элдик же-
киргүгө буйруп туруу.

47.Айыл калкынын турмушундагы антисанитар-
дык абалга өзгөчө көңүл бөлүү айылдыктар такай
суу алып ичкен булактардын, суулардын таза сак-
талышы үчүн катуу күрөш жарыялоо.

Суу түтүктөрүн курууну ишенимдүү колго алуу.
«Эки күн иштеп» эртеси бузулуп калчу суу түтүктө-
рүн курган мекеме-ишканалардын жетекчи курамын
жоопкерчиликке тартуу.

48.Кош бойлуу энелердин ден соолугун коргоо-
ну «ыйык маселе» деп жарыялоо. Айыл жергесин-
де кош бойлуу энелердин ташбиштүү турмуштагы
күнүмдүк жашоо режимин мыйзамдык негизде анык-
тоо. Кош бойлуу энелердин ичкен тамак-ашынын
асылдуулугуна чоң маани берүүнү «Улуттук сапат-
ты коргоо уюму» аркылуу көзөмөлгө алуу.

49.Мамлекеттик маанидеги «Акыл жана кубат»
уюмун түзүү менен жер-жерлерде каратэ, у-шу, кунг-
фу ж.б. чыгыш спортунун мыкты үлгүлөрү боюнча
жашына жана жынысына карабай аскердик талап-
тагы милдеттүүлүктү кийирүү менен машыгуулар-
ды баштоо. Бир эле учурда чыгыш спортунун фи-
лософиялык-этикалык маанисин окутуу.

Жалпы эле адамдын ички психо-физиологиялык
мүмкүнчүлүктөрүн, ички резервин кенен ачууга ка-
рата ыраатту иш жүргүзүү.

50. Азыркы кылым адамдык нарктуу сапаттар-
га катуу талап коёрун эске алып үй-бүлөнү план-
даштыруу маселесине өтө дыкат көңүл бөлүү. Ал-
дын-ала тыкан караштыруу менен гана үй-бүлө тү-



зүүгө жол берүү. Балалуу болууга карата алдын-ала
даярдыктарды көрүүнүн методикасын иштеп чыгып,
ал эрежени окуп-үйрөнүүнү жана бекем сактай
билүүнү бардык жаш жубайларга сунуш этүү. Үй-
бүлөнүн ден соолугу чың балалуу болууга курпаты
бар экендигин тастыктаган «Уруксат күбөлүктү»
тапшырууну практикалоо.

51. Ар кандай караталаш «гумандуулукту»,
майнапсыз этиатчылдыкты, убайы жок уялчаактык-
ты, «адам укугу» деген улуттун өсүү дараметине
шайкеш келбеген сезмөрдүктү токтотуп, улуттун
илимий-селекциялык жол менен мыктыланышына
олуттуу түрдө киришүү. Тукум куучулуктун он жана
терс жактарын калк арасында түшүндүрүүнү чеч-
киндүү колго алуу. Калктын ден соолуктук – стан-
дарттык көрсөткүчүн кабыл алуу, анын өзгөрүшүн
чагылдырган отчеттук-эсеп ишин жолго коюу.

52. Экология маанисине, жалпы жаратылыш-
тын абалын мыктылоого эң олуттуу көңүл бөлүү
менен ар бир үйдүн, көчөнүн, айылдын, шаарлар-
дын, арык-көлмөнүн, талаанын пакизалык тазалы-
гына жетишүү. Бул иште кадыресе натыйжа болсун
үчүн бир гана парламентке баш ийген «Экология
сакчысы» инспекциясын түзүү.

53. Өндүрүштүк-экономикалык маселелерди тал-
доо бул программанын максаты эмес, бирок жалпы
элдик жагымдуу маанай үчүн эки маселе өзгөчө маа-
ниге ээ экендигин белгилей кеткенибиз абзел, бул
мыкты байланыш жана сапаттуу жол. Ушул эки
көрсөткүч ар бир аймактын дараметтик негизги эн
белгиси катары бааланыш керек.

54. «Улуттук Кайра Жаралуу программасынын»
турмушка ашырылышынын абалы боюнча жерги-
ликтүү бийлик өкүлдөрүнүн, Өкмөттүн отчетун жыл
сайын угуп, жалпы элдик талкуудан өткөрүп ка-
бардоо каражаттарында жарыялап туруу. Тыянак
чыгаруу, жаны чечимдерди кабыл алуу.

55. «Улуттук Кайра Жаралуу Программасы»
мамлекетибиздин өнүгүүсүнүн азыркы этабында би-
ротоло демократияны же болбосо тоталитаризмди

жактабайт. Түзүлгөн кырдаалга карата реалдуу көз караштa болуп, улуттук кызыкчылыктын негизинде чыгармачылык менен чечкиндүү аракеттенүүнү сунуш кылат.

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН «УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУСУ» БОЮНЧА АР БИРИБИЗГЕ ТАГЫЛУУЧУ МИЛДЕТТЕР

Ата-бабаларыбыз миндеген жылдар бою каныжанын аябай, каарман эрк менен, жоокердик эрдик менен сактап-коргоп келген Ата Мекенибизди, байытып жана өнүктүрүп келген тилибизди, дилибизди, нарк-насил, ыйман-парзыбызды, каада-салтыбызды жылжый жылып, чырмоoктой чырмап бараткан жексур, ыймансыз жосундун, тойбос-топуксуздуктун убактылуу «жыргалына» курмандыкка садака чабууга жол берүүнүн өзү адамзат алдындагы кечирилгис күнөө болор эле.

Өткөн тарыхыбыздын жана түбөлүктүүлүктүн алдындагы жекече жоопкерчилигибизди так түшүнүп, көз көрүнө колдон суурулуп бараткан улуттук улуу касиеттерибизди илгеркидей уюл бүтүндүктөгү чыйрак абалына келтирүү ар бир өзүн кыргыз деп тааныган инсандын колунда, көңүл кушунда, айкын аракетинде, абийир-намысчылдыгында.

Азыр биз үчүн, ар бир кыргыз үчүн албетте ыктуу кенеш, акыл кеп, таамай насаат абдан эле керек. А бирок колубузду көкүрөккө коюп чындыкка келсек, ошол ата-бабадан мурасталган рух байлыгын өз жашоо жөрөлгөсү менен, тутунган турмушу менен, таң заардан кечке чейинки жүрүш-туруму менен, үй-бүлөсүндөгү, улуттук нуктагы тарбиялык таасири менен өзүн таасын тастыктай билген «Даана КЫРГЫЗ» өтө керек болуп турат.

Биз, эл, калайык-калк, жумурай-журт деген сөздөрдү канчалык ыйбаа-ызаттоо менен айтпайлы, улуттук наркыбыз ар бир инсандын, атуул-айымдарыбыздын көкүрөк-дээриндеги улуттук дымагы, мекенчил пейилине жараша жалпы көрүнүшкө, уюл бүтүндүккө ээ болот эмеспи.



Ал эми өзүн кыргыз атаганы менен кыргыздык касиеттер сөөгүнө сиңбеген, улуттук курпаты суйдандап кеткен жамаачы тилдүү «мүлтүлдөктөр» улут наркын уратуучулар экендигин ачык эле айтсак.

Кыргыз элинин улуттук жүзүн күнүмдүк жашоосунда таасын туюндура билүүчү, күжүрмөн топтун сан-салмагы кыргыздын ким-кимдигин аныктайт.

Дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөргө сергек назар салып, баарын кылдат баамдап, түзүлгөн кырдаалга карата тактикалык таамай аракеттер менен өзүнүн улуттук позициясын бекем сактай билген «даана кыргыздар» – түпкүлүгү улуттун келечегин, улуулугун даңазалоочулар болуп эсептелишет.

Дал ушулар улуттун тирек-таянычы, ийгиликкубанычы, учугубузду улап, «уюткубузду өндүрүп» кетүүчүлөр болушат.

Мындай «улуттук каймактын» арабызда күн санап өнүп-өсүүсү үчүн, ар бирибиз «өзүбүздү өзүбүз тарбиялоо усулдарын» мыктылап өздөштүрүүбүз абзел.

«Тарбиячы биринчи кезекте өзүнүн инсандык турпаты менен тарбиялайт, андан кийин гана алган билими, таалими, окутуучулук өнөрү менен тарбиялайт», – дейт эмеспи эл ичинде.

Анын сыңарындай, үй-бүлөдө болобу, жумуштабы, коомдук жайдабы, же дагы бир башка жагдайдабы, кайда болбосун ар бирибиз Улуттук Улуу Сапаттарды күнүмдүк турмушубузда тастыктай билүүгө милдеттүү экендигибизди унутпашыбыз керек.

Ошондуктан, ата мурастык тарыхый байманаларыбыздын убакыт өткөн сайын көз көрүнөө упурап баратышына бушайман болуп:

– пакиза мүнөзгө караганда ыймансыздык, адилетсиздик, ыйбаасыздык, ташбоордук, топуксуздук, арампөш-жемкордук пейилдердин үстөмдүк кылып баратышына кабатырланып:

– улуттун эн белгиси эне тилдин басмырланып, жамаачыланып, жанчылып, жээрүүгө кептелип жатканына жан ачышып:

– улуттун майдаланып, чачырап, жаатчыл, макулчул, кулдукчул болууга ыктап кеткенине кейип;

– ар бирибиздин, ушул тендешсиз керемет, жарык дүйнөгө жаралуубуздун негизи жана булагы УЛУТ экендигин, ошондуктан кыргыз наамын алып жүргөн ар бир инсан Улуттук дөөлөттөрүбүздүн бийик наркы үчүн күрөшүүгө милдеткер экендигин баса белгилеп;

– учурдун ашкере татаалдыгына жана катаалдыгына такаат кыла албай улуттун упурап баратышынан улам «Улуттук Кайра Жаралуунун» өткүр зарылдыгы, «Өмүр бою үзгүлтүксүз окуп-үйрөнүү жана өзүн -өзү талыкпай такшалтуу» деген ураандын алдында ар бир жараңды ким экендигине, кандай жашта экендигине, кайсы социалдык катмарга таандык экендигине карабай, актануу жана арамзалануу укугунан ажыратуу менен, мына буларды тың өздөштүрүүгө милдеттендирет:

**Улуттук асыл-наркка каныгуу:** эне тилди дайыма таза, ширелүү, жатык, кырааты менен сүйлөө, сабаттуу жазууну өздөштүрүү, накыл кептердин, макал-лакаптардын негизиндеги чечендик. Кыргыз тарыхы, нарк-насили, салт-каадасы, улуттук майрамдар, улуттук оюндар, улуттук кийим, көчмөндүк адабият, маданият, искусство, эстетика, этика, философия.

Улуттук мүнөз, улуттук акыл-эс, аң-сезим менен жашоо.

**Улуттук кудуретти коргоо.** Тамактануунун алдынкы талаптарын өздөштүрүү. Ден соолукту коргоо, чыңоо маселеси, өздүк гигиена. Жашоону пландаштыруу, үй-бүлөлүк экономика. Үй-бүлөдө Улуттук баалуулуктарга, маданиятка тарбиялоону туруктуу колго алуу.

Арак, тамеки, насыбай, баңгизаттан коргонуу, башкаларды да коргой билүү.

**Заманбап аң-сезимди калыптандыруу боюнча:** дүйнөлүк маданият илимий-техникалык прогресс



XXI кылымдын өзгөчөлүгү. Экологиялык, экономикалык, саясий жагдай, партиялардын, коомдук уюмдардын ишмердиги, жакшыртуунун жолдору. Адилеттүү коом. Демократия жана укук. Рынок экономикасынын эрежелери жана философиясы. Маалыматтык коом. Күнүмдүк жаңылыктар.

**Улуттук кубатты жогорулатууга салым.** Эркти чыңоо, психикалык туруктуулук. Ал үчүн Чыгыш спорту (у-шу, кунг-фу, медитация ж. б.) менен машыгуу жана руханий-философиясын окуу, өздүк башкаруучулук. Адамдын ички потенциалын арттыруу боюнча (эмгекчилдик, эс тутум, ой жүгүртүү, алака-катнаш, пайдалуу адамдар, инсандык дипломатия ж. б.) дүйнөлүк эң алдыңкы жетишкендиктерден кабардар болуу, ырааттуу өздөштүрүү.

**Улуттук жигердеги алака-катнаш.** Улуттук духка өз ара сугарылуу вазипасы. Ишенимдүү инсандар түшүнүшкөн пикирлештер менен өз ара туруктуу мамиледе болуу, учурунда кабар алуу, катташуу, мээримдүүлүк, кайрымдуулук. Билгенди үйрөтүү, билбегенди сурап үйрөнүү. Ар кандай коомдук талкууларга, иш-чараларга активдүү катышуу, улуттук кызыкчылыкты коргоо. Улуттук нукуралык боюнча өздүк жана өз ара көзөмөл.

## ДААНА КЫРГЫЗГА ТААНДЫК САПАТТАР

1. Ден соолукту чыңоого жана коргоого жөндөмдүүлүктү арттыруу.

2. Эмне жумуш менен алектенбе (кызыгуу иретинде болсо да) терең түшүнүккө, жогорку кесипкөй чеберчиликке, сапаттуу натыйжага туруктуу умтулуу.

3. Маанилүү адамдар менен ишенимдүү алака-катнашта болуу шыгы: маектешүү жана пикир алмашуудагы чеберчилик, зиректик, акылдуулук.

4. Ар кандай иште, турмушта дайыма чыгармачыл, ойлоп тапкычтыкты даназалоо. Жашоого жана иштөөгө ыңгайлуу шартты түзө билүү.

5. Өжөрдүк, эрктүүлүк, тез кыймыл, зарыл учурда чабуулдук аракет.

6. Өзүнө сын көз менен карап, маанилүү тыянактарды чыгаруу. Өзүнө өзү отчет берүү, улуттук нукуралыгына баа берүү.

7. Тарбиялануучуга жөндөмдүүлүктү жогорку деңгээлде кармоо. Өрнөктүү адамдардын жашоо ыкмасын баалоо, кенеш алуу.

8. Маалыматтарды табуу, топтоо, иргөө жана таамай, чапчаң пайдалануу боюнча чеберчиликти арттыруу. Өздүк китепкана, маалымат базасы.

9. Турмуштук активдүүлүк аркылуу ички энергияга каныгуу. Ишмердик. Режим. Медитация (Сүкүт).

10. Терең, тунук ой жүгүртүүгө көнүгүү, алдын-ала көрө билүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу (ички купуя сезимдин курчтугу жана тактыгы). Бул багытта такай машыгуу, практикалоо.

11. Бардыгын алдын-ала тыкан эсептөө, график түзүү, пландаштыруу. Күндөлүк жүргүзүү, тыянак жазуу, архив топтоо.

## АДАМДЫК МҮНӨЗДҮН ЧЕЧҮҮЧҮ КАСИЕТИ

### 1

Сиздин кандай адам экендигиниз ой жүгүртүүнүздүн орундуулугунан, ишенимдериңиздин айкынайкындыгынан, турмушка болгон көзкарашыңыздын так, дааналыгынан, маанилүүлүгүнөн билинет.

Сиз кандай адамдар менен алакадасыз, эртеңки күнгө эмнени пландаштыруудасыз, келечектик максаттарыңыз кандай, берген убадага тура аласызбы – мына ушулар сиздин инсандык чарк-чамаңызды, дараметиңизди тастыктайт.

Сөзүңүз менен, максатыңыз менен аракетиңиздин бирдей чыгуу даражасы Сиздин, адам катары



канчалык акылдуулугуңузду, бышып жетилгендигиңизди көрсөтүп турат.

### 2

Ийгиликтүү жашоочу адам кыялданат, ойлонот, эсептейт, так максатты аныктайт жана чечим кабыл алат.

Ал эми бир ойго токтой албай көп сүйлөп, олкусолку болуп, ана баштаймын, мына киришем менен убакытка утула берген адамдан жарытарлык натыйжа чыкпасы бештен белгилүү эмеспи.

Экөөнүн айырмасы – сөз менен иште.

### 3

Чечим кабыл алган адамда артка чегинүүгө жол болбойт, анткени ал максатына кантип жетерин эмнеге ээ болорун айкын элестетип турат, ошондуктан максатты көздөй тайманбай чабуулга өтөт.

## УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУДАГЫ КЫРГЫЗДАР

Ата Мекенди көрктөндүрүүгө умтулган жалпы улуттук күжүрмөн маанай-улуттук экзотика: таза ниет, таза тил, асыл нарктуу рухий дүйнө, салабаттуу салт-каада, инсандык жигердүү алака-катнаш, нукура искусствонун үлгүсүндөгү кол өнөрчүлүк, заманбап информатика, техника, технология, эргиген эмгекчилдик, мыкты кесипкөйлүк, илбериңки ишкердик, бийик бизнесмендик, эл аралык сапаттагы өндүргөн продукция, кызмат көрсөтүү. Демократиянын мүмкүнчүлүгүн даназалаган ан-сезимдүүлүк, адилеттүү коомдук түзүлүш, ырыс-кешиктүү ынтымак.

Анан албетте, Улуттук өзгөчөлүктүн ажарын ачкан кебелбес улуттук эркке эгедер атуулдардын ашкере басымдуу көпчүлүктү түзүшү.

## УЛУТТУК КАЙРА ЖАРАЛУУ КЫРДААЛЫ

***Бул –кыргыз элинин ата мурастык нарктуу дөөлөттөрүнүн, тажаал замандын карөзгөй капсалаңдарына каршы турууга тирек-таяныч болуусу менен илимий-техникалык, информатикалык, экономикалык, экологиялык өнүгүүгө гармоникалуу жуурулушуусу.***





## СОҢКУ СӨЗ

Ушу тырмышып-тытмалоо менен бүгүндөн аран кутулуп эртеңге эптей-септей оодуруп аткан көр тириликтин запкысынан жан ачышып, заманды, келечекти талдап, азыркы абалыбызды чактап, алыс-жакынды аңдаштырып, өжөр жана өктөмдүктө өз жолун тың тастыктап алгалай бараткан элдердин жашоосун билип, жасаган буюмун көрүп, бир жагынан суктанып, экинчи жагынан ичкүйдүлүк пайда болуп, арданып-намыстанып дегендей кандайдыр бир алгылыктуу, асыл-нарктуу ойлор, идеялар, пландар, мүдөө-максаттар жарала калат, ал эмес олуттуу жагдайдан жарыяланууга да жетишилет. Ошого байланыштуу кептер айтылат, докладдар окулат, макалалар жазылат, сунуштар киргизилет, программалар жарыяланат. Бирок атаганат анын баары улам үстөккө-босток кошулуп байып жана бардамалай бербей, өз-өзүнчө, ар башка, бытыранды түрдө жүрүп олтуруп убакыт өткөн сайын алгачкы таасиринен жана манызынан ажырап, көңүлдү козгобогон кепке айланып барып унутулат.

Дымытуу демилгелердин, омоктуу ойлордун башын бириктирип, кунттуу талдоодон өткөрүп, асылдуу пикирлерди «саман-топонунан» ажыратып, салмактуу бүтүндүктөгү жалпыга түшүнүктүү, жасалгалуу китептерди чыгаруу аркылуу түбөлүктүү байлыкты түзүү менен ток этер тыянактарды турмуш практикасына айландырууга жөн билгилигибиз, батылдыгыбыз жетише бербей – алсыздыгыбыздын (мүмкүн арсыздыгыбыздын) айынан, а бул зарыл деле эмес тура дегендей таризде өзүбүзгө өзүбүз жарашыксыз кыр көрсөтөбүз да ошону менен тынчтанабыз.

Анан, күндөрдүн бир күнүндө байкап көрсөн, кечээ эле совет доорунда, кийинки алгачкы эгемендүү шыктануулардын деми менен эгедер болгон позициялардын биринен сала экинчиси «сезилбей» күүдүрөп атыр, кулап атыр, албетте, баягы канга сиңген көндүм көп сөздүүлүктүн, билермандыктын, насаатчылдыктын куру дүңгүрөгү астында дечи..!

Милдеттүү түрдө аткарган ишин айлык үчүн, маяна үчүн, кара жанын багыш үчүн жасаган жумушун, номенклатуралык орунду далай жылдап ээлеп келгенин, эл үчүн кылган АТАЙЫН кызмат катары ашкере көтөрмөлөп, «көңүлдөштөрүнө» заказ менен көкөлөтө мактатып – ошентип сыйлык сурап, сыймык өндүрүп жүргөнүбүзгө маашырлана көндүк окшойт.

Албетте, жакшы иштөө зарыл. Айрыкча натыйжалуу, сапаттуу иштөөгө не жетсин. А эгер чымыркана туруп чындыкты тике айтсак, бул жагынан деле жыргатып жиберген жагыбыз чамалуудай.

Бирок бүгүнкү күндө, бүгүнкү кырдаалда, азыркы түркөйлүү тарыхый кептелиште бир эле кызматтык, жумуштук, коомдук, наамдык, чиндик милдеттин өтөсүнө чыгуу бир топ жетишсиз болуп турат.

Ар бирибиз – кимибиз болбойлу жумуштан сырткары, кызматтан жогору, андан бийик турган, ошо жашоодогу күнүмдүк тиричилик үчүн милдетибизге жоодурата көрк берген, эл үчүн, журт үчүн, мекен үчүн, улут үчүн, келечек урпактар үчүн атайын арналган дагы бир АСЫЛ СААМАЛЫК – абалды жөндөөчү таасирдеги ыймандык жана ата мурастык куттуу салымыбызды кошууга милдеттүүбүз.

Ушуга жарай алсак, ушунун өтөөсүнөн чыга алсак, анда кыргыз элинин келечеги кең.

А эгерде азыркыдай, дагы эле майдалана берсек, өзүмчүлдүккө «өпкөлөй» берсек, тез жадама болсок, аракеттенимиш болууга машташсак анда «өлбө жаным өлбө» жана «бар бол кыргыз» биздин сүйрөлүп кете берме арамза абал болоруна бөркүндөй ишене бер.

*Чоң-Алай, Дароот-Коргон айылы,*
*1993-жыл, август.*



# ТОК ЭТЕР ТЫЯНАК

Жыйырма биринчи кылым буга чейинки мин жылдыктардан өзүнүн ашкере татаалдыгы, катаалдыгы, эсепчилдиги, куулук-шумдугу менен кескин айырмаланган доордун башталышы.

Бул кылымдын жарк-журк эткен жасалма кооз жарыгы көздү уялтса, дүүлүктүрмө сөлөкөттүү кара көлөкөсү жүрөктүн үшүн алып туру.

Илимий-техникалык, роботтук-информатикалык, маркетингдик жана менеджменттик жетишкендиктери менен инсандын талант-шыгын, жандүйнө мүмкүнчүлүгүн чегине жеткире сыгып алган бул кылымда өлкөлөр да, улуттар да, адамдар да ден-соолугуна, акыл-эсине, билим-түшүнүгүнө, эмгекчилдигине жана эркине жараша катуу иргелип, кудум эле кум-топондон алтын айырмаланып чыккандай көрүнүшкө ээ болууда.

Бир жагынан өз тушоосун өзү кесип, жоктон бардыжараткан чыгаан адамдарга суроо талап күчөп жатса, экинчи жактан миллиарддаган жардамдарды берсе да өдөмсүздүктөн, кеселден башы чыкпаган өлкөлөрдүн азабы да адамзат үчүн оңойго тургудай эмес?!

Мына ушул кырчылдаша кыл чайнашкан доордун магдыратма капсаландарынан «камырдан кыл суургандай» чыгып кетүү, «Улуттук Кайра Жаралууну» ишке ашырууга жарамдуулугубузга жараша үзүр берери айдан ачык.

Кептин баары өзүбүздө, азырынча ар бирибиздин колубузда, жамааттык даанышмандыгыбызда, улуттук уюл бүтүндүктөгү айкын аракетибизде?!

*Ош, 15-март, 2007-жыл.*

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ БАЯН

Акын, публицист, жазуучу Муса Сапаев 1945-жылдын 15-августунда бийик тоолуу алыскы Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылында төрөлгөн. Адабий жана маданий чөйрөдөн кыйла обочодо жашаса да тубаса шыктын туйлаткан деми менен мектеп жашынан эле дубал гезиттин редактору болгон, ырларды, чакан аңгеме, очерктерди жазган. Мектепти бүткөн жылы Фрунзедеги (азыркы Бишкек) Политехникалык институтка өтүп, институттун «Политехник» гезити менен кызматташат.

Эмгек жолун Фрунзе шаарындагы № 1 автобазада автослесарь болуп иштөөдөн баштаган. Андан соң Алай райондук автобазада башкы механик, Гүлчөдөгү КТОЖ до директордун орунбасары, Кашка-Суу айылында жайгашкан Алай МЖСинде башкы инженер, Дароот-Коргондо ДЭУ-16нын начальниги, «Дастан» фермердик кооперативинин башчысы. Чой-Алай райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

Өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынын башынан райондук, облустук, республикалык гезит-журналдарда, адабий альманахтарда публицистикалык макалалары, ырлары байма-бай жарык көрө баштайт.

1987-жылы «Ленинчил жаш» гезитинде жарык көргөн «Бурганактуу ойлор» аттуу макаласы жылдын мыкты публицистикасы деген баага арзыган.

«Кыргызстан–Сорос» фонду тарабынан 1997-жылы уюштурулган «Кыргызстанды өзгөртүүгө болбойт деп ким айтты?» аттуу журналистикалык конкурска катышып, биринчи сыйлыкты жеңип алат.



Андан соң 1999-жылы Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата «Ош шамы» гезити уюштурган конкурста башкы байгенин ээси болот.

Муса Сапаев поэзия майданында да аз, бирок саз иштеген авторлордон. «Айлуу түн » ырлар жыйнагы, «Адамзар» поэмасы буга далил.«Туулган жердин топурагы – алтын» демекчи, М. Сапаев киндик каны тамган катаал шарттуу Алай өрөөнүнүн азыркысы жана келечек тагдыры тууралуу жан күйгүзгөн чыныгы патриот инсан.

Жазуучунун көп жылдардан бери чогулткан материалдарынан, кытыр иликтөөлөрүнөн жана сан түйшөлгөн санаркоолорунан жаралган, 2005-жылы жарык көргөн «Чоң-Алай тарыхы, азыркы абалы жана келечеги» аттуу публицистикалык чыгармасы Мекенге болгон атуулдук парызын өтөөнүн жаркын мисалы.

Албетте, Мусанын жалпы эле бийик тоолуу аймактардын тагдырына, улуттун уюткусу жана куту сакталып турган тоолуу айылдардын өнүгүшүнө карата заманбап идеялары жана ой-аракеттери али алдыда.

Чыгармачылыгын өркүндөтүү максатында 1995-жылы Дароот-Коргондон Ош шаарына көчүп келген.

**Жарык көргөн чыгармалары:**

Оболу, чыгармалары жаштардын «Учкун», «Көктөм», «Перевал» аталыштагы коллективдүү жыйнактарда жарык көрөт.

Алгачкы китеби, учурдун көйгөйлөрүн терең иликтеген публицистикалык ой толгоосу 1990-жылы Бишкек шаарынан «Ыйман оту» деген ат менен басмадан чыккан. Андан соң 1995-жылы Бишкек шаарынан «Улуттук Кайра Жаралуу идеясы» аттуу публицистикалык-философиялык китеби, 1996-жылы «Улуттук Кайра Жаралуунун Программасы» чыгармасы, ошол эле жылы Ош шаарынан «Айлуу түн» ырлар жыйнагы жарык көрдү. Ал эми 1998-

жылы Бишкектен эки китеби, «Алай тарыхы» китеби жана «Тоолор жана аялзат тагдыры» публицистикасы басмадан чыккан.

М. Сапаев адабиятка өндүрүштөн келгендиктен азыркы заманбап темага кайрылып, улуттук экономиканын өзөгүн түзгөн ишкердикти өнүктүрүүгө салым кошо алды. Автордун «Өзүнө ишен» китеби кыргыз журтчулугунун тарыхындагы алгачкы бизнес-адабият болуп калды.





## МАЗМУНУ

Улуттук залкар максат ........................................ 5

АДАМЗАР

**Биринчи бөлүк. Бактылуу бол, оомал-төкмөл дүйнөдө**
Бүт ааламдын бермети ........................................ 21
Бактылуулук бакыт үчүн күрөштө ........................................ 22
Бакыт көркү жыргалда ........................................ 24
Жыргал кайда? ........................................ 28
Үй бүлө бакыт тиреги ........................................ 33
Анык бакыт ишенимдүү жашоодо ........................................ 34
Улгаюунун ырахаты өзгөчө ........................................ 35
Бакыт, балким, жашоодобу – обочо ........................................ 37
Келчи, мага жолукчу ........................................ 38
Көңүл өмүр булагы ........................................ 40

**Экинчи бөлүк. Ыймансыздык бакыт жолун талкалоо**
Чак түштөгү согуш – жеңилүү ........................................ 41
Ыйман өксүп буюгууда асыл нарк ........................................ 48
Программалар жарытпаган, азгырган ........................................ 56
Жоопкерсиздик сөз артына жашынган ........................................ 58
Улут баркын упураткан кесепет ........................................ 62
Салт жөнүндө санаркоо ........................................ 64
Ымандай сыр ........................................ 65
Калды бакыт... ........................................ 65

**Үчүнчү бөлүк. Бакыт ачуу азаттыктын ажарын**
Үмүт өмүр чырагы ........................................ 70
Кыраакылар керек ушул заманда ........................................ 71
Эл жөнүндө ........................................ 74
Бакыттарга жол ачкыла сырттандар ........................................ 76
Патриоттор алып чыгат абалдан ........................................ 80
Бийлик, байлык өзгөртөбү адамды? ........................................ 83
Эркиндик жана бакыт ........................................ 84

**Төртүнчү бөлүк. Дал өзүнө кайрыламын замандаш!**
Сүй, өзүңдү ........................................ 86
Туясыңбы ........................................ 87
Эгерде сен... ........................................ 88
Жээридин го улутуңду – уңгуңду! ........................................ 90
Демек, жагдай талап кылат эрдикти ........................................ 91
Интеллигенция – өзүйпанды аткаргын! ........................................ 93
Кыргызчылык жөнүндө ........................................ 95

............................................ 96
Көйгөйлөрдүн көктүгүнө карабай ............................ 97
Эргүү керек улутка ............................................ 98
Кубандырган келечектин бейнеси. ............................ 100
Ырыс-таалай өкүм сүрсүн өлкөдө ............................

**Улуттук кайра жаралууга умтулуу** ............................ 103
Убакыт баарын орду-ордуна коёт ............................ 104
Замандашка кайрылуу ............................................ 108
Улуттук Кайра Жаралуунун программасы ..................... 111
Программалык иш-чаралар ..................................... 118
Сапат үчүн күрөш ...............................................
Кыргыз элинин «Улуттук Кайра Жаралуусу» боюнча ......... 122
ар бирибизге тагылуучу милдеттер ............................ 125
Даана кыргызга таандык сапаттар ............................ 126
Адамдык мүнөздүн чечүүчү касиети ............................ 127
Улуттук Кайра Жаралуудагы кыргыздар: ..................... 129
Сонку сөз ............................................................ 131
Ток этер тыянак .................................................. 132
Автор жөнүндө баян ...............................................

*Көркөм-адабий басылма*

**САПАЕВ МУСА**

**АДАМЗАР**

*(Публицистикалык поэма)*

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Иманкулова*

Терүүгө 25.07.2007-ж. берилди. Басууга 15.09.2007-ж.
кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 70х90 $^{1}/_{32}$.
Мектеп арибы. 10,75 физ. басма табак. 10,75 учеттук басма табак.
Нускасы 500. Заказ № 123. Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Киев көчөсү 77.
Тел.: 66-75-56, 66-75-58